Т 33

Кыргыз медицинасынын жылдыздары

Мундузбек ТЕНТИМИШЕВ

# КЫРГЫЗСТАН БАЛДАРЫНЫН УЛУКМАНЫ – АКАДЕМИК ДҮЙШӨ КУДА[illegible]

70



Кыргыз медицинасынын жылдыздары

Мундузбек ТЕНТИМИШЕВ

# КЫРГЫЗСТАН БАЛДАРЫНЫН УЛУКМАНЫ – АКАДЕМИК ДҮЙШӨ КУДАЯРОВ

«Бийиктик»
Бишкек – 2009

соцпс
0/65:61
Т: 33



УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
Т 33

**Тентимишев Мундузбек.**

Т 33 Кыргызстан балдарынын Улукманы – академик Дүйшө Кудаяров. – Б.: «Бийиктик», 2009. – 152 б.

ISBN 978-9967-13-527-7


Китепте бүт өмүрүн балдар саламаттыгын сактоого арнаган чебер колдуу медик, республикабызда педиатрия тармагы боюнча кыргыздардын ичинен чыккан биринчи илим доктору, талантуу педагог жана көрүнүктүү уюштуруучу, Улуттук энени жана баланы коргоо борборунун ардактуу директору, академик, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын вице-президенти Дүйшө КУДАЯРОВдун окуяларга жана изденүүлөргө бай инсандык, дабагерлик баскан жолу тууралуу журналисттик көз караштан кеңири сөз болот.


Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы
Борбордук илимий китепкана
Центральная научная библиотека
Национальной академии наук Кыргызской Республики
66166



Т 4702300400 –09 УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-13-527-7



© Тентимишев М., 2009.


# I. УЛУТ БАЛДАРЫНЫН САЛАМАТТЫГЫНА КҮЙГӨН КИМ БАР ДЕГЕНДЕ...

***Түпкүлүгүндө адам баласы адам баласынан: акыл, илим, ар, мүнөз деген нерселери менен озот. Андан башка нерселер менен оздум го демектин баары акмакчылык.***

*АБАЙ*

***Билимдүү көп, билген аз,***
***күйүмдүү көп, күйгөн аз.***

*Кыргыз эл макалы*

# КААРМАН ЖӨНҮНДӨ БАШ СӨЗ

*"Улуттун улуулугу анын ар бир өкүлүнөн көрүнүүгө тийиш".*

*Станислав ЛЕЦ, поляк акыны*

## "АЗ КАНДУУЛУК", "ГЛЮКОЗА", "ЭНЕНИ ЖАНА БАЛАНЫ КОРГОО ИНСТИТУТУ"...

Аз кандуулук – анемия десе эле, бала кезден көңүлгө көк таштай болуп сакталган бир окуя эсиме келе берет.

12 –13төрдөгү тестиер кезим. 1960-жылдардын аягы, жаз күнү болучу. Кош бойлуу оорукчан апам экөөбүз таң эртең менен Тоң тараптан машина тосуп, Балыкчы шаарына келдик. Көлгө жакын жайгашкан шаардык оорукананын короосундагы "Женская консультация" деген жазуусу бар айнек далистүү чакан үйгө киргенибизде, ал жерде биз сыяктуу айыл-кыштактан келишкен кыргыз аялдар жана балдар көп болуп чыкты.

Кезекте турабыз. Апамдын: сыртка чыгып ойно, мен анан чыгам деген сөзүнө болбостон, бирде үшкүрүп, бирде муңайып чекесин басып, а бирде ушак-айыңдын сазайын берип отурган кош бойлуу аялдарды таңдануу менен карайм. Кызык, ушунча аял бир күндө көрүнүп, тиги кабыл алып жаткан врачтын тимеле шайын оодарып коёт го? Ар бирин тыңшап, текшерип, дары жазып, кеңеш берип, атүгүл урушуп (!) да чыкканча ортодон канча убакыт өтөт? Ойлоп-ойлоп отуруп, маңыроо-баёо дилиме ушундай суроолор келет.



Бир кезде кезеги жетип, апам ичкери кирди. Көпкө кармалды. Башка аялдардын көрүнгөн мүнөтү аныкынын бир бөлүгүндөй эле болуп туюлду. Тынчым кетип, эмне болду деп санааркай да баштадым.

Апам тээ көптө барып чыкты. Маанайы пас, көчөгө аяр басып чыгып, колуна кармаган бир тутам кагазын аёолуу буюмдай сумкасына ныгырды. Короодо үнсүз басып келаттык.

Бир маалда өзү сөз катты:

– Каның аз, көп төрөп, жүйүр төрөп, алсыз болуп калыпсың деп аябай урушту.

– Ким?

– Ким болмок эле, сен да кызыксың – алиги доктур аял.

– Антип урушууга кандай акысы бар?

– Аныкы бир четинен туура. Мага күйгөнүнөн, жан тартканынан ошентип урушуп ийип жатпайбы. Аны урушчаак дешкени менен, абдан мыкты врач. Согушка катышкан. Согушта бир эмчегине ок тийип, өзүнөн башка врач жок болгондон кийин, тобокел деп өзү операция жасап, ал эмчегин кесип салыптыр. Ошон үчүн ачуулуу, жанына карабагандарга тимеле от болуп күйүп кетет. Ушул аялга ырахмат.

– Дары жазып бердиби?

– Канды толукташ керек деп глюкоза, дагы көп дарыларды жазды. Айткан эрежени так аткар, бат-бат келип тур, болбосо, төрөй албайсың, он беш күндөн соң, бизге Фрунзедеги энени жана баланы коргоо институтунан чоң врачтар келет, ошолорго да көрсөтөм, сөзсүз кел деп эскертти...

Бечара апамды аяп карадым. Аябай аядым. Бу жарык дүйнөдө бала төрөгөн эненин – он ай көтөрүп, омурткасы сыздап кыйналган эненин тагдыры өтө эле оор тагдыр экен го, аны коргогон, сактаган, бирде урушуп, бирде кайрадан жүрөгүн төшөгөн врачтын эмгеги чынында эрдикке барабар асыл иш экен го деген бир сезим көңүлүмдү башка-

рып, ички туюмга терең из түшүрүп, аркы көл толкунундай алыс-алыс жээкке – ыйман түнөткөн чоң, жаңы, кайталангыс уулдук дүйнөгө жетелеп баратты. Ал мүнөттөрдү эч качан унута албасмын.

Ошондо "аз кандуулук", "глюкоза", "энени жана баланы коргоо институту" деген сөздөрдү биринчи жолу апамдан уктум. Чынымды айтсам, алардын ичинен биринчи сөздү дароо эле "жаман" көрүп калдым. Себеби, ал апамды оорутат, шорлотот, чабалдык-алсыздыгына да ошол күнөөлүү – төрөтүн кыйындатат. Ал эми экинчи сөз – "глюкоза" – кош бойлуу апамдын аз кандуулугуна жардам берүүчү табылгыс дары, өмүр дабасы. Көп деле издетпейт, убара да кылбайт – аптекаларда сатылат. Мен аны "жакшы" көрдүм. А өзүм көрө элек Фрунзе калаасындагы "энени жана баланы коргоо институтучу?" Бул сөз мага табышмак да, сыйкырдуу да болуп туюлду. Атынын сонундугун, кулакка угумдуулугун айт: "энени жана баланы коргоо институту!" Аякта кимдер иштейт болду экен? Согушка катышкан – көптү көргөн доктур апамды көрсөтмөкчү болгонуна караганда, анда иштеген врачтар дартты заматта алып салуучу, төтөн аз кандуулук деген ооруну тикен сууругандай жөндөп коюучу бир укмуштуу чебер колдуулар болуп жүрбөсүн? Алда, Кудай ай, ушул "энени жана баланы коргоо институтунун" врачтары келсе, тезирээк келсе экен, аларды апама кошулуп мен да күтөйүн, аларга апама кошулуп мен да ырахматымды айтайын, ылайым эле тезирээк сакайып, башка соо энелердей аман-соо көз жарып алса экен!!! Балалык ой-ниетимди ээлеген ошондогу ушундай тилегиме азыр да ыраазы болом да, азыр да айыпсыз ал күндөрдүн чегине кайра бир кайрылып, реалдуу турмушту – кыялга, а дабагерчилик кесипти – сыйкырга айланткан жоругума астыртан жылмаям…

Мына эми, Балыкчыдагы "Женская консультация" кызматынын жанында муңая ойлонгон күндөрдөн бери 40 жыл убакыт өттү.



Мына эми, ошондогу сезимге биринчи сиңген "энени жана баланы коргоо институтуна" 47 жылдык өмүрүн арнаган көрүнүктүү дабагер-окумуштуу – академик Дүйшө Кудаярович Кудаяров менен бетме-бет отуруп, төгүл-чачыл маек куруп жатам. Атүгүл ал тууралуу китеп жазууга да камынып алгам… Бул өзү, эмне, тагдырбы же дал келүүбү? Билбейм.

## ОШОНДОГУ ЭНЦИКЛОПЕДИЯЛЫК МААЛЫМАТ

Көрсө, 1961-жылы Фрунзе шаарында ачылган Кыргызстан эне жана баланы коргоо илим-изилдөө институту ошол заманда райондук, шаардык жана айылдык дарылоо мекемелерине, төрөт үйлөрүнө, анан алигидей энелерге кеңеш берүү жайларына дарылоо-профилактикалык максаттарды, иш-чараларды иштеп чыгып, илимий-практикалык жактан көп эле жардамдарды берип турган экен. Уюшулган күнүнөн медицина илимдеринин доктору, профессор А.А.Ильин жетектеген бул институтка Дүйшө Кудаярович 1962-жылы аспирант болуп келип, 1965 –1974-жылдары – ага илимий кызматкер, 1974 – 1977-жылдары (ал убакта институт – Кыргызстан акушерлик жана педиатрия илим-изилдөө институту деп аталып калган) гематология бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп, кызмат даражасы андан ары илимий изденүү ишинде жетишкен бийиктиктерине жараша улам жогорулап өсө берет.

Ишине берилген адамды өз жамааты, өз мекемеси же ишканасы аткарган милдет-жоопкерчиликтен ажыратып кароо кыйын. Ал анын өмүр баяндык таржымалынын бир бөлүгү болуп калат.

Совет доoруна кайрылалы. 1977-жылы Дүйшө Кудаярович аталган институттун директорунун илим боюн-

ча орун басары болуп иштеп турган экен. Бул маалыматты биз окурманга бекер жеринен эскертип жаткан жокпуз: анткен себеби, андан бир жылдан кийин – 1978-жылы тарыхта биринчи жолу жазылган Кыргыз совет энциклопедиясынын 3-тому чыгып, анда энелердин жана балдардын ден соолук "штабына" айланган илимий мекеме жөнүндө төмөндөгүдөй чакан баяндама айтылган:

"...Кыргызстан акушерлик жана педиатрия илимизилдөө институту республикада (энциклопедиянын талабына жараша кыскартылып жазылган сөздөрдү биз, ал шарттуулукту алып, толугу менен бердик – М.Т.) эне менен баланын саламаттыгын коргоо боюнча иштердин илимий негизин, бала организминин өзгөчөлүгүн изилдейт, дарылоо-профилактикалык чаралар иштеп чыгат жана уюштурат. 1961-жылы Фрунзе шаарында ачылган. Кыргыз ССР саламаттык сактоо министерствосуна карайт. Илимий жана клиникалык (160 орундуу) бөлүмдөрдөн турат. Институт негизинен аялдардын, энелердин жана жаңыдан төрөлгөн балдардын саламаттыгын сактоонун илимий негиздерин, балдар организминин жаш курагындагы бөтөнчөлүк проблемаларын иштеп чыгууда. Институтта сурьманын төрөткө тийгизген таасирин, пахта ийрүү фабрикаларында иштеген аялдардын гинекологиялык ооруларын, ошондой эле төрөттөн кийинки кан кетүүнүн алдын алуу чаралары, боюнда бар кездеги аз кандуулукту дарылоону уюштуруу, Кыргызстандын айыл-кыштак бала бакчаларын медициналык-санитариялык тейлөө боюнча көргөзмө ж.б. иштелип чыккан. Бийик тоо климаттын боюнда бар энеге, төрөткө, ымыркай балага тийгизген таасири, балдардын саламаттык сактоосун уюштуруу чаралары, итийди, өпкө ооруларын, кызыл жүгүрүктү алдын алуу, жаш өспүрүмдөрдүн физиологиялык көрсөткүчтөрү ж.б. изилденген. Институт саламаттык сактоо ишинде колдонуу үчүн 100дөн ашык сунушту, методикалык пикирлерди иштеп чыккан, алардын ичинен 8 сунуш союзда колдонулуп жатат. 1978-жылга чейин 14 илимий жыйнак, 6 монография чыгарган. Институтта 57 илимий кызматкер (анын экөө илимдин доктору, 35и кандидаты) эмгектенет (1978).



Институттун директору (уюшулгандан тартып) – медицина илимдеринин доктору, профессор Ильин А.А..."

Мындан 31 жыл илгерки энциклопедиялык маалымат ушуну айтат. "Мезгил учат канаты бар немедей..." – деп Аалыкедей алп акыныбыз жазгандай, эки ортодо эмне деген гана окуялар, өзгөрүштөр, жаңылануулар, бирине бири окшобос социалдык доорлор өтпөдү. Ошондогу медицина илимдеринин кандидаты, институттун ага илимий кызматкери Дүйшө агайыбыз азыр бакыйган окумуштуу – медицина илимдеринин доктору, Кыргыз мамлекеттик медицина академиясынын госпиталдык педиатрия кафедрасынын башчысы, профессор, академик, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын вице-президенти.

## МИҢДЕГЕН НАРИСТЕ БАЛДАР ИЧКЕН БИОЛАКТ

Өмүр максаты улам өргө жетелей берет тура. Бул күндө эгемендүү өлкөбүздө балдар саламаттыгына Улукмандай жан үрөп кам көргөн ким бар десе, улуу болобу, кичүү болобу, бир ооздон ушул кишини айтышат. Анын түн уйкусун алып, ой-көңүлүн түйшөлдүргөн маселелер көп, оо, алар аябай эле көп...

Сөз башында аз кандуулук жөнүндө окуяны тегин жерден атап өтпөптүрбүз. Дүйшө Кудаярович кан боюнча кандай адис экендиги анын узак жылдар ырааттуулук менен жүргүзгөн илимий изилдөөлөрүнөн эле айкын болуп чыгат. 1966-жылы жактаган кандидаттык, 1980-

жылы жактаган докторлук диссертацияларынын темалары ал ырастообуздун дал "төбөсүнөн" түшөт. Эки диссертациясынын темасы тең кичинекей балдардын кан ооруларынын өтө көйгөйлүү маселелерине арналган. Кандидаттыгы: "Кыргыз ССРинин бийик тоо шартында мектепке чейинки балдардын канынын жана дене-бой жагынан өсүшүнүн ал-абалы" ("Картина периферической крови и физическое развитие у детей дошкольного возраста в условиях высокогорья Киргизской ССР"), докторлугу: "Кыргыз ССРинин ар түрдүү аймактарында жашаган балдардын кызыл кан жана өтө жетишсиз аз кандуулугунун өзгөчөлүктөрү" ("Особенности красной крови и дефицитных анемий у детей в разных зонах Киргизской ССР") деген темада.

Ал эми кезегинде өздөрү ичишкен "биолакт" аттуу эң жагымдуу сүт азыгы үчүн Кыргызстандын миңдеген жана миңдеген балдары биринчи иретте ушул адамга милдеттүү экенин, балким, билишээр, а балким, билишпес. Мунун да жөн-жайын айта кетели. Ымыркай балдарга кошумча азык зат катары уникалдуу "биолакт" тамагын ойлоп тапканы үчүн бир топ окумуштуулардын арасында ал 1992-жылы Кыргыз Республикасынын илим жана техника тармагындагы Мамлекеттик сыйлыгына татыктуу болгон.

Эненин сүтүнө анчалык тойбой, ага кошумча, доорлор алмашкан оош-кыйыш турмуштун айынан зарыл керектүү азык заттардан өксүгөн наристелерге бул кандай алмаштырылгыс чоң тартуу, ден соолугуна УЛУТТУК МАМЛЕКЕТТИК деңгээлде кам көргөн канчалык эрдик иш болгонун ушу азыр айтып да, жазып да жеткире албаспыз. Өзүнүн аш болумдуулугу, сиңимдүүлүгү, эң негизгиси – табигый витаминдүүлүгү менен айырмаланган биолакт жер-жерлердеги балдар оорукананаларынын кухняларында бекер (!) берилип турбадыбы. Авторлугунан да, иштин ушундай уюштурулушуна демилгечи, күйөрман болуп жүгүргөн Дүйшө



Кудаяровичтин атуулдук, патриоттук жигерине тан бербеске чара жок.

Тилекке каршы, азыр жер-жерлердеги балдар оорукананалары жоюлуп, алар менен кошо сүт кухняларын иштетүү да саламаттык сактоону реформалоонун алабарман жасалган, волюнтаристтик мүнөздөгү "иш-чараларынын" тепсендисинде калды. Кантели, бул өзү – Кыргызстандын педиатрлар ассоциациянын президенти болгон каарманыбыз үчүн гана эмес, келечек муундар тагдырын ойлогон ар бирибиз үчүн да эсеси толбогон чоң өкүнүч, жаңылыштык.

Жашообуздун жарыгы, таалайыбыздын ачкычы саналган балдарга карата ушундай мамиле жасалса, анан кантип кыргызды чырмаган аз кандуулук деген балакет чегинет да, кантип өрүшүбүз өркүндөп, дени соо, турмушу бакыбат алдыңкы дүйнө элдеринин сабына кошула алабыз?!

## ЕВРЕЙЛЕРДЕ КАНТ ДИАБЕТИ "УЛУТТУН ООРУСУ", А БИЗДЕЧИ?

Эгер еврейлер түрдүүлөп тамак ичишип, кант оорусунан азап чегишсе, кыргыздар чай, нанга күчүн чыгарып, аз кандуулуктан бүк түшүп жатышат деп тамаша кылышат айрым бирөөлөр. Бул сөз, кантсе да, чын. Эч нерсе кошумчалай да албайсың, эч нерсе алымчалай да албайсың. Бирок, бүтүн улутту барымтасына кармаган бул өңдүү көрүнүш – XX жана XXI кылымдардын оорусу "Манастай" мухитти жараткан алп журтта дагы канчага созулат? Өзгөчө, балдарда?

2006-жылдын 18-январы орчундуу окуя катталган күн катары журналисттик блокнотумда кызыл сыя менен белгиленип калыптыр. Чынында эле ушул күнү Бишкектин "Достук" мейманканасында аз кандуулукту азайтуу боюнча эл аралык эксперттер, коңшу өлкөлөрдүн окумуштуу-

лары катышкан медиктердин жыйыны өткөн. Ага биз — журналисттер да чакырылганбыз.

Өзүнүн "наны" – аз кандуулук жөнүндө кеп болуп жаткан соң, аталган жыйында академик Дүйшө Кудаярович далил-тыянактарга бай өтө мазмундуу сөз сүйлөгөн. Катышкандардын көптөгөн суроолоруна өзүнө таандык сабырдуулук, чечендик, маданияттуулук менен ынанымдуу жоопторун узаткан. Теле-радионун кабарчыларына да интервьюларын берген.

Эмесе, ошол унутулгус жыйында отуруп, тезис түрүндө блокнотко түшүргөн журналисттик жазууларымдын айрым-айрым "чоктуу" жерлерин окурман назарына тартайын. Бул маалыматтарда көптүн бири, көчтүн арты эмес, а демилге-жигер көрсөткөн элдин башы катары Дүйшө Кудаярович-тин да "авторлугу" бар. Чогуу окуйлу:

"... Аз кандуулук, богок (зоб) сыяктуу дарттар жаңы төрөлгөн баладан тартып, пайгамбар жашынан өткөн карыга чейин кеңири тарап, калк саламаттыгын сактоого олуттуу залалын тийгизип жаткандыгы жалпыга белгилүү. Бул проблеманы ар тараптуу, туура чечүү жаатында, биздин өмүр үчүн күрөшкөн ак халатчандарыбыз менен катар эле, атайын ырааттуу долбоорлор менен иштеген эл аралык уюмдар да бараандуу салымдарын кошуп жатышат.

Чындыгында, бүгүнкү күндө Кыргызстанда жашаган калктын жарымынан көбү же темир жетишсиздигинен келип чыккан оорулардан, же йод жетишсиздигинен келип чыккан кесепеттерден азап чегишет.

Кыргызстандын Саламаттык сактоо министрлигинин маалыматы боюнча, аз кандуулуктан эле жүз миңден ашык адам коркунучтуу өмүр тилкесинде жашап жатышат. Баарынан өкүнүчтүүсү, бул сан жылдан жылга азайбай, көбөйүп баратат.

Ал эми эл аралык эксперттердин баа берүүлөрүнө таянсак, республикадагы эки жарым миллион аялдын ичинен бир жарым миллиондон кем эмеси темир жетишсиздигинин көйгөйлөрүн өз баштарынан өткөрүп жатышат. Бул болсо, өз кезегинде, аялдардын кош бойлуулук жана төрөө мезгилдеринде ар түрдүү кыйынчылыктар менен коштолгон оор абалга туш келүүсү дегенди билдирет.



Темирдин жетишсиздиги жана аз кандуулук балдардын жана энелердин өлүмү менен түздөн-түз байланыштуу. Эң коркунучтуусу, ар бир төртүнчү оорулуу адам – бул бала болуп жатканы, анын минтип оорушу акыл-эс жагынан өксүтүү менен бирге, дене-боюнун өсүшүн да жайлатып коёт.

Эксперттердин, медиктердин пикиринде, мындай көрүнүш эгемендүү Кыргызстан үчүн орду толбогон жоготууларга алып келүүчү олуттуу коркунуч болуп саналат.

Йоддун жана темирдин жетишсиздиги балдардын интеллектуалдык билим алуу мүмкүнчүлүгүнө терс таасир көрсөтүп жаткандыктан, ушунун өзү жакынкы келечекте эле жалпы улуттун интеллектуалдык чабалдыгын шарттабай койбойт.

Аз кандуулукту алдын алуу жумуштарынын бир нече стратегиясы бар, алар: тамактанууну жакшыртуу, дары терапиясы, анан фортификация же тамак-аш азыктарын зарыл керектүү элементтер менен байытуу. Ушул саналып өткөндөр көпчүлүк мамлекеттерде, алардын ичинде өнүккөн өлкөлөрдө кеңири колдонулуп келаткан натыйжалуу жолдор болуп эсептелет.

Аз кандуулуктун кесепети менен күрөшүү, анын алдын алуу – бул бир гана медиктердин милдети эмес, а жалпы коомчулуктун – ар бир Ата Мекен атуулунун милдети. Андыктан, бардык ишкердүү кызыкчылык көрсөткөн уюмдардын, министрликтер менен ведомстволордун, айыл өкмөттөрү менен өкмөттүк эмес бирикмелердин, билим берүү, дарылоо мекемелери менен массалык маалымат каражаттарынын ж.б. тыгыз, жигердүү кызматташтыгын камсыз кылуу менен: кыр-

гызстандыктарга йод менен темирдин жетишсиздиги организмди кандай дарттарга чалдыктыра турганы жана анын кесепеттери тууралуу жетик, кеңири түшүндүрмөлөрдү берип, тиешелүү билим, маалыматтарды жайылтуу иштерин жүргүзүү – аба, суу, нан, суудай эле зарылдын зарыл талабы..."

## ДЕНИ САК УЛУТКА КАНТИП АЙЛАНАБЫЗ?

Бишкекте Дүйшө Кудаяровичтен билим алып, аны жашоосунун идеалы, дабагерлик кесибинин таалимчиси санаган Акен Ахматова деген мыкты балдар врачы жашайт. Мына ушул эже менен көп кеңеш куруп, көп сүйлөшөм.

Акен эже айтат:

– Бизде медицина менен философияны айкалыштырып, ден соолук кадырын көтөрүүнү: ыйман, тазалык, эмгек сыяктуу бийик түшүнүктөрсүз элестете албаган чыныгы мээрман, чыныгы изденгич мыкты медиктер аз эмес. Алардын бири – ондогон жана ондогон жылдарды кучагына камтыган дабагерлик, окумуштуулук байсалдуу жолунда Кыргызстан балдарынын сообуна калып келаткан ардактуу мекендешибиз, кыргыз педиатрларынын сыймыктуу "атасы" – академик Дүйшө Кудаяров.

"Уяттуу киши иттен да уялат", – деп айтыптыр улуу орус жазуучусу, кесиби боюнча врач Антон Павлович Чехов. Биздин Дүйшө агайдын уяттуулугуна, абийирдүүлүгүнө чек жок. Ал коомубузда орун алып жаткан ар кандай терс көрүнүштөргө, айрыкча, балдар кабылган оору-сыркоолор жана аларды жоюуга жасалган жетишсиз, үстүрт, бир беткей мамилелерге назик жүрөгүн оорутат болуш керек деп ойлойм.

Улуттук маанидеги инсан – улут үчүн кам көрөт. Улуттун балдары, келечеги, балдарга көрүлгөн үй-бүлө жана



коомдогу камкордуктар, ата-эне тарбиясы, медицина, билим берүү, кесипке ээ кылуу ж.б. кызмат чөйрөлөрүнүн бир алкакка бириккен гармониясы жөнүндө мээ мыжыга ойлонот. Демек, медицина – ошол гармониянын бир гана бөлүгү. Өзү да адеп-ыймандуу, социалдык өбөлгөлөрдү балдар саламаттыгын сактоонун чоң компоненти санаган Дүйшө агайыбыз мына ушуну атуулдук-айкөлдүк сапаты менен эң мыкты түшүнөт. Ага кайдыгерлик, сырттан "байкап" кароочулук жат. Мени ушул кубандырат!

Акен эже сөзүн андан ары улантты:

– Мына, карагылачы, орус элин биз жаман-жаман дейбиз, бирок алар балдарын кандай бапестеп-барктап багышат? Ошондой элдерди көрүп туруп, ичиң күйүп, арыңа келет экенсиң. А эмне үчүн биз анте албайбыз?

Өгүнү мен чолпондой баласын жоготкон бир кыргыз эненин кайгысын көрүп, жүрөгүмдү катуу ачыштырдым. Эмне үчүн ошол эне убагында врачка кайрылып, баласын көрсөткөн эмес? Медициналык караңгылыгыбыз ушунча, кыргыздар жедеп онтоп, баса албай – соңку айлаамал түгөнүп бүткөндө гана доктурга барууга аргасыз болобуз. Балдарга да ушундай "кыргызча" мамиле жасайбыз. Бул – кечиримсиз!

Баланы күндө баштан сылап, көңүлүн өстүрүп турса эле, эненин колундагы энергетика аны эч качан ооруттпайт. Эч качан!

Эненин сүтүндө канча алмаштырылгыс зат болсо, колунда да ошончо керемет, сыйкырлуу касиеттер бар. А ЖҮРӨГҮНДӨЧҮ? Ошонун бардыгын билсек, бир эле дары-дармекке ыктабай, эненин зор күчүн аздектепардактап, туу тутсак, канчалык өркүндөп, канчалык ДЕНИ САК УЛУТКА айланып кетээр элек!..

Акен эженин айткандарында калет жок. Чынында, оору – бул социалдык күзгү. Маселен, бала кептөөр (бронхиалдык астма) менен ооруса, анын ата-энеси ыркы жок – жагымсыз турмушта жашаганынан кабар берет.

Анткени, ал – нервдин оорусу, бала ата-энесинин акыйнектешип, бири-бирине "таш ыргыта" айтышып жатканын көргөн учурда, бүт денеси менен жыйрылып, нерв-тамырлары кысылып, ушул азаптуу, жок жерден жаралган оорунун курмандыгына айланат.

Жасаган жамандыктарыбыз өзүбүзгө тийбесе да, балдарыбызга келип тиет. Ошон үчүн, эгер ата-эне балдарынын келечегин ойлосо, ар дайым ЫЙМАН деген нерсеге сыйынып иш кылышы керек окшобойбу.

Көрдүңүзбү, Дүйшө Кудаяровичтин жүрөк төшөп аткарган асыл ишинин "контекстинен" улам канчалык көп сөз башталып кетти. Балдар медицинасы чектешкен, тутумдашкан, өз ара тамыр жайып "туугандашкан" маселелер эч качан түгөнбөйт. Алардын айрым-айрым орчундуулары жөнүндө китептин калган бөлүктөрүндө дагы кененирээк кеп болоор.

Каарманыбыздын дарегине, ушул жаңырган уй жылынын башталышында жаңы жылдык каалоо иретинде жазылып, "Ден соолукка миң кеңеш" гезитине басылган ардагер дабагер, акын жана журналист Мар Алиевдин төмөнкү ыр саптары да эрксизден эске түшөт:

Дабагер болгондон башынан,
Өмүрдүн жазынан,
Өзүнүн жашынан бери,
– Балдар! – деп келет,
Бар тапканын ошолорго берет.
Айтор, качан болсо,
Аталык камкордук көрөт.
Энчисине басылгансыйт Дүйшөнүн,
Энелер койгон соң төрөп.
Кудаяров дайыма кам көрүүдө,
Кудай, – деп таяп-жөлөп.
Бөбөктөрдү бөпөлөп,



Өзү да өсүп көкөлөп.
Институтту бир кезде курушкан,
Ильин ыраматылык экөөлөп.
Шакирт Дүйшөнү өстүрүшкөн алар,
Шаган илимпоз экөө жетелеп.
Академик болсо да азыр,
Ал Дүйшөнүн эсинен кете элек.
Жаңы жылыңды куттуктайт,
Жадагалса, окуучу секелек.
Бул жазылган азил,
Бизден – Сизге белек.
Баса дейбиз да,
Балдарга сиздей "Батя" керек,
Чынында чың, урабаган чынар терек!..

Эмесе, мындан аркы сөз өз ыраатты менен болсун.

## "ЫМЫРКАЙ БАЛА ЧОҢ АДАМДЫН КИЧИНЕКЕЙ КӨЧҮРМӨСҮ ЭМЕС"

**– Дүйшө Кудаярович, элибизде: "Баланын туулганына сүйүнбөй, тураарына сүйүн", – деген көөнөрбөс макал айтылып калган эмеспи. Анын сыңарындай, бала багуунун, туура өстүрүүнүн, оорутпай чоңойтуунун ар бир ата-эне үчүн азап-түйшүгү да арбын. Өзүңүз баамдай тургандай, сөзүбүздүн багытын ушул жагдайда улантсак, сиздин адистик көз карашыңыз окурмандарга дале абдан кызыктуу болоор деп ойлойм...**

– Андай болсо, ой бөлүшүүгө даярмын.

Эң алды менен мына муну баса белгилеп коёюн. Республикабызда көптөгөн энелер кош бойлуу кезинде туура эрежелерди сактоону, көз жарган баланы багууну билбе-

661166

гендиктен, ооруп, анан калса, доктурга өз убагында кайрылбай, ооруну өтүштүрүп жиберүүнүн кесепетинен республикабызда эрте жаштагы балдардын өлүмү көп болуп жатат. Ага үй-бүлөнүн жетишсиз шарты, оору-сыркоолорду алдын алуу ишинин ыраатсыз жүргүзүлүшү жана жогорку даярдыктагы врач-педиатрлардын жетишсиздиги негизги себеп болуп, өзгөчө кыйын кырдаалды түзүүдө.

Аталган иш-чаралардын төмөндүгүнөн, бала төрөөнүн пландсыздыгынан, анан калса, турмуштун оор кесепетинен улам, Ата Мекенибизде тубаса кемтиктер, ара төрөлгөн, эненин ичинде жатканда эле ар кандай илдеттерге чалдыгып, кеселдеп жарыкка келген наристе балдардын саны, СССРдин мезгилине салыштырганда, 4 – 6 эсеге өстү. Ушундай кыйратуучу көрүнүштү алдын алып, ымыркайлардын арасындагы өлүмдү азайтууда эгемендүү өлкөбүздө ушул күнгө чейин талапка жооп берүүчү, зарыл шарттар түзүлө элек.

Тилекке каршы, көпчүлүк энелер баланы багуу, оорутпай асыроо, атүгүл эң жөнөкөй эреже болуп саналган туура тамактандыруу ыкмаларын да жакшы билишпейт.

**– А сиздин оюңузча, эмнелерге биринчи кезекте олуттуу көңүл бурулууга тийиш эле?**

– Азыктанууну эле алалычы. Төрөт жашындагы аялдардын 70 пайызында аз кандуулук, ичеги-карын, бөйрөк, заара чыгаруу жана жыныс органдарынын ар кандай оорулары орун алгандыктан, бала түйүлдүк кезинде эле кеселге чалдыгып, нормалдуу салмакка жана өсүшкө жетпестен, жарык дүйнөгө дени сак төрөлбөйт. Кыргыз энелери менен балдарынын жалпы улуттук деңгээлге көтөрүлгөн трагедиялуу тагдырынын уламдан-улам өнөкөт көрүнүшкө өтүп, бардыгыбызды өкүнтүп жана кайгыртып, бирок чечилбей да, арылбай да жүргөн бир чоң көйгөйү ушул.

Кайсы бирин айтасың. Эми ошол баланы эмизүүгө көпчүлүк аялдардын сүтү жетишпейт. Анткен себеби, сүт чыгаруучу азык заттарын аз ичип-жешет. Көр оокат деп чарпылып, эмчектеги баласын кемпир-кесекке таштап коюшуп, өздөрү кербэлден-кечке базарда, дагы ар кайсы жерде соода-сатык же чарба иштери менен жүгүрүп жүрүшөт.



**– Азыркы замандын окумуштуулары эне сүтүн эч бир тамак, эч бир "жүйөлүү себеп" алмаштыра албайт деп чыгышпадыбы...**

– Ал ырас. Америкалык, япониялык медиктер, окумуштуулар далилдегендей, эне сүтүнө тойбогон бала карөзгөй, өзүмчүл, кылмышкер жана таш боор болуп чоңоёт. Тескерисинче, эне сүтүнө, өзгөчө, ууз сүтүнө толук каныккан бала боорукер, адамкерчиликтүү, акылдуу келип, келечекте эли-журтунун кызматына жарап, ак эмгек жасаган жакшы адам болот. Кеп – эненин сүтүндө!

Дүйнө жүзүндө балдардын жасалма азыгын жасап жана саткан 750 фирма бар. Бири да азырынча эненин сүтүнө төп келчү касиеттүү азыкты иштеп чыга элек. Эненин сүтүндө: ушул кезге чейин изилденип табыла элек баалуу заттар, гормондор, баланын туура өсүшүнө мүмкүндүк берүүчү зарыл кошулмалар бар. Ошондуктан, бир жашка чейин балага болушунча эне сүтүн гана эмизиш керек.

**– Кичинекей балдарды чоңдордун тамагы менен азыктандырып турса эле, ал тез жетилип, бат эле киши катарына кошулат дегендерди да учуратып калып жүрбөйбүзбү...**

– Антүү туура эмес. Ымыркайлар менен эрте жаштагы (3 жашка чейинки) балдарды эч убакта чоң адамдын кичинекей көчүрмөсү деп эсептөөгө болбойт. Эмне үчүн дегенде, чоң киши менен кичинекей баланын анатомиялык-физиологиялык жана психикалык калыптанышынын ортосунда асман-жердей өзгөчөлүктөр бар.

**– Төрөлчү балдарын ата-эне күн мурун "пландаш" керек деген пикирге кандай карайсыз?**

– Ар бир көз жарган ымыркай ата-энеси үчүн каалап, күткөн перзент болуп, ага үй-бүлөдө атайы шарт-

тар түзүлбөсө да, арты жакшы болбойт. Эненин кош бойлуу кезинде туура тамактануусу, өзүндөгү ооруларды дарылап, эс алуусу, андан соң, болочок наристесин күтүнүп, ага керектүү шартты даярдоо жумушуна киришүүсү абдан маанилүү.

Дегеле эне болчу аялдын түйшүгү көп. Балдар врачы болгондон кийин, дагы кайталап айтып коюу ашыктык кылбайт деп ойлойм: күн мурун даярдалган жука, калың жалаяктар, абанын, суунун температурасын өлчөөчү градусниктер, ымыркайдын ичи каткан учурда клизма коюп, желин чыгаруучу түтүкчөлөр, ошондой эле күн сайын киринтүү (жумасына бир-эки жолу балдар самыны менен, калган күндөрү марганцовка кошулган кайнатылган муздак сууда), сыртка сейилдетип алып чыгуу (аз-аздан 3 мүнөт, эртең менен 5 мүнөт ж.б.), алды суу болгондо аласын жууп, таза, үтүктөлгөн жалаякты колдонуу, денесин укалай билүү, убагында эмдөөлөрдү алуу, ооруп калганда, өтүштүрүп жибербей, өз убагында врачка көрсөтүп, дарылоо ж.б. баланын туура өсүшүнө талапка ылайык шарттарды түзө тургандыгы айдан ачык.

**– Адистердин – педиатрлардын жетишсиздиги да кошумча кыйынчылыктарды жаратып жатпайбы...**

– Бул да чоң турмуштук көйгөй. Азыркы заманда педиатриянын ал-акыбалы начарлап, мыкты адистердин кыйла бөлүгү башка өлкөлөргө кетип жатат. Ушул тапта республикада 500дөн ашык педиатр адистер жетишпейт. Мындан 5 –10 жыл илгери негизсиз, жетик ойлонулбай башталган саламаттык сактоо тармагын реформалоо эне менен баланы бөлүүгө, балдар бейтапканаларын, адистештирилген ооруканаларды жаап, бой жеткендер менен бириктирүү балдардын оору-сыркоолорунун кескин жогорулашына алып келди.

Башта, борбор калаабызды айтпаганда да, ар бир область, шаарларда балдардын өзүнчө бейтапканалары



бар болчу. Азыр алар жок. Өнөкөткө айланган, өткүр кармаган, тубаса кемтик жана дагы башка балдар ооруларын чоң адамдарды текшерип, дарылоочу терапевттер карашат. Алар балдар ооруларынын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн билбегендиктен, өтө көп кабылдоолор өнөкөт түргө айланып, андай көрүнүш арбын болуп баратат.

Үй-бүлөлүк медицина борборлорунда балдар үчүн дабагерлер жок. Бул педиатр адистердин бөлөк өлкөлөргө кетиши, эмгек акысынын аздыгы жана ишинин оордугуна да байланыштуу. Айталы, көз, кулак-мурун адистери, невропатолог, терапевттер күнүнө 10-15тен эле оорулууну кабыл алышса, педиатрларда ушул эле көрсөткүч 60 – 80 балага жетет. Андан соң, ымыркайларды, оорулуу балдарды көрүү үчүн жөө-жалаңдап көптөгөн үйлөрдү кыдырышат, ар бирине кеңеш беришет, дарылашат. Алган акчалары тигилер менен бирдей. Россияда педиатрлардын маяналары башка врачтардыкынан 2 эсеге көп.

Ошол себептен, кадыр-баркы төмөндөп кеткен педиатрияны өлкөбүздө колдоого алуу абдан зарыл. Бул багыттагы дарылоо мекемелерин калыбына келтирүү кыйын болсо да, жаш муундардын келечегин ойлосок, алгач ушуга көңүл бурушубуз керек.

Кыргызстанда балдардын өпкө, боор, жүрөк-кан тамыр, ичеги-карын ж.б. органдын ооруларын, ошондой эле ар кандай тубаса кемтик ооруларын дарылоо курсунан (анын ичинде хирургиялык да жол менен) өткөргөндөн кийин, толук сакайтып, коопсуз калыбына келтирүүчү бир дагы илимий борбор же оорукана жок. Ошонун айынан, көптөгөн оорулар өнөкөт мүнөзгө ээ болуп, балдар бөөдө жеринен майып болуп калып жатышат...

## АТ-БАШЫЛЫК АКУШЕРДИН АЙТКАНДАРЫНАН

Жүзүнөн жылдызы төгүлгөн бул эже – Жамал Сомташева ондогон жылдар бою Ат-Башы райондук ооруканасында акушер болуп иштеген. Азыр эс алууда.

Ыңаалап жаңы төрөлгөн жүздөгөн балдардын киндигин кескен ажолтой колуна калемсап кармап, жүрөгүн толкута, келиштире ыр да жазат. Куюлуштура сөз сүйлөсө, сөз да – анык, адамдын черин жаза пейилин төксө, пейил да – анык.

Деги бир кишини жамандап, жөнү жок капаланып, же эң жок дегенде, маанайын түшүргөн учурун көрбөйсүң. Балким, төрөт үйүндө иштеген асыл-ак кесиби ушундай кебелбес оптимист кылып койгондур, балким, бардык адамдарга, өзгөчө, энелер менен наристелерге амандык, жакшылык гана каалаган өскүлөң тилеги ошентип жашарткан мүнөзгө айланып кеткендир деген ой келет эрксизден көңүлүңө.

Мына, Жамал эже экөөбүз өзүм иштеген "Ден соолукка миң кеңеш" гезитинин редакциясында баарлашып отурабыз. Бул келишинде адаттагыдан башкача катуу толкунданып алыптыр. Алтымыштан ашкан акушерди "калыбынан" чыгарган сезимдин себеби не, шыкагы не? Анын жөн-жайын бир четинен айткан аңгемесинин төркүнүнөн билдим.

– Сага айтайын дегеним, иним, – дейт Жамал эже, – ушул жалпы эл окуган медициналык гезитке биздей "киндик энелер партиясындагылар" барктап-сыйлаган академик агабыз Дүйшө Кудаяровду редколлегия мүчөсү кылып алганыңар абдан эле каалоого жарашкан сонун иш болуптур. Ушуну Ат-Башыда жүрүп окуп, ооруканада иштеген врачтардын баарына мактаныч кылып көрсөттүм.

– Сиз эмне, академик агай менен көптөн бери тааныш же ага тууган-туушкандык жагынан жакын да болуп кетесизби? – Таңгалганымдан ушинтип сураганымды өзүм да сезбей калдым.



– Дүйшө Кудаяровичти биринчи жолу мындан 40 жылдай илгери ал Нарынга келгенде көргөм, – дейт Жамал эже. – Областтын төрөт үйлөрү кароодон өтүп жатса керек, ал бизге энелерди төрөткө даярдоо, төрөтүү жана төрөттөн кийинки ал-абалына, өзгөчө, кандын көп кетип калышына бөгөт коюу боюнча жөпжөнөкөй тил менен окумуштуулук кеп-кеңештерин берген. Ушул бүгүн да көңүлүмдө турат: силер энелердин кызыл эт ымыркайын ууз сүткө жакшы тойгузушуна кылдат көңүл бургула, анткен себеби, ууз сүттү, дегеле эне сүтүн эч нерсе алмаштыра албайт, каалаганындай эмчек эмген, энесинин боорунда өскөн баланын ден соолугу да чың болот, тез да жетилет деп айткан. Аны менен болгон көзмө-көз "жакын тааныштыгым" ушул.

Арадан ондогон жылдар тизмектешип өттү. Ошончо убакыт ичинде Дүйшө Кудаярович иштеген энени жана баланы коргоо институту жиберген көрсөтмө-сунуштар гинеколог, акушер, педиатрлардын "бал китебиндей" эле болду. Аларда кош бойлуу аялды каттоого алуудан тартып, баланын киндигин кантип кесүү, кошумча кандай азыктарды берүүгө чейин ушунчалык кеңири чечмеленип жазылган.

Совет мезгилинде "Ден соолук" деген республикалык жакшы журнал чыгаар эле. Нускасы да өтө көп болчу. Дүйшө Кудаярович узак жылдар бою ушул журналдын редколлегия мүчөсү болуп, өзү да кызыктуу темаларда макалаларды жазып, маектерге катышып – күндөлүк ишибизге практикалык кеңештерди берип жүрдү. "Умай энелердин" арасында анын дабагерлик-окумуштуулук беделинин артышына ушундай басма бетиндеги популярдуулугу да чоң таасир этти.

Бул кишинин турмуштук жана медициналык алкак-

тагы чындыктан тайбаган максаттуулугу менен көрөгөчтүгүнө таң каласың. Маселен, ошондо эле Дүйшө Кудаярович кайра-кайра кайталап айткан ойлор жашоо-турмуш агымы тарабынан ырасталып, бүгүнкү медицинанын жетишкендиктери менен үндөш экендиги өзүбүз күбө болгон сабак-мисалдардын түпкү өзөгүнөн барган сайын таасын көрүнүүдө.

Эненин сүтүн эч нерсе алмаштыра албайт деген ошол 40 жыл илгери биз уккан илимий ынанымын алалы.

Жакында Швециянын окумуштуулары сенсациялык билдирүү жасашканын гезиттен окудум. Көрсө, көпчүлүк өлкөлөрдө, айрыкча, Европа, Америкада баланы эмизбей калгандар көбөйүп кетип, эненин сүтүнүн ордуна ар кандай курамдагы жасалма сүттү колдонушуп, натыйжада, ооруга туруштук берүүчү – иммундук системасы начар балдардын саны бир канча миллионго жетип барыптыр. Дүйнө жүзү боюнча алганда, жасалма сүт менен чоңойгон он баланын үчөө же төртөө ымыркай кезинде эле чарчап калышат экен.

Дүйшө Кудаярович айткандай, балага эмчек эмизүүнүн укмуштуудай пайдасы, биринчи кезекте, төмөндөгүдөй илимий тыянактардан айкын байкала турганына назарымды бурдум:

1. Эненин ууз сүтүндө (молозиво) балдардын ооруларына бөгөт коё турган антибактериялык жана антивирустук заттар бар. Алар баланын иммундук кубаттуулугун абдан чыңдайт.

2. Диарея деген дарт – ичеги инфекциясы – ымыркай балдардын өлүмүнүн башкы себептеринин бири. Эненин ууз сүтүн эмбеген балдарда эки айлык курагына чейин диареядан чарчап калуу фактысы дээрлик 25 эсе (!) көп экен. Ошондуктан узак-узак убакытка чейин эмчек эмизүү ымыркай балдарды диареянын кийинки терс натыйжасынан да сактайт.



3. Балага алты айдан өткөн мезгилге чейин эмчек эмизүү анын талаптагыдай дени сак өсүүсүнө өзүнүн оң таасирин тийгизет. Боюн, салмагын өстүрөт. Ара төрөлгөн балдар да, эгер эне сүтүн эмген болсо, тез эле жетилип, "адам" болуп кетет.

4. Эмчек эмизген эне өзүнүн баласы менен сөз менен айтып жеткиргис жакындык аркылуу "психологиялык тилде" сүйлөшөт. Сезимдер – сезимдерге өтөт, мындайча айтканда, тогуз ай көтөрүп, омурткасы сыздап төрөгөн эненин өз ичинен чыккан наристеси менен жаны бирге болуп калат.

5. Эмчек эмизүү энени төрөттөн кийинки кан кетүү (айрым учурда өлүм менен аяктаган), эмчек жана жумурткалыктын рагы, аз кандуулук сыяктуу эң бир кесепеттүү оорулардан сактайт. Төрөт аралыгын алыстатып, натыйжада, эненин күч-кубатын чыңдап, кийинки баласын аман-эсен төрөп алууга оң таасирин тийгизет.

Мына эми, азыркы медицинанын жетишкендиктерине ылайык, ар бир эне өзүнүн ымыркайын төрөөр замат эле жанына алып, каалаган убакта эмизип турууга мүмкүнчүлүгү бар. Бул азыркы эркиндик замандын күрдөөлдүү агымына төп келген медицинанын жаңылыгы эмегенде эмне?

...Сөз акырында, Жамал эже: "Акушерлик колум менен жазылган академик Дүйшө агайга арнаган ырым бар эле, туура көрсөңөр, окуп берейин", – деп калды. "Окуңуз", – деп кубаттадык.

Жамал эженин ыры:

Мен көп көрдүм эненин көз жарганын,
Мен көп көрдүм толготуп жаш тамганын.
Акушерлер кудайлап тураар элек,
Көңүлгө алып агайдын сабактарын.

Мен көп көрдүм эне тарткан азапты,
Мен көп көрдүм бала баккан башатты.

Ымыркайлар оорубаса, сезчү элек,
Өзүбүздү Дүйшө агайдай канаттуу.

Мен көп көрдүм эне сүтү ташыганын,
Эмчегинен соргулап баласы анын.
Анан дагы биолакт – кошумча азык,
Балдар үчүн белеги жакшы адамдын.

Мен көп көрдүм жаш балдар ооруганды,
Өлүм келип алам деп тооруганды.
Мына ошондо жүгүрүп педиатр,
Сыйкырчыдай тирилткен куйган дары.

Оорубаган дүйнөдө кандай жан бар,
Оорубасын кыйналып бирок балдар.
Алкыш-алкыш педиатр-врачтарга,
Анын баары – Агайдан окугандар!

Ат-Башыда сезчү элем кадыр-баркын,
Жаш эмесмин, мен азыр карып калдым.
Мындай жандар эл-журттун бактысы экен,
Бала кыял Дүйшө агай карыбасын!..

## ӨМҮР БАЯНДЫК МААЛЫМАТТАР

Дүйшө Кудаяровичтин өмүр жолуна кызыккандар анын төмөнкүдөй кат-кат болуп "тематикалык" бөлүктөргө бөлүнгөн биографиялык даталары менен фактыларына көңүл бурбай койбойт.

Эмесе, ал маалыматтарга зирек окурман өзү баам салып, өзү ынтызар көңүлүнө түнөтүп, эгер ылайык көрсө, ишкердик керектөөсү үчүн эс тутумунун бир бүктөмүнө сактасын.



**Туулган мезгили, жери:**

1939-жылдын 26-апрелинде Ош областынын Кара-Суу районундагы Талдык айлында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган.

**Билими:**

1947–1953-жылдары – Кара-Суу районундагы Талдык толук эмес орто мектебинин окуучусу.

1953 –1956-жылдары – Кара-Суу районундагы Мады орто мектебинин окуучусу.

1956 –1962-жылдары – Кыргыз мамлекеттик медицина институтунун педиатрия факультетинин студенти.

1962 –1965-жылдары – Кыргызстан энени жана баланы коргоо илим-изилдөө институтунун аспиранты.

**Иштеген кызматтары:**

1965 –1974-жылдары – Кыргызстан энени жана баланы коргоо илим-изилдөө институтунун ага илимий кызматкери.

1974 –1977-жылдары – Кыргызстан акушерлик жана педиатрия илим-изилдөө институтунун гематология бөлүмүнүн башчысы.

1977–1992-жылдары – Кыргызстан акушерлик жана педиатрия илим-изилдөө институтунун директорунун илим боюнча орун басары.

1992 – 2004-жылдары – Кыргызстан акушерлик жана педиатрия илим-изилдөө институтунун директору.

2004-жылдан Улуттук энени жана баланы коргоо борборунун ардактуу директору.

2007-жылдан – Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын вице-президенти.

**Изилдөөчүлүк иштери, наамдары, окумуштуулук даражалары:**

1966-жылы "Кыргыз ССРинин бийик тоо шартында

мектепке чейинки балдардын канынын жана дене-бой жагынан өсүшүнүн ал-абалы" деген темада кандидаттык диссертациясын жактаган.

1980-жылы "Кыргыз ССРинин ар түрдүү аймактарында жашаган балдардын кызыл кан жана өтө жетишсиз аз кандуулугунун өзгөчөлүктөрү" деген темада докторлук диссертациясын жактаган.

1984-жылдан – профессор.

1989-жылдан бери – КММАнын госпиталдык педиатрия кафедрасынын башчысы.

1989-жылы – Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти.

2000-жылы – Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академиги.

**Коомдук кызматтары:**

1997-жылдан – Кыргыз Республикасынын педиатрлар ассоциациясынын президенти.

1991-жылдан – докторлук жана кандидаттык диссертацияларды жактоо боюнча адистештирилген Кеңештин төрагасы.

Кыргыз-Россиялык (Славян) университетинин алдындагы докторлук диссертациялар Кеңешинин мүчөсү.

Казакстандын Алматы шаарындагы "Педиатрия" докторлук диссертациялар Кеңешинин мүчөсү.

"Педиатрия и детская хирургия" (Казакстан) журналынын редколлегия мүчөсү.

"Известия НАН КР" басылмасынын редколлегия мүчөсү.

"Здравоохранения Кыргызстана" журналынын редколлегия мүчөсү.

"Ден соолукка миң кеңеш" газетасынын редколлегия мүчөсү.

"Среднеазиатский медицинский журнал" журналынын редколлегия мүчөсү.



**Аскердик кызматка катышы:**

Медициналык кызматтын запастагы капитаны (1980-жыл).

**Адистик маалыматтары:**

15 монография жана 280 илимий макаланын автору жана авторлошу.

38 методикалык жолдомолор менен кошумча окуу китептеринин автору жана авторлошу.

49 шакиртин, анын ичинде медицина илимдеринин 15 докторун жана 34 кандидатын (бекитилген) даярдаган.

7 ойлоп табуунун автору.

**Патенттери:**

1. "Мүрөк" аз кандуулукка каршы дарысы, 2003-жыл.

2. Ымыркай балдардын темир жетишсиздигинен пайда болгон аз кандуулугун дарылоо жана аны алдын алуунун ыкмасы, 2003-жыл.

**Автордук күбөлүктөрү:**

1. Балдардын аз кандуулугун алдын алуудагы байытылган биолакт, 1976-жыл.

2. Аз кандуулукка алып баруучу абалды аныктоо жана аны алдын алуунун ыкмалары, 1976-жыл.

3. Ымыркай балдарды алгачкы айларында тамактандыруу үчүн сүт азыгын даярдоонун ыкмасы, 1987-жыл.

4. Темир жетишсиздигинен жаралган аз кандуулукту алдын алуунун ыкмасы, 1991-жыл.

5. Кош бойлуу аялдардын темир жетишпеген абалын жана аз кандуулугун дарылоонун ыкмасы, 2001-жыл.

**Ата Мекендик сыйлыктары, наамдары:**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Ардак грамотасы, 1970, 1999-жылдар.

В.И.Ленининдин туулган күнүнүн 100 жылдыгынын урматына "Каарман эмгеги үчүн" медалы, 1970-жыл.

СССР саламаттык сактоосунун отличнигинин төш белгиси, 1972-жыл.

Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы, 1972-жыл.

СССР профсоюздарынын отличнигинин төш белгиси, 1975-жыл.

"Эмгек ардагери" медалы, 1986-жыл.

Элдердин достугу ордени, 1986-жыл.

Кыргыз Республикасынын илим жана техника боюнча Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, 1992-жыл.

Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер, 1995-жыл.

III даражадагы "Манас" ордени, 2003-жыл.

**Эл аралык сыйлыктары:**

1. Кембридж университетинин (Великобритания) Эл аралык биографиялык борборунун Күмүш медалы жана Ардак грамотасы.

2. Эл аралык "Руханият" сыйлыгынын лауреаты.

**Каттаган өлкөлөрү:**

Чехословакия.

Сирия Араб Республикасы.

Франция.

Венгрия.

Түркия (төрт жолу).

Америка Кошмо Штаттары (төрт жолу).

Кытай.

Мальта.

Кипр.

Австралия.

Нидерланддар.

Египет.

Швейцария.



## "АНДАН ӨТКӨН КЫРГЫЗ ИНТЕЛЛИГЕНТИН ЖОЛУКТУРА ЭЛЕКМИН"

**Сабырбек ЖУМАБЕКОВ, Бишкектеги травматология жана ортопедия илим-изилдөө борборунун директору, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти, профессор:**

– Дүйшө Кудаярович жөнүндө мындай деп айткым келет. Ал киши – Кыргызстандагы педиатрия тармагына – балдарды дарылоо, ден соолугуна кам көрүү маселесине бүткүл жан-жүрөгү менен күйүп-бышкан, ушул келечек муундарыбыз үчүн жалпы улуттук деңгээлде колдон келген иштин баарын жасап калалы деп күндүртүндүр тыным албаган чыныгы дабагер, патриоттук жигерин табигый адамкерчилиги ар тараптан толуктаган өрнөктүү инсан.

Педиатрия илими жаатында үзүрлүү иштеген бирденбир Улуу окумуштуу деп айтсам болот. Ал – көч баштоочу. Анын тарбиялап чыгарган шакирттери – ондогон илим докторлору менен кандидаттары, таланттуу врачтар азыр бүт Кыргызстандын булуң-бурчунда жогорку кесип чеберчилигин, ак пейил кайрымдуулук үлгүсүн көрсөтүп, ийгиликтүү эмгектенип жатышат.

Дүйшө Кудаярович балдар ооруларын дарылапайыктыруу багытында өзүнүн сыймык менен атоого татыктуу мектебин түздү.

Адам катары кыргыз интеллигенциясынын мыкты өкүлүнүн "эталондук" сапаттарын өз боюнда алып жүрөт. Алаканды көкүрөккө басып, чындыкты жашырып-жаппастан ачык айтканда, мен жашоо-турмушта андан өткөн, андан алдыга кеткен кыргыз интеллигентин жолуктура элекмин.

Эгер бул улуу замандашыбыздын адамдык, дабагерлик жана окумуштуулук парасатынан үлгү алсак, биз – артында өсүп келаткан муундар эч качан жаңылбайбыз деп ойлойм.

Эми урматтуу агайыбыздын 70 жашка келгенине, чынында, ишенбей турабыз. Анткен себеби, биздин эле катарыбыздагы алдуу-күчтүү, акыл-эстүү, дагы да болсо, кыргыз медицинасына жаштардай шыктанып, шымалана салым киргизчү, эч бир картайбас, чарчапчаалыкпас кесиптешибиздей сезиле берет.

70 жаш – акыл толгон курак. Америка, башка өлкөлөрдө деле 70ке чыккандар өздөрүнүн кандидатураларын президенттикке коюп жүрүшпөйбү. Демек, эл үчүн жасоочу иштери, багынтчу бийиктиктеринин бир тобу алдыда. Мен ойлойм, Дүйшө Кудаяровичтин билимин, тажрыйбасын кыргыз медицинасы пайдаланып, ишкердүү жигерин чечилбей келаткан маселелерге, татаал жумуштар айлампасына багыттаса, дагы да жакшы шарт, мүмкүнчүлүк түзүп, кадыр-баркына жараша чоң ишеним көрсөтсө, ал иш улут келечегине үзүр, өркүндөө гана алып келет.

70 жаштагы Дүйшө Кудаяровичке ден соолук, аманчылык, узун өмүр каалайм!

## "МЫКТЫ УСТАТТЫН ШАКИРТИ КӨП"

**Кубанычбек АДАМАЛИЕВ, Кыргыз мамлекеттик медицина академиясынын балдар хирургиясы кафедрасынын башчысы, медицина илимдеринин доктору, профессор:**

– Ырас, бүгүнкү күндө Улуттук илимдер академиясынын вице-президенти, медицина илимдеринин доктору, профессор, академик Дүйшө Кудаяровду кимдер гана билбейт.

Бүт өмүрүн балдардын ар кыл ооруларын дарылоого, алардын таралуу жана өнүгүү жолдорун илимий изилдөөгө арнап, илимдин 15 докторун, 34 кандидатын даярдап, Кыргызстанда педиатрия мектебинин калыптанышына зор салымын кошкон көрүнүктүү устат.

Азыр ал 70 жашка чыгып отурат.



Таланттуу инсандын баскан жолу, илим-билимин өркүндөтүп, клиникалык ординатордон, аспиранттыктан тарта, Москвадагы башкы педиатрия илим-изилдөө институтунда докторант болуп, улутубузда бул тармак боюнча кыргыздардын ичинен биринчи (!) илимдин доктору, профессору, Улуттук илимдер академиясынын алгачкы мүчө-корреспонденти, кийин академиги болушу азыркы муундарга өрнөк да, сыймык.

Залкар илимпоз Ош областынын Кара-Суу районундагы Талдык айлында туулган. 1962-жылы Кыргыз мамлекеттик медицина институтунун педиатрия факультетин ийгиликтүү бүтүргөн. Ошол студенттик жылдарында эле балдар ооруканасында күнү-түнү күзөттө туруп, ар кыл оорулуу балдарды көрүп, дабагерлик иштин миң кырдуу сырларын окуп-үйрөнүү менен, илимий кружокко катышып, негиздүү макалаларды ошол кезде эле жазып, оозго алынып, бул күндө 280ден ашык эмгектин, 15 монографиянын автору, 12 ойлоп табуучулук күбөлүктүн ээси болгондугун, көптөгөн илимий жаңылыктарды ачып, практикага киргизип, ошончо мезгилден бери эч талыкпай илимий изилдөөлөрдүн үстүндө иштеп келе жаткандыгын айтуунун өзү биздей шакирттери үчүн канча сөз кылса да түгөнбөй турган чыныгы өрнөктүн баяны.

Ылайым, ишти түшүнгөн, эл-журтубуздун түпкү келечегин ойлогон мекендештерибиз көп болсун. Академик Дүйшө Кудаяровичтин өмүрү – мунун эң сонун мисалы.

Залкар устатыбыз өзүнүн 50 жылдык эмгектүү мезгилин балдарды дарылоого, дени сак муундарды өстүрүүгө арнап, тоолуу республикабызда арбын кездешкен оорулардын себептерин аныктоонун, дарылоонун, алдын алуунун иш-чараларын изилдеп, натыйжатаасирдүүлүгүн далилдеп чыгып, кеңири алкакта клиникалык практикага киргизди.

Балдардын дисбактериозунун, ар кандай ичеги-карын ооруларынын алдын алып дарылоо үчүн атайы ла-

боратория ачып, тамак сиңирүүчү, ичеги-карындын иммундук тармактын иштешин жакшыртуучу пайдалуу майда жандыктарды өстүрүп, дары айранды, анын уютмаларын иштеп чыгарды. Өпкө, боор, жүрөк-кан тамыр, ичеги-карын, кан оорулары боюнча изилдеген эмгектери бүткүл республикада балдардын дарттарын тактоодо, дарылоодо колдонулат.

Ал киши 12 жыл бою Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы акушерлик жана педиатрия илим-изилдөө институтун жетектеп келди. Эмгеги бааланып, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер, Улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти, кийин академиги болуп, көптөгөн мамлекеттик сыйлыктарга татыган инсан.

Жыйырма жылга жакын Кыргыз Мамлекеттик медицина академиясында госпиталдык педиатрия кафедрасына башчылык кылды. Республикабыз үчүн 3000ден ашуун педиатр адистерин даярдап чыгып, өлкөбүздүн башкы педиатры катары диссертациялык илимий кеңешти жана квалификациялык категорияларды берүү комиссиясын жетектеп, педиатрлардын республикалык ассоциациясына төрага катары көп кырдуу илимий, педагогикалык жана коомдук иштерди аткарууда.

Таңдан кечке дагы эле башкы дабагерлик ишин улантууда. Таланттуу устат балдардын келечегин ойлоп, дарылап, оор акыбалдагы балдарды күнү-түнү карап, баалуу кеңештерин берип, дарстарын жаш адистерге окуп, шакирттерин илимпоз кылып өстүрүп, Улуттук илимдер академиясынын вице-президенти катары дем алууга да чолоосу жок — күндөрүн, биринчиден, балдарга, экинчиден, эл-журтуна арнап, дагы эле изденүү жолунда келет.



# II. БАЛДАР ӨМҮРҮ ҮЧҮН КҮРӨШКӨН АДАМДЫН БАЛАЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

*Жарык көрүп көз ачканы ойгонуп,*
*Биз турмуштун таш жолдорун бойлодук.*
*Чарчоо тартып, аз эс ала калганда,*
*Сагынычтуу жылуу сезим ойгонуп.*

*АЛЫКУЛ*

***Бала кездеги илимиң – таш бетине***
***чегилген сүрөт сыңары.***

*Ш.СААДИ*

## "ДЕГИ БИЗДЕ БОЛДУ БЕЛЕ БАЛАЛЫК?"

Ушуга таңгалам: тээ атам замандан бери не бир атактуу, эли-журту, Ата Мекени сыйлаган чыгаан таланттуу кишилердин көбү балалык күнүнөн кандайдыр себептен катаал тагдырга туш келет. Бүткүл дүйнөдө ушундай. Баарына чыда, бардыгын өз күч, өз мээнетиң менен жеңип ал дегенсип, аларды балжууран чагынан бирде ийилтип, бирде чарчатып, а бирде көңүл-дымагын өксүтүп уланган тири укмуш кыйынчылыктар: жетимчилик, жокчулук, эч болбоду дегенде, бирине жетсе, экинчисине жетпеген өп-чап турмуш, ээлтен өч-кеги бар сымал артынан калышпай, бир топ убакыт ээрчип жүрүп отурат. Чоң максаттуу адам акыр-аягында мына ушунун баарын жеңип өтүп, тынымсыз эмгек, көшөргөн аракет, эрк-кайрат сынаган өжөрдүк аркылуу гана өзү көздөпсамаган ой-тилек өтөлгөсүнө чыгат.

100 жылдык юбилейи кечээ жакында эле белгиленген залкар хирург Иса Ахунбаевдин тагдырын алалы. Анын балалык азап-шоруна, 8ге кадам койгондо, 1916-жылы, көчмөн кыргызды геноцидге туш кылган кандуу Үркүн башталды. Ак падыша желдеттеринин огунан жан алакчылаган тоолуктар киндик кесип, кир жууган туулган жерин калтырып, ашуулар кыркасы ортону бөлүп, чек аралаган алыскы Кытайга качты. Ошондогу балалык жүрөккө так салган улуу трагедияны Иса Коноевич кийин көкүрөк толо муң менен мындайча баяндап көз алдыга тарткан: "...Кыргыздардын Кытай жерине качып баргандагы жашоо-турмушу өтө оор жана кайгылуу болду. Жандан өткөн суук, ачарчылык. Ошонун айынан бир кесе талканга, бир аарчым матага балдарын саткандар учурады. Андай балдардын катарында 8 жаштагы мен дагы уйгур байы Аллахунга сатылган элем. Кыргыздардын андагы кайгы-муңун жазуу ушунчалык оор, жан чыдагыс..."

9 жашында атасынан ажырап, чиедей балдарын ээрчиткен апасы менен Таласка келген Чыңгыз Айтматов...



"Эл душманынын" үй-бүлөсүнө ал кайгы аздык кылып жаткансып, капыстан башталган кан куйгөн Улуу Ата Мекендик согуш кесепетин айт. 14 жашында сельсоветтин катчысы болуп иштейт. Иниси Ильгиз экөө тартпаган түйшүк, аткарбаган жумуш деле калбайт. Ошондой күндөрдө, эптеп жан багып, эртең-бүгүн тууса ууз сүткө марыйбыз, аз да болсо ачкачылыктын каарын унутабыз деп турганда, сарайга байланган бооз уюн уурдап кеткен уурулар окуясы өзүнчө эле асман жерге түшүп кеткендей трагедия болот. Ошондо ачууга ууккан тестиер Чыке кошунасынын мылтыгын сурап алып, урууларды көргөн жерден атып салам деп чоң өтүк менен кар кечип, "бууракандап" жөнөйт. Аңгыча бет алдынан эшек минип, жол нугу менен бастырган, жүдөө кийинген сары абышка жолугат. "Бирөөнү өлтүрөм деген оюң бар окшойт, балам, ачууга алдырба, артыңа кайт, уюңду уурдаган немелер акыры жакшылык көрүшпөйт, Кудай сага өзү эле берет, менин тилимди ал..." – дейт да, мылтыкчан бала эки анжы тартып жолдо турганда көздөн кайым болот. Балким, ал карыя Кыдыр болгон чыгаар. Жаш Чыңгыз ошентип орто жолдон кайтат...

Ал эми атактуу хирург, Кыргыз Республикасынын Баатыры, академик Мамбет Мамакеевдин балалык тагдыры мындан да аянычтуу. Энеси 17 бала төрөп, ошондон тирүү калганы үчөө гана. Эркектен улуусу – Мамбет аба. Академик өз башынан өткөргөн оор күндөрдү эскерип отуруп, мына бул окуяны айтып бергенде, мен эмдигилердин түшүнүгүнө жетпеген качанкы азаптуу күндөрдүн таржымалынан улам, "шок" абалына түшкөндүгүм да чын:

"...Колхоздун уй фермасы Ак-Суу айылынын төш жагындагы Жылуу-Суунун жанында, беш чакырымча келет. Энем ошого күнүгө түндөп барып, кечке чейин уй саашып, кечинде машинага тартылган көк сүттү жөө көтөрүп келчү. Бир күнү кечке жуук алай-дүлөй бороон болуп, эч нерсе көрүнбөй жамгыр жаап келди. Үй жа-

нында бир ат жүргөн экен, белимдеги кендир жип менен ноктолоп алып, энем эмне болду деп, алдынан тосуп жөнөдүм. Желдирген бойдон барсам, бир коктуда ыйлап олтурат. Көрсө, кырдан түшкөн ичке жол менен түшүп келатып, тайгаланып жыгылып, эки чакасы тең коктуга көңтөрүлүп калыптыр. Баламын да, түшө калып, мен да ыйлап жибердим. Эч нерсе эмес, эми кетели десем, энем байкуш "бүгүн эмне ичесиңер" деп муунжүүнүн бошотот. Жылына канча жолу барсам да, ошол коктуну көргөндө ал окуя күнү бүгүнкүдөй эсиме түшүп, заманам куурулуп кетет, муунуп калам. Мен онунчу классты бүткөн – 1946-жылга чейин биздин үйдө малдан түгүбүз болгон эмес. Кардыбыз тоюп таттуу тамак, жонубуз бүтөлүп кийим-кече көрбөдүк. Эми ушул күндө кантип тирүү калганыбызга таң калам да!.."

Ооба, таң калбай койбойсуң. Балким, жандуу-жансызды жогортон башкарган бир улуу күч биз айткан эл сүйгөн, кадырман кишилерди "алтын аяктан суу иччү" чоң өмүр максатын бет алып жөнөөр алдында бул өңдүү: "ысыгынан-суугу, таттуусунан-ачуусу" көбүрөөк сыноого кокусунан же андан-мындан эле эмес, а атайылап (!) да кабылтып коёбу, билбейм. Неси болсо да, бир эле кыргызга мүнөздүү болбогон мына ушул сырдуу көрүнүш бүтүндөй дүйнө ойчулдарын ар кандай суроолорго кабылтып, түйшөлдүрүп да келет.

Айтайын дегеним бул: эмгегин, эрдигин заманы тааныган атактуу, таланттуулардын катарында, ушундай эле "турмуштук окшоштукту" мен өз китебимдин каарманы – кыргыз элинин көрүнүктүү инсаны, бүт өмүрүн балдар саламаттыгын коргоого арнаган Улукмандай дабагер, тоолуу Кыргызстанда педиатрия тармагы боюнча кыргыздардын ичинен чыккан биринчи илим доктору, профессор, Улуттук илимдер академиясына биринчи педиатр мүчөкорреспондент жана академик, чыгаан педагог жана таланттуу уюштуруучу, Улуттук илимдер академиясынын вице-президенти Дүйшө Кудаярович Кудаяровдун качан-



кы узаган балалык күндөрүнөн да таап, алданемедей сезим уйгу-туйгусун баштан өткөрүп, жаак таяна ойго батып отурам. Мен аны кантип жазам да, кантип жүрөк сестенткен оор жылдарга окурман көңүлүн ээрчитип кирем? Дүйшө Кудаяровичтин балалык курагы абдан эле кыйын мезгилге – Улуу Ата Мекендик согуштун ый, шор аккан жылдарына бетме-бет келиптир.

Деги бизде болду беле балалык,
Же курбулар, келдик беле турмушка,
Ушул бойдон саамай чачтар агарып? –

деген Алымкан Дегенбаевадай акын эжебиздин ыр саптары алданемедей көңүлдү бийлейт.

Мага академик өзү жардамчы болот. "Сиз жарык дүйнөнү алгач тааныган учуруңуз же көңүлгө өчкүс болуп сакталган бир окуяны эстеп калгансызбы?" – деп сурасам, каарманым ал "эс тутум тилкеси" жалпы журт башына түшкөн алаамат согуш менен байланыштуу болгонун айтат. Тагдыр аны: нур чачкан күнгө кубанып, мөлтүр, шар аккан суулга таңыркап, бирде куурайдан, бирде самандан тутанткан кызыл чок отко жылынып, анан жерден жем терип жеп, кайра учкан куштун артынан кубалап чуркаган тентек-шок күнүнөн: "Кой, бул бала экен, аяйынчы, наристе көңүлү, сезимтал-сезгич жүрөгү эртелеп муңга чөмүлбөсүнчү", – дебестен, чоң кишилерге түшкөн кыйын түйшүктү ага да ыйгарып, эркелетүү, капарсыз оюн-күлкүгө карк кылуу ордуна, андагы миллиондогон жана миллиондогон балдардын бириндей, өзгөчө орой-серт "согуштун баласы" деген жалпы атты тилазар замандын атынан - анын жокчулук, ачарчылык, жетимчилик жыттанган, ырыскысы өлчөлүү" сөз байлыгынан" алып, энчилеп берип койгон экен.

## СОГУШ БАШТАЛГАНДА ЭКИ ЖАШТА ЭЛЕ...

1939-жылдын 26-апрелинде Оштун Кара-Суусундагы Талдык деген айылда колхозчу адамдын үйүндө жарык дүйнөгө келет. Эки жаштан бир аз ашып калганда, тагыраак айтканда, жазмышка аманчылыгын экинчи мертебе "каттаткан" күндөн 57 күн өткөндөн кийин – 22-июнда алигидей башта тарыхта болбогон укмуштуу кан күйгөн согуш башталып отурбайбы.

– Атам 1942-жылы күздө аскерге кетти, – дейт Дүйшө Кудаярович. – Ошондо ал 32 жашта экен. Ошол бойдон үйгө 1947-жылы кайтып келди. Согушка чейин балдардан мен жалгыз экенмин, атам майданга кеткен жылы иним төрөлдү. Атам кеткенден кийин эле оор турмушка кабылдык. Адегенде көзү көрбөгөн, оорукчан чоң атам дүйнөдөн өткөн эле, 1943-жылы – согуштун дал күчөп турган учурунда кызыл жүгүрүк оорусу өтүшүп кетип апам каза болуп калды. Ач-жылаңач заманга кошулташыл болгон жетимчилик тагдыр...

Орустун залкар жазуучусу Леонид Леоновдун: "Согуштагы эң оор нерсе эмне? Бул – ок да, замбирек да эмес, а жоокердин ойго батышы", – деген бир сөзү бар. Мына ушунун өзүн согуш кыйынчылыгын өз жонунан өткөргөн кичинекей балдардын жазмышына карата да айтууга болот. Алардын "ойго батышы" – чоң кишилердин сесин учура санаа тартышы баарынан эң кыйын болгон. Бала болсо да, жокко кейибей, кайгыга алдырбай, биринен-бири супсак күндөргө наалат айтпай койчубу?

Алаамат чыкканда эки жашка толгон наристе айрылуулар менен жоготуулар агымында бат эле торолуп, тамагынын бырт тилген бычактай тикенди, курсагын ач кылган наны жок турмушту бардык балдарга берилген "оюнчук" сезип калды да, үшкүрүк, муңу көп чоң кишилер дүйнөсүнө четтен карабай, баш-оту менен аралашты. Бирок, мындан аркысын ал түк УНУТПАЙ калды:

– Ыраматылык чоң энем Күлбү Кошой кызынын колун карайбыз. Бел тутканыбыз да, "курсак тойгузаарыбыз" да – ушул түйшүк үчүн жаралган бечара Энем. Атасы согушта, апасы көз жумган биздей чиедей балдарга кандай гана үйрүлүп түшпөдү. Абдан зирек, кайраттуу жан эле. Кайран киши, балапандарына жем чогулткан таранчыдай, суук, карга карабай, колхоздун ансыз да таза жыйналган аңызынан машак терет, саман, куурай көтөрүп келип, от тутантып, аш жасайт, ал учурдагы бар байлыгыбыз – жалгыз эчкибиздин сүтүн 24 саатка үнөмдөп, суу кошуп – кымырандап ичирет. Кыскасын айтканда, эптеп өлбөстүн оокатын өткөрүү...



## "ЭЧКИНИН СУУ КОШУЛГАН СҮТҮ КӨҢҮЛГӨ КӨК ТАШТАЙ ТИЙГЕН"

Азыркы энелерде жана балдарда кеңири жайылган аз кандуулук оорусунун себебин витаминдүү зарыл тамак-аштан өксүп калуудан көргөн академик "эскерүүсүн" андан ары улантат:

– Мен эмдиги кезге дейре эң көп эстеп, балалык көңүлүмө көк таштай тийген "чүйгүн" тамак эмне экенин билесиңби? Айтайын: ал – алиги эчкинин суу кошулган сүтү. Каран калган согуш жылдарында биздин завтрагыбыз да, обедибиз да, ужинибиз да ошол суу кошулган сүт болоор эле. Ага нан туурап жейбиз. Эми ал наныбыздын "нан" аты эле бар. Аны да мээрман асыл жүрөгү, бийик адамдык парасаты менен баласынын балдары деп "чок" кечкен Энебиздин бүйрөлүгү, тыңдыгы, таңгаларлыктай кайраттуулугу аркасында насип кылып жатпайбызбы. Эгер ошондо карааны тоодой көрүнгөн Энем болбогондо, дагы кандай азапка туш келет элек, ким билет? Айылда бизден да турмушу начарлар болду. Деги, канча айткан менен бактыбыз бар экен.

Бут кийим дегенди билбедик. Биздин жаш буттар жерди да, ташты да жылаңаяк басты. Баарынан кызыгы – тамандарыбызга тикен да өтпөй калды. Үстүгө кийгендери-

биз деле, жайдын, кыштын кийими дегендей, кайдан жарытылуу болсун. Кичине бой көтөргөндөн тартып, карыкартаң, эне-эжелерибиз менен бир жүрүп, колхоз ишине аралаштык. Ат минип, өгүз жетелеп, соко айдаштык, машак терип, эгин тазалап, чөп чаап, мал-сал багыштык. 10 – 12ге чыкпай жатып, мүлдө колхоз жумуштарын жат билген эмгектүү турмуштун "профессору" да болдук...

Бул сөздөргө, менимче, эч кандай "комментарийдин" зарылдыгы жок.

## ЖАКШЫЛЫК, ЖАМАНДЫКТЫН АЛГАЧКЫ САБАКТАРЫ

Бу дүйнөдө квартирант сыңары эмес,
бир күнгө келип кеткен конок эмес,
өз үйүңдө жүргөндөй жашап өткүн.
Үрөнгө, топуракkка, деңизге ишен,
адамга ишен баарынан ир алдыда.
Булутту, машинаны, китепти сүй,
адамды сүй баарынан ир алдыда.

Бутактын куурап калган,
жылдыздын өчүп калган,
айбандын ченем чалган
сезе бил муң-кайгысын,
бирок сез ир алдыда адамдыкын.

Сүйүндүрсүн сени дайым жакшылыктар,
сүйүндүрсүн жарык менен караңгылык,
сүйүндүрсүн сени жылдын төрт мезгили,
бирок да бардыгынан ир алдыда
сүйүндүрсүн адам сени... –

деп жазган экен, түрктүн улуу акыны Назым Хикмет "Мемедге соңку катым" деген ырында. Улуу акын карачечекей жалгыз уулуна ушундай осуят калтырган.



Чынында, адамга ишенүү, адамды урматтоо, адамды эскерүү, адамга сыймыктануу деген кандай асыл нерселер. Тамчыдан – башат, башаттан – булак, булактан – дарыя, дарыядан – деңиз-көл куралган сыңары эле, пенденин жашоодон өз ордун таап жетилишинде эң эле көп жагдайлардын таасири тиет. Эң эле көп кишилер өмүр бою эсте сакталган оң жана терс сабактарын көрсөтөт. Бирок, мына ушунун бардыгынын ичинен жакшылык-жамандык дегенди алаканга салып тургандай тааныткан нукура турмуштук фактор – адамдык абийирыймандын ролу өзгөчө чечүүчү, өзгөчө аныктоочу касиет экендигин танууга болбос.

Дүйшө Кудаярович, балалык күнүнөн эленип, таразаланып, утур окуя-сыноолорго кошмоктолуп отуруп түптөлгөн адамдык парасатынын чындыгы катары өзүн ушул даражага жеткирген сүйүктүү чоң энесинин, атаапасынын, мектепте жана институтта окуткан мугалимдеринин, дагы көп-көп өмүр жолуна өрнөгүн тийгизген жакшы адамдардын таржымалдары жөнүндө аңгемелеп айтып отурса, уккан кишинин чери жазылат, көңүлү кубанат. Анткен себеби, алар – чыныгы чоң адамкерчиликтин мектеби болушкан.

Ойду – ой улайт, журналисттик ынтызардыктын күчү андан ары колдон алып жетелеп жөнөп, балалык эс тутумунун "дүнүйөсүн" аңтарып, академиктин портретине тартылчу кошумча штрихтерди табууга дагы башка жагынан "күрткү" жирейт, жол издейт.

– Адам балалык куракта жакшылыкты да, жамандыкты да катуу эстеп калат дешет. Атасы – "бири кайтса – ону кайтпаган, ону кайтса – жүзү кайтпаган" өрт күйгөн согушта, а апасы мезгилсиз көз жумган силердей балдардын коргоосуз үй-бүлөсүнө ал оор, абдан эле оор жылдарда кимдер чын жүрөгүнөн жакшылык жасашты да, а кимдер, анын тескерисинче, тайыз сапатын көрсөтүп, кыйын учурда кайрымсыздыгын, атүгүл карамүртөз жоругун таңуулап, көңүлүңөрдү калтырды?

Ошондой кишилер эсиңиздеби? – деп суроо узатам маектешиме.

– Андай жакшылык жасаган адамдардын бирин мен өмүр бою унута албасмын, – дейт Дүйшө Кудаярович, менин ыйман, мүнөз "сорттогон" суроомо тыным жасап, ойлуу жооп берүү менен. – Аты деле эсимде сакталып калбаптыр, ал – атамдын досу, Өзбекстандын бизге чектеш жеринде ферма башчысы болуп иштеген кайрымдуу, жүзү жарык киши болучу. Ары-бери мал айдап өткөндө ун, талкан таштап кетет. "Жакшылык жасасаң, аны доомат кылбагын", – дегендей, ал артынып келген азыгын эч бир колкосуз, ак пейили менен тапшырчу. Өп-чап турмуш өткөргөн согуш кезинде бул кандай майрам экенин өзүң да элестетип көр. Энем бечара кайра-кайра алкап, а биз, балдар, ошол курсак кампайткан ун, талкан менен кошо жүрөгүбүзгө кандайдыр нур төккөн жакшылык нерсенин үрөнүн алчубуз.

"Жакшынын жакшылыгы – ар жерде, жамандын кесепети – тар жерде", – деген кыргыздын дагы бир накыл кеби бар эмеспи. Чынында, мындай ыймандуу, дос, жолдош кадырын жонду жукартып, көңүлдү өксүткөн кыйын чакта да аздектеп сактаган эр мүнөз адамды унутууга болбойт!

Ал эми "тескери" жагынан алганда, өзүбүздүн башкарманы эле айтайын. Ал бизге алыс деле эмес – таякелерибиз болуп кетчү. Колхозго бир жылкы, бир уюбузду кириш жасап алып, ошол малдарыбызды "унут" кылып коюп, кийин атам урушка кеткенде караманча жардам бербей койсо болобу. Ыза келээрлик, көңүл калаарлык, дагы таамайлап айтканда, кечирим кылбаган абийир сотуна салаарлык иш бекен, иним? Бирок, мен ушул кайрымсыз, "унутчаак" кишиге деле кек сактаган жокмун.

Чоңойдук, өстүк, бардыгын адилет Кудай өзү көрүп турат, белгилүү врач болуп, колумдан бир нерсе келген "келме кезектин" учуру да жетти. Ошондо ага да жакшылык-жардамымды аябай, ак жүрөгүмдөн мамиле жасоого аракеттенип жүрдүм. Бул өңдүү турмуштук мисалдар бир эле башкарма "таякеме" таандык нерсе эмес экенин сөз ыңгайы келгенде атайы баса белгилеп өтөйүн. Пенде табияты ушундай жаралса керек, жок кезде сенден алыстап, а беделиң артканда сага "тууган", "жакын" болуп агылып келгендер көп эле болот экен. Мен алардын бирине да тардык, кекчилдик же карамүртөз мамиле жасоого ниетим чаппайт, ага эч качан адамдык, дабагерлик ыйманым жол бербейт...



Мына ушундай. Жогоруда берилген жооптун өзү эле Дүйшө Кудаяровичтин турмушта, кесип жолунда, илимде, педагогдук жана жетекчилик жооптуу кызматтарында кандай Адам экенин эң сонун ырастап турат.

Ушундан улам, улуу француз жазуучусу Оноре де Бальзактын мына бул сөзү эсиме келет:

"Эгерде адамдын ниетинде асыл ишке умтулуунун духу сакталып калса, ал кандай шарттарда болбосун калгандарынан айырмаланып, убактылуу кыйналып, жакырчылыктын сазына батса да, акыры жогору калкып чыкпай койбойт".

Бул ойду бардыгыбыз сүйгөн атактуу жазуучу, актёр жана кинорежиссёр Василий Шукшиндин олуядай айтылган төмөнкүдөй сөзү андан ары ички контекст менен толуктайт:

"Жөнөкөй адамдар" дегенди жек көрөмүн. "Жөнөкөйлөр" да, маданияттуулар да жок. Адамды сыртынан мындайча бөлүүдөн өткөн эч кандай кемсинтүү болбойт! Бар болгону бир гана ички айырма: адамдык белги бар. Адамдын баркы бар".

Адамдык белги! Адамдык барк! Жакшылык-жамандыктын сабактары! Алыкул жазгандай, "чын сөздү туура айтуудан эч качан тайманбоо" керек: 70 жаштагы мекендешибиздин "өмүр баяндык мүнөздөмөсү" эң көптөрдөн, баарыдан мурда, дал ушул артыкчылыгы – байлыкка да, даража-мансапка да сатылбас табигый касиети менен айырмаланып тургандыгы жазган калем-

дин үчүн кубантып, соңку келүүчү баян тизмегин "ашыктырат" да, замандаштык көңүлүмдү алданемедей сыймыкка бөлөйт.

## "ЧЫН ЭЛЕ СОГУШ БҮТТҮ, АЗАП БҮТТҮ..."

Согуштун бала эсинде калган алгачкы "драмаларынан" бери 65 – 66 жыл өттү. Ошол шарт, ошол чактагы элеттик жай адамдардын жаман дарт тийгендей үрпөйө түшкөнү, көп сүйлөшпөгөнү, сүйлөшкөн күндө да, ал сөздөрүндө кандайдыр купуялыктын – ички жан-дүйнө дүрбөлөңүнүн орун алышы, анан эң кыйыны, ар бир үй, ар бир айылды аңдыган эң эле армандуу жагдайы – дагы узак-узак айларга созулчу айрылуулар менен жаш төгүүлөрдүн толкуну күн көзүн чүмбөттөп, калың каптаган туман сыяктуу ушул кичине баланын сезим отун да бара-бара отуруп өз "иримине" оп тартып алганын дагы бир жолу кайталап айтуу ашыктык кылбас.

1945-жылы көптөн күткөн Жеңиш келди. Адамдардын маанайы жаадырап, жашоо-турмушка кадимкидей жандануу кирип, сынган бүтөлүп, өлгөн тирилбесе да, илгери үмүттүн жышааны үй-үйлөргө биротоло баш бакты.

Чын эле согуш бүттү, азап бүттү,
Асмандан бакыт кушу жерге түштү.
Үкүлүү жакшылыктын аттары узап,
Кошулду байгерчилик үстүнө үстү... (А.Осмонов)

Арадан эки жыл өтүп – 1947-жылы атасы аскерден кайтты. Мына ушундан тартып алардын "жарым жан" үй-бүлөсүндө өзгөрүү башталды. Улуу Жеңиштин жана тынччылык күндөрдүн үзүрү кандай болоорун ошондон кийин гана чындап сезгендей болушту. Курсак аздыр-көптүр тоюнуп, кийим аздыр-көптүр бүтөлүп дегендей.

Чоң энеси балдардын атасына Бурул деген бир тууган балдызын алып берет. Бурул таеже жээндерине



башта эле жакшы каралашып, эне жытын – эркелик сезимди сагынган көңүлдөрүнө мээрим төгүп турган жан эле. Буйрук экен, атасы ушул кийинки жубайынан мончоктой жети перзенттүү болду. Жалпысынан үч кыз, алты эркек бир тууган болушса, азыр ошонун сегизинин көзү тирүү. Бурул апасы мындан он беш жылдай мурда 66 жашка чыгып каза болду.

## БИР ЖАРЫМ ЖЫЛДА ҮЧ КЛАССТЫ БҮТҮРГӨН ОКУЯ

Дүйшө Кудаярович 1947-жылы 1-класска барат. Мектепте жакшы окуйт. Пилан, Исраил Сулайманов деген жакшы мугалимдерден сабак алат. Исраил Сулайманов согушта туткундан бошоп келген сонун киши болчу деп эскерет. Бир жарым жылда эле үчүнчү класска аттаган окуя – анын окуучулук ийгилиги.

Дагы эле жыңайлак бастырган жетишпеген турмуш. Ошого деле карашпайт. "Ошол мезгилде, дептер жетишпегендигинен, китептердин сыртын жыртып алып, ошого жазчубуз. Бир дептер жана бир түстүү карандаш алуу ал кезде мен үчүн чоң байлыктай сезилчү", – дейт.

Өздөрү жашаган айылдын миң кырдуу жаңылыктарын артынып келишип, класстарда отурушат. Ач өзөк, чала тоют болгон курсактардын курулдагына карабастан:

Алма берип колунан,
Кучактатып мойнунан,
Сталин – өз атабыз,
Жыргап өсүп жатабыз! –

деген ырды гимн сыяктуу чурулдап ырдашат.

Балалык кездин кайталангыстыгы ай! Баары бир балалык кезге эч нерсе жетпейт. Шатыра-шатман оюнга берилип келишет да, кайра эле заматта ылай дубалдуу класста учкан чымындын үнүн угузуп, тымтырс, олут-

туу отурушат. "Боору бүтүн, жаны эсен ким бар" деген-дей, араларында аталары, агалары согуштан кайтпаган "жаралуулар" да аз эмес. Балдар аны сабак жүргөн саатта сездиришпейт...

– Талдыкта 7-классты жети бала бүтүргөн элек, – дейт Дүйшө Кудаярович. – Бул окуя Сталин дүйнөдөн өткөн 1953-жылга туура келди. Оо, анда элдин Сталинге аза күтүп ыйлаганын сураба. Тимеле улуу-кичүү дебей, чын жүрөгүнөн башын жерге салып кайгырган. Кийин көп эле жетекчи өттү, бирок өз келечегин, бактысыздыгын анын аты менен байланыштырып, орду эч качан толбоочудай, Совет өлкөсү душман кысмагына кайра капталып калчудай калк чочулап-коркуп, жалпы жоктоого алынган андай жетекчини көрбөдүм.

## "БИОЛОГИЯ, ХИМИЯНЫ ЖАНЫМДАЙ ЖАКШЫ КӨРЧҮМҮН"

– Ошентип, ошол жылы жети жылдыкты аяктап, 8-классты кадимки Курманжан датка туулган Мады айлындагы – биздин айылдан 35 чакырым алыстыктагы орто мектепке кирип, бирөөнүн үйүнө жатып окугамын, – дейт маектешим. – Мында да жакшы мугалимдердин колуна туш келдим. Асек Курамаев – физика, математикадан, Жандралы Усубалиев – химиядан, Людмила Лебедева – орус тилинен, Шаарбан эжеке (Абдраева) – тарых сабагынан беришчү.

Сүйүп окуган сабактарым: физика, математика, химия, биология боло турган. Өзгөчө, биологияны, химияны жанымдай жакшы көрчүмүн. Кийин ойлосом, бул да бекеринен болгон эмес окшойт. Анткен себеби, врач болсом – эл дарыласам деген тилегиме дал ушул табигый илимдер сабактары, андан тышкары, адам, жандуулар табиятын үйрөткөн биологияны жакын көргөнүм эң эле көп өлчөмдө жандоочу болгон сыяктанбайбы. Мек-



тепти бүтөөр-бүткөнчө "төрт" жана "беш" деген баадан артка чегингеним жок.

Мады мектебинен бүтүргөндөр эки класстын балдары эле. Окууга мени менен алты бала Фрунзеге келгенбиз, бирок институтка мен гана өтүптүрмүн, калгандары экзамендеп "жыгылышып", кайра кетишкен...

Маңдайга жазылгандан ашык да, кем да калбайсың деп айтылат эмеспи эбактан берки элдик ишенимде, ошонун сыңарындай, Дүйшө Кудаяровичтин врач болом деп белгисиз сыноолорго бел байлап, эзели көрүп-билбеген Фрунзе шаарына аттанып жөнөшүнүн өзүндө, мына ошол маңдайга жазылган буйруктун жышаанасы чагылып жатканын бүгүнкү күндө да жокко чыгарууга болбойт. Алыс жердеги көрөөр күн, ичээр суу, татаар ырыскынын сыр-жолдомосу барып-келип эле ушул аталган сапардан башталган.

## КАТЯ ФЕЛЬДШЕР. ДОКТУР БОЛУУ ТИЛЕГИ

Биринчи жолу доктурду качан, кандай жагдайда көрдү болду экен? Бул да өзүнчө кызык суроо. Көрсө, ак халат кийип, шприц көтөрүп, эл дарылап, тестиер балага абдан катуу таасир тийгизген ошондой доктур – Украинадан келген Катя деген фельдшер аял болуптур. Ал кыргызча таптак сүйлөп, мектептеги балдар-кыздарга эмдөө жүргүзүп, өз кызматын берилгендик менен аткарып жатса, аябагандай таңыркап карай берчүмүн дейт.

8-класска дейре орусту көрбөгөн (!) бала, ушул фельдшер жана орус тилинен окуткан Людмила Лебедева деген мугалимден улам, кыргызга көп жакшылык жасаган уюткулуу элдин өкүлдөрү жөнүндө эстен кетпеген түшүнүк алгандыгы да атайы баса белгилеп коюучу окуя.

Анда эмне, кыргыздар эмчи-домчу, бүбү-бакшылардын "жардамына" кадимкидей күн түшүрүп, билим же-

тишсиз болуп турган кез. Аттиң десең, эгер ошол 1940-жылдардын башында медицина элет жеринде өнүгүп, врачтар элди азыркыдай өз көзөмөлүнө алганда, эки буту баспай, кызыл жүгүрүгү өтүшүп кетип көз жумган апасы деле күн көрүп, суу ичип, балдарынын кашында жүрмөк экен. Алгачкы доктурларды көргөндө, сезимтал өспүрүмдүн көкүрөгүн дал ушундай өкүнүчтүү, эрин тиштетип, кандайдыр бир бүтүм чыгарууга түртмөлөгөн сан ойлор бийлейт. Врач болсом деген тилегине биротоло бекийт.

– Азыр ойлосом, кичине балдарды: кызамык, чечек, паротит жана дагы ар кандай инфекциялык оорулар кыйла эле кыйратып кетчү экен, – дейт академик. – Өз убагында алдын-ала эмдөөлөрдүн болбогондугунан улам ушул абал орун алып жатпайбы. Мындан тышкары, котур, бөружатыш, чакалай, таз ж.б. тери оорулары да көп эле. Заман жакшырды, медицина өнүктү, мына ушундан кийин гана, кандай куракткагы адам болбосун, ооруканага жатып, таза айыгып чыгаарына мүмкүнчүлүк түзүлүп, доктурларга бек ишеним күчөдү...

1956-жылдын жайында, ал биринчи жолу поездге отуруп, Фрунзедеги медициналык институтка өтүү үчүн көңүл дегдетип, кыял-сезим көкөлөткөн асыл максаттын айдыңын көздөй бет алып жөнөйт.

Балалык курагы ушуну менен чек коюп, бүттү. Ал жана анын чоң турмуш жолуна аттанган курбалдаштары адаттан тышкары ойлуу эле. Муну бир сөз менен чечмелей албайсың. Күндөрү оор, айлары катаал болсо да, согуштан кийинки замандын балдары ал өмүрдө бир келген кымбат курактын дооруна таарынычын да, өкүнүчүн да калтырбай, тобокелдүү жазмыш шартында балалык менен кантип коштошкондорун билбей да калышты.

Ошондо болочок академиктин бою 150 сантиметрге да жетпей, салмагы 47 кг гана эле.



## БАЛАЛЫККА БАЙЛАНЫШКАН АНКЕТА

**– Бала чагыңызда жылдын кайсы мезгилин жакшы көрчү элеңиз?**

– Кыштын күндөрү коньки, чана тээп жүргөндү жакшы көрчүмүн. А жайдын күндөрү – бир дайрабыз бар эле, ошого барып сууга түшкөндү жакшы көрчүмүн. Ошондой жылдын кыш, жай күндөрүн унутпай эсте сактаган балалык күндөрүм өткөн.

**– Туулган жер түшкө киргенде, адам кубанат же ал жакка сапар тартат деп айткандарды угуп жүрөм. Бул жышаан сизде кандай?**

– Андай деле жышаанды сезген жокмун. Бирөөлөрдө болсо – болоор.

**– Жети атаңызды бала кезиңизден эле айттырышса керек?**

– Улуу кишилер: ар ким жети атасын билиш керек деп айтышчу. Бул – бала кезден алган сабак. Менин жети атам: Кудаяр, Жусупбек, Кошой, Калча, Эсенгул, Берди, Дүйшө.

**– Бала чакта колдон түшүрбөй сүйүп окуган китептериңиз?**

– Ал убакта элет жеринде китеп деген аябай жетишсиз болчу. Түгөлбай Сыдыкбековдун "Биздин замандын кишилери" деген калың китебин балдар баарыбыз талашып жүрүп окучубуз. Касымалы Жантөшевдин "Каныбегин" да мен чоңоюп эле калганда кызыгып окудум. Китепканабыз деле жок болчу. "Курманбек", "Эр Төштүк", "Эр Табылды" деген дастандардын айрым-айрым үзүндүлөрүн таап алып, кайра-кайра кайталап окуган учурларым эсимден кетпейт. Биздин балалыгыбыздын көркөм китептери мына ушундай үзүл-кесил жеткен эне тилибиздеги адабий чыгармалар болгон.

**– Бирөөнүн жемиш багына же коон-дарбызына ууруга кирчү белеңиз? Анткен себеби, өз "тажрыйбабыздан" билип калгандай, уурдап жеген тамак ар бир балага таттуу болот эмеспи?**

— 8-класста окуп жүргөнүбүздө, алма, өрүк, дагы башка жемиш бактары, коон-дарбызы бар бирөөнүн үйүндө туруп калдык. Бала экенбиз да, күндүзү мөмө-чөмөгө тоюп жүрсөк да, түнкүсүн туруп алып, ошолордун дарбызынан, коонунан "көрсөтпөй" көтөрүп келип ашайбыз. Мына ушунун өзү уурулук эмеспи. Анан эртеси үй ээси абышка бизди урушуп кирет, силерди ой-боюңарча тойгузуп жатсам деле, тимпинтип бакчама уурулук кыласыңар деп. Бул Маңыда жүргөндө жасаган жоругубуз. Ал эми биздин айыл Талдыкта коон-дарбыз түгүл, алма да өсчү эмес. Картошка гана айдашчу. Тоолуу, дыйканчылыктан алыс турган айыл эле. Деңиз деңгээлинен 2 миң метр бийиктикте жайгашкан. Балким, айылдаштарым анда алма, өрүк, башка жер байлыгын тигүүнү билбесе да керек. Талдыкта эми-эми гана тоолуу климатка ыңгайлашкан жер-жемишти айдап калышты.

**— Абдан берилип ойногон оюнуңуз?**

— Волейбол ойноону жакшы көрчүмүн. Боюм кичине болсо да.

**— Тентек белеңиз? Эгер тентек болсоңуз, ушуга байланыштуу эстен чыкпаган бир окуя?**

— Тентектигимди деле анча сезе албадым. Анткени, ал кезде атабыз армияда болуп, апам, чоң атам өлүп, карган чоң энебиздин колунда өскөндүктөн, антип шок мүнөзүмдү көрсөтүүгө чөйрө, шарт да жок эле. Мектепте жакшы окучумун. Ошол себептен, чектен чыккан балдар тийиш алчу эмес. Токтоо, бир мүнөз, тартиптүү балдардын мектепте кадыр-баркы чоң болчу.

**— Улуу адамдардын батасын көп эле алгандырсыз?**

— Көп эле алдым. Бала кезимде колхоздун аңызынан машак терип, башка майда-барат жумуштарды жасап, соко айдаганда атка минип, жардам берип калсам, андай улуу кишилер: сен тыңсың, элпек баласың, ушунуңдан жазба, аман чоңойсоң, сенден жакшы адам чыгат, өркөнүң өссүн деп эле айтаарга сөз таппай, баталарын берип жатып калышчу. Бир да бирөөнүн тилдеп-урушкан жаман сөзүн укпа-



дым. Кайра мени качан болбосун үлгү кылып сүйлөшүп, сабагын билбеген, жумушка чыкпаган балдарды менин мисалым аркылуу уяткарып коюшчу. Өзүм кичинекей болсом да, улуулардын айткан сөзүн илгиртпестен аткарган абдан элпек мүнөз бала элем.

**— Биринчи көргөн киноңуз?**

— Ал убакта Чапаев жөнүндө кинону бардыгы көрүшчү. Мен кайра-кайра барып көрчүмүн. Анан дагы көлдөн ат менен кечип өткөн жакшы кино болоор эле. Жаңылбасам, "Акбоз ат" деп аталса керек. Аны да ошондой жадабай барып көрчүмүн.

**— Үй-бүлөдөгү балдардын улуусу болгон соң, бөбөктөрүңүздү көтөрүп жүрүп чоңойтсоңуз керек? Аларга кандай "тарбия" берчү элеңиз?**

— Менден кийинки бир тууган иним 47 жашында каза болуп калды. Аты Сапар болчу, атам согушка кеткенден кийин төрөлгөн. Ушул иним менен атам аскерден кайра келгенге чейин бирге чоңоюп калдык. Энем (чоң энем) талаадан машак тергени кетип, бизди үйгө камап койчу. Иним өтө тентек болчу, от-чокко түшүп калбасын деген ой менен белинен аркан менен байлап, анын учун ортого орнотулган түркүккө күрмөп кетээр эле. Мен болсом, алдына тамак апкелип коюп, көз салып тураар элем. Сыртка чыкканда, жалгыз коё бербей, жетелеп жүрөм. Эч нерседен тартынчу эмес. Бир жолу, башкармасыбы, сельсоветиби – атчан келип калса: аба, сиз жерге түшүңүзчү, мен ордуңузга минип турайын деп айтып жатпайбы. Ошондо беш-алтыдагы эле наристе убагы экен. Тиги киши атын берсе, ал азоорок ат экен, иним ага карабай, бир топ жерге чейин чаап барып, кайра кадимкидей кайрылып келген. Жыгылып калат, кокустап калат деп чочулап караган ат ээси ошондо: сен кыйын экенсиң, тың экенсиң, улакчы болчу, өсө турган бала экенсиң деп ыраазы боло сүйлөгөнү эсимде. Ушул иним кийин мединституттун стоматология факультетин бүтүрүп, Ош областтык оорукананын тиш дарылоо по-

ликлиникасында башкы врач болуп иштеп жүрүп, боордун цирроз оорусунан 1989-жылы каза болуп калды.

Кийинки апамдан төрөлгөн бөбөктөрүмдү бага албай калдым. Эмне үчүн дегенде, ал убакта – 1953-жылдан тарта Мадыга барып жатып окуп, окуумду улантууга туура келди. Мектептен кийин борборго кеттим.

**– Наристе сүйүү деп коёт. Ошондой сезимди баштан өткөргөнсүзбү? Кыздарга кат жазгансызбы?**

– Кыздарга кат жазып, кат алып эле жүрчүбүз. Эмнегедир кыздарга "сүйкүмдүү" элем. Же менин жакшы окуп, токтоо жүргөнүм себеп болчубу, же боюмдун кичинекейлигинен уламбы – айтор, өзүмдөн улуу кыздар деле сөз айтып, "мамилесин" билдире беришчү. Бирок, мен окууга гана алаксып, кыздардын ал мамилесине анча көңүл да бурчу эмесмин.

**– Ыр жазгансызбы?**

– Ырга шыгым жок эле.

**– Бала чакта көргөн чынчыл кишилердин иш-аракетинен мисал келтирсеңиз?**

– Айылда мугалимдерим, улуу кишилер ошондой жакшы таалим-сабактарын беришкен. Алар качан болбосун: ыймандуу болгула, калп айтпагыла, жакшы окугула, улууну сыйлагыла, максаттуу адам болуп өскүлө деген акыл-сөздөрүн кулагыбызга куюп, өздөрү да андай турмуштук өрнөктөрүн көрсөтүшкөн.

**– Куран окуганды жашыңызда эле үйрөнсөңүз керек?**

– Атам өзү молдо болчу. Куранды абдан жакшы билген, көзү өткөнгө дейре айылдын имамы да болуп жүрдү. Эски убакта "Чаар китеп" деген китеп болчу экен, ошону толук бойдон окуп-үйрөнгөн киши. Бизге курандын кыска түрүн гана үйрөтүп калды. Мусулман баласы болгондон кийин намазга жыгылгыла деп көп айтып жүрдү, бирок, биз аны аткара албадык. Куран окуган адам – ыймандуу, Кудайдан корккон адам болот, мен андай кишини бала кезимден абдан урматтачумун, сыйлачумун.



**– Эң биринчи жолу канча жашыңызда сүрөткө түштүңүз? Ошол сүрөтүңүз сакталганбы?**

– Өмүрүмдө биринчи жолу түшкөн сүрөтүм – 7 жылдыкты бүтө электе, төртүнчү же бешинчи класста түшкөн сүрөтүм болсо керек эле. Фуфайка кийип, момпоюп турган дагы бир сүрөтүм бар эле, ошону сактап эле жүрчүмүн, азыр архивимде жок, издештирип эле жатам – таппайм. Ага качан түшкөнүмдү өзүм да билбейм.

**– Бала кезде ден соолугуңуз кандай эле? Кесепеттүү оорулар менен ооругансызбы?**

– Жаш балдарда кездешкен кызамык, чечек сыяктуу оорулар менен ооругам. Башка ooруларга кабылган жокмун.

**– Кайсыл ырды жакшы көрүп ырдачу элеңиз?**

– Табиятымдан ырга, музыкага шыктуу эмесмин.

**– Жаныбарларды (мисалы, ит, ат, куштардан: көгүчкөн, тоок ж.б.) кандай көрчү элеңиз?**

– Кекиликти аябай жакшы көрчүмүн. Сайраганы көңүлүмө жакчу. Тооктун короозун да ошондой куштарымдын катарына кошчумун. Ат мингенди абдан жактырчумун.

**– Академик Миталип Мамытовдун бир айтканы эске келет. Ал бала кезде, үйдө эч ким жокто, цыган аял келип: тоок сой, мен ошого ырым жасап, сенин болочок жолуңду ачам деп, тоок сойдуруп, бала көңүлүн таңданткан кандайдыр бир "сыр" көрсөтүп кетиптир. А сизде ушул сыяктуу сырдуу дүйнөгө таандык – бүт өмүр бою эстелип калуучу кызык окуя болду беле?**

– Андай окуя эсимде жок.

**– Классташтарыңыздын азыр канчасы бар?**

– Баарын эсептеш кыйын. Кайтып кеткендери да бир топ болуп калды. 7-классты Талдыкта бар болгону жети бала бүткөнбүз. Анын ичинен үч-төртөөбүз эле окууну улантып, кыздарыбыз турмушка чыгып кетишкен. Мады орто мектебинде "А" жана "Б" деген эки класска топтолуп окудук. Ошондон алты бала чоң окууга өтөбүз деп

азыркы Бишкекке келдик. Көбүбүз мединститутка документ тапшырдык. Экөө политехникалык институтту көздөдү. Ошол алты баладан жалгыз мен өтүп калып, калганы баары кайтып, айылга кеткен. Бир класссташым медучилищени, андан кийин мединститутту бүттү. Турмуш класссташтарымды өз-өз ордуна койду.

**– Туулуп-өскөн айылыңызда азыр бир тууган-дарыңыздан кимдер бар?**

– Эки иним бар. Атамдын конушун ээлеп калышкан. Эмдиги замандын талабына ылайык, эл катары тиричилик өткөрүп жатышат.



# III. МАКСАТ ЖОЛУ – КЫЯЛАП КӨТӨРҮЛГӨН ЧОҢ АШУУ

***Эмне үчүн булак дарыяга куят, дарыя деңизге куят, деңиз океанга куят? Анткени, ар бир кийинкиси жапыз болот, кенен болот, терең болот. Сен дагы ошондой болсоң, адамдар сага агылып келе берет.***

*КОНФУЦИЙ*

***Оригиналдуу адам айланасынан көптөгөн оригиналдуу адамдарды көрөт, а акмак үчүн элдин баары эле бүт бойдон акмактар.***

*ПАСКАЛЬ*

## БИРИНЧИ ЖОЛУ БОРБОРГО КЕЛГЕНДЕ

Мына, Дүйшө Кудаярович менен анын иш бөлмөсүндө эбак "эс тутум реликвиясына" айланган жашчылык күндөрү жөнүндө сүйлөшүп отурабыз. Ал сөздү өз ирети менен баштайт:

– Ошентип, Кара-Суу станциясынан товардык поездге отурдук. Бул 1956-жылдын жайы эле. Ага дейре өмүрүмдө поездди көрө да, түшө да элек болчумун. Жалпы вагонго билет алып, балдар менен жолго чыктым. Ишенгеним – бир жолдош баламдын борбор калаада сырттан окуган агасынын тосуп алам деген сөзү. Жездем да сырттан окуган окууда болчу, тосуп алам деп убадасын берген.

Поездде ушунчалык эл көп экен. Отураарга орун жок, чемодан койгон жерге улам кезектешип уктап жүрүп отурдук. Өзбекстанды аралап өттүк. Сак-сактаганыбыз – жүктөрүбүз, документтерибиз, ата-энебиз берген бир аз акча-тыйыныбыз. Анткен себеби, жолго чыгаарда: чөнтөкчүлөр, уурулар тоноп кетпесин, сак болгула, уктасаңар да кезек менен уктагыла деп узаткандар кулагыбызга куйган. Үйдөн бир кадам узагандан кийин мусапыр болосуң деген чын экен, башта эч жакка чыга элек жаныбыз, бир заматта эле башка дүйнөгө киргендей, поезд улам арылап жылган сайын ойду да, көңүлдү да бир жерге топтоп, кандайдыр бир дем менен өзүбүздү өзүбүз чыйралтып, бара турган, түшө турган жерибизге алдын-ала "психологиялык" даярдык менен келаттык. Азыркы көзгө тааныш Бишкек калаасынын темир жол вокзалына эки жарым суткада келип жеттик...

"Жолдун баары Римге алпарат", – деп байыркы европалыктар айтышчу экен. Анын сыңары, Дүйшө Кудаярович 17 жашында келген Бишкек калаасы ар бир кыргыз баласы үчүн ошондой эле жолдун баарын түйүндөгөн – билим конгон, өнөр конгон, тамыры да, тагдыры да Ата Журт зоболосу менен бек байланган ырыскылуу борбор го. Анын карааны ысык ак босогосун биринчи, экинчи... онунчу... жүзүнчү... миңинчи... он миңинчи жолу аттагандар бар. Ар бир каттам ушунчалык кызык, ар бир келиш жаңдан өткөрө сагынычтуу жана өз себеп-шартына жараша терең поэтикалуу. Бирок, жүрөгүндө оту бар элет баласы үчүн куттуу калаанын нурдуу аурасы менен келип "учурашкан" БИРИНЧИ САПАР эч убакта унутулбайт!



Мына, каарманыбыз 53 жылдан бери кыргыз борборунун жашоочусу болуп келет.

Мына, 53 жылдан бери сүйүктүү шаардын агарып аткан таңдары менен кызарып баткан кечтерине бейкуттук, бейпилдик, жакшылык гана каалаган чаалыкпас чын жолдош болот.

Тирүүлүк насип ушунусу менен кызык турбайбы, адам өзүнүн бир же он жылын эмес, а бүтүндөй өмүрүн, өмүр болгондо да, таалайын данакерлеген эмгектүү жылдарын калтырган жер баарынан ысык көрүнүп калат экен. Бишкек ал үчүн ошондой нур калаа – тилегин да, дил-оюн да мухит болуп тазарткан Ата Мекен Меккеси. Эми андан бөлүнбөйт, ажырабайт, бир акын айткандай, "андай сөзгө кулак да салбайт".

Дүйшө Кудаярович эскерет:

– Ошол сапарда борборго алты бала бирге келдик. Арабызда кыздар жок болчу. Вокзалдан жездем тосуп алып, ал да бир татардын квартирасында турат экен, экөөбүз беш-алты күн керебетинде чогуу жатып жүрдүк. Турмуштун кыйындыгын, жайым тар, орун жок деп доомат артпаган пейилдин сонундугун карабайсыңбы.

Аңгыча, медициналык институтта окуган жердеш балдар келип калып, алар менен шерик болуп, башка квартирага чыктым.

Вокзалдан түшкөндөн кийинки дагы бир кызыкты айтайын. Ошондо шаарда № 1-маршрут деген троллейбус жүрөт экен. Түшкөн жерибизден отуруп, кетип баратабыз. Эми таңгалганды сураба. Тигинтип Оштон бери өмүрүмдө көрбөгөн узун составдуу "от арабага" түшүп келсем, бул жерде бир жакка качып кетчүдөй зым менен "аркандалып" жүгүргөн троллейбус аттуу унаага түшүп

баратам. Улам мерчемдүү жерге жетип, эл түшүрүп, эл алат. Бир кезде балдар: "Ала-Тоодон өттүк, Ала-Тоодон өттүк", – деп эле жарданып сүйлөп калышса, мен алардын сөзүнө түшүнбөй: "Тоо болгондо, кайсы тоодон өттүк болду экен? Шаарда да тоо болобу? Ал каякта? Тиги балдар эмнени айтып жатышат?" – деп, дендароо ой менен таңыркап жүрбөйүмбү. Көрсө, балдар азыркы Чүй жана Эркиндик көчөлөрүнүн кесилишиндеги кадимки "Ала-Тоо" кинотеатрын айтып жатышкан турбайбы. Мен троллейбустун сол жагына отуруп калып, оң тарапта турган айтылуу кинотеатрды көрбөй өтүп кете берипмин. Борбор калаанын троллейбустан көрбөгөн "Тоосу" менен биринчи мертебе мына ушинтип таанышкам.

Шаарга дегеле кайсы тарап, кайсы жол менен келгенимди билбейм. Батыш да бир – чыгыш да бир, түндүк да бир – түштүк да бир. Тимеле төрт айлана эски тартип-ордунан алмашылып калгандай. Адегенде бир топ эле чоочуркап, көнө албай жүрдүм...

Эми өз турмушун Бишкексиз элестете албаган академик, ушул жерге келгенде, аста жылмая, ойго батат. Анын бул турушунда: "Мен ким элем, ким болдум? Алгач кантип келдим эле, анан кандай шаар атуулуна айландым?" – деген сырдуу да, суроолуу да көз караш.

17 жана 70 жаш...

Эки ортодо – тагдыр көпүрөсү туташтырган өтө алыс-алыс аралык.

Эки ортодо – чачка ак киргизип, көздүн курчун алып, жүрөккө салмак кошуп зымырылган – сабалаган жылдар.

Оо, сабалаган жылдар...



## "КӨЗДӨН УЧКАН КӨК ЖЭЭК" – МЕДИНСТИТУТТУН АСТАНАСЫ

– Мени көптөн эңсеген мединститутка жездем ээрчитип келди, – дейт Дүйшө Кудаярович. – Документтеримди да ошол жездем тапшыртты. Тиги-бу жетишпеген кагаздарымды кошо жанымда жүрүп толуктап, сүрөткө да түшүрүп, абитуриентке керектүү бардык жол-жоболорду тиш каккандык кылып жакшы түшүндүрүп берди.

Атам кетээрде эки мүшөк картошка, улагын сатып, тыйын-тыпыр камдап, анан бир ак көйнөк сатып берди эле, ошол ак көйнөктү кийип делбектеп жүрөм. Бутта болсо, кирзовой өтүк.

Анда мединститут азыркы Улуттук госпиталдын көз оорулар бөлүмү жайгашкан үч кабаттуу имаратта болучу. Көзүмө тимеле асман менен шынаарлашып тургандай укмуш көрүндү. Өзүмө окшоп туш тараптан келген балдар-кыздар абдан көп, бардыгы-жакшы үмүт, жакшы тилек менен окууга өтсөм деп келгендер.

Ошол жылы институтта педиатрия факультети жаңы ачылып жатыптыр. Ошого тапшырдым. Балдар врачы болот экен, балдар менен иштешет экен десе, оңдой берди болуп, көңүлүмө ушул багыт төп келип жатпайбы.

Орус тил, чет тилден гана "4", калган экзамендерди "5ке" тапшырдым. Аңгемелешүүгө киргенимде, өмүр баянды орусча сурашат экен, аны тилдин жетишинче айтып бергендей болдум. Боюм аябай кичинекей –150 см болуп туруп, тыкылдап жооп берип жатсам, ыраазы болуп калган окшойт, Шеров деген декан агай: "Бул бала тың бала экен, окуп кете алат, көрүнүп турбайбы", – деп колдоо көрсөтүп сүйлөдү.

Ректорду ал убакта директор дешчү, окуу жайдын директору Фатима Нургазиева эже, менин кандай үй-бүлөдө чоңойгонумду билгиси келгендей, сынай карап туруп: "Сени апаң урабы?" – деген суроону берди. Мен, апам кичинекейимде ооруп каза болуп калганын, азыр атам кийинки апам менен жашап жатканын, мени үй-бүлөдөн эч ким урбай турганын айттым.

Ошентип, окууга өтүп кеттим. Педиатрия факультетине 40 студент кабыл алынды. Арасында мен сыяктуу "сары ооз балапандар" да, жашы 25ке жетип, атүгүл 30га чыгып калгандары да бар. Жатакана берип, стипендия чектешти. Стипендияга жетүү үчүн семестрлерде "3" алып калбоого тырышуу керек экендигин мугалимдерибиз биринчи күнү эле эскертип айтышты...

– А баягы Оштон бери сиз менен чогуу келген алты баланын тагдыры эмне болду? – деп суроо узатам Дүйшө Кудаяровичке.

– Көбү мен сыяктуу эле мединститутка документ тапшырган. Экөө политехникалык институтту көздөгөн. Бирок, ошол 6 баладан жалгыз гана мен окууга өтүп, тиги жолдошторум кайтып айылга кетишкен. Кийин бир классташым медучилищеге өтүп, ошону бүттү. Кийинчерээк мединститутту бүтүрдү.

– Сабактар жалаң орусча жүрсө, алгач окууңуз бир топ эле кыйын болгондур?

– Жеңил болгон деп айта албайм.

Элеттик балдар орус тилден абдан эле кыйналдык. Мен, маселен, "Орусча-кыргызча сөздүктү" колуман түшүрчү эмесмин. 3-курска жеткиче, айрым сабактарда эмне жөнүндө сөз болуп жатканын жакшылап түшүнбөй калган учурлар көп эле болду. Мындай күлкүлүү окуя эсимден кетпейт. Анда 1-курста окуйбуз, күн ысык, дем жетишпей, араң эле чыдап отурабыз. Бизге анатомиядан Зайсанова деген аял сабак өтүп жаткан. Кичине аба кирип желдесин деген ой менен, басып барып терезени ачып койдум. Аба кирээрин, кирди, бирок, көчөдө тынбай өтүп жаткан машиналардын күүлдөгү бир заматта аудиторияга толуп кетти. Ошондо эжейибиз, мени жактырбагандай: "Зачем открыл?" – деп сураса, мен да токтолбой: "Дымно", – деп жооп берип жатпайымбы, "ысык" дегенди орусча ушинтип айтат болуш керек деп. Балдар күлүп эле калышты...

Күндүз кечке сабакта отурсак, кечкисин түндүн бир далайына чейин тирмийип китеп карамай, конспект жазмай, түркүн-түс латынча терминдерди кайталап, жаттамай. Кийинки курстардан тартып клиникаларды көп аралап, дежур болуп, практикалык иштерге тыгызыраак тартыла баштадык.



Окууга өтүк кийип келгем деп жогоруда айтпадым беле, кичине көнүгүшүп, окуп калгандан кийин, атам салып жиберген акчага өмүрүмдө биринчи жолу (!) туфли сатып алып кийген күн ушул бүгүн да чоң майрамдай болуп көз алдымда турат.

– Биринчи жолу өлүктү көргөндө корктуңуз беле?

– Коркподум. Не себептендир коркподум. Балким, буга табигый дит менен шыкакталган ички даярдыгым, психологиялык көңүл-абалым, анан врач деген эч нерседен коркпош керек деген устат мугалимдерибиздин айткан кеп-сөзү себеп болгондур.

Окуумду бүтөөр-бүткөнчө сабакка кечиккен же сабакты калтырган учурум болгон эмес. Жакшы окудум. Стипендияны үзбөй алдым. Окуудан тышкары, ар түрдүү илимий кружокторго, коомдук иштерге жигердүү катыштым. Бир сөз менен айтканда, окуйм деп келгенден кийин – окуп, врач болом деп көшөрүп калгандан кийин – көшөрүп дегендей, институттагы алты жыл убакыт кантип тизмектешип өткөнү билинбей да калды.

Ач болдук – ток болдук, кыйналдык – үйрөндүк, такшалдык – кубандык – мунун бардыгы кайталангыс студенттик турмуштун улам кийинки күндөргө жол ачкан баскыч-баскычтуу өтмөгү болуп эсибизде сакталды...

## "БИЗ ТҮРМӨДӨ ЖАТАБЫЗ"

Студенттик турмуш эстен чыккыс окуялары менен кызыктуу эмеспи. 1–2-курстарда азыркы Логвиненко жана Токтогул көчөлөрүнүн кесилишиндеги дубалдары ылайдан салынган, бир кабаттуу жатаканада жашап калдык дейт. Кечке андан алыс эмес жердеги – азыркы Москва жана Тоголок Молдо көчөлөрүнүн кесилишиндеги мединституттун корпусунда сабакта болушат

да, сабак аяктагандан кийин шатыра-шатман топ менен кайра жатаканага келишет.

Жатаканада анда тынч, азыркыдай күрү-гүү түшкөн музыка, түнү менен жарыкты өчүрбөй тамаша-той кылган рынок заманынын "чоң шаңдуулугу" жок. Балдар белгилүү саатка чейин тирмийип китеп-кагаз карап отурат да, анан колдон келген азык-оокаты менен курсак кампайтымыш болушуп, эртең менен эрте кечикпей сабакка жөнөө үчүн, сүйлөшүп алгандай, жапырт уйкуга киришет.

Студенттик уйкунун таттуулугу ай! Ошондо бирөөнүн түшүнө сабак менен тамак кирсе, бирөөнүн түшүнө айыл кирет. Айылдан келген балдар-кыздар ар качан туулуп-өскөн айылын сагынып эстешет. Өңүндө ойлогон ой, басса-турса көңүлүн бийлеген сагыныч ошентип жатакананын жупуну керебетинде мемиреп уктаган мезгилде бир башка ырахатка батырып, кыштын жана жаздын түнүндө көргөн түш аркылуу алыс-алыс жактагы сүйүктүү айылдын элестерин, адамдарын, ал адамдардын ичинен жүрөккө өтө жакын, кыйбастарын улам берилетип, улам даана кылып көз алдыга тарттырат. Таң жарыгында төшөктөрдөн атып турганда, сагынычтар аз да болсо тарап калгандай болот...

Эски түрмөнүн ордунда жашап жүргөндөрүн алар бир канча убакыт өткөнчө билишкен эмес экен.

Дүйшө Кудаярович күлүп эскерет:

– Биздин жатакана башта белгилүү түрмө болгонун кийин-кийин эле билип жүрбөйбүзбү. Бир балабыз айылдагы ата-энесине кат жазып, анда өтүп жаткан студенттик күндөрүн сүрөттөп, катынын бир жерине, өзү деле байкабай: "Биз түрмөдө жатабыз" деген сөздү кошуп коюптур. Ата-эне, урук-туугандары катуу бүлүк түшүп калышат, балабыз окуйт деп биз быякта кубанып жүрсөк, "түрмөдө жатабыз" дегени эмнеси деп. Дароо жетип келишет... "Чындык" ошондон кийин ачылып жатпайбы...

Убагында Кыргыз ССР Борбордук Аткаруу Комитетинин төрагасы Абдыкадыр Орозбеков салдырган ошол түрмөнүн ордуна азыр заңгыраган бийик үйлөр



түшкөн. Тагдырдын таш боордугун карабайсыңбы, кайран киши өлкөнү репрессиялар туманы каптаган 1937-жылы дал ушул өзү салдырган түрмөнүн караңгы бир бөлмөсүнө камалып, өзүн уруп-согуп, катуу кыйнаган зөөкүр тергөөчүнү сурак убагында ачуусуна чыдабай отурган отургучу менен башка бир коюп, анан ошол жерде эле күзөтчүнүн аткан огунан каза тапкан деген кайгылуу таржымал айтылат тарых барактарында.

Эски түрмө... А.Орозбеков камалган жана өмүр менен коштошкон жайда болочок академик өзүнүн: педиатр, терапевт, хирург болуп чыксак деп, түн далайына дейре тирмийип китеп-кагаз караган курбалдаштары менен жашаган...

## И.АХУНБАЕВ МОНЧОДО ТАРАЗАГА ТҮШҮРГӨНДӨ...

Азыркы Улуттук кардиология жана терапия борборунун поликлиникасы турган жерде анда бүткүл шаарга белгилүү чоң мончо болоор эле.

Мединституттун студенттери мына ушул мончого такай келет. Анын үстүнө барыш-келишке да жакын – жатакананын эле дал маңдайында.

– Бир күнү мончонун буусуна (парга) кирсем, ал жердин үстүнкү текчесинде көмкөрөсүнөн түшүп бир чоң киши жаткан экен, – дейт академик. – Мени көрүп эле, өзүнө чакырды. Шыпыргыны алып, жонумду чаап бер деди. Чаап жатам, чаап жатам, улам канааттанбагандай катуулап чаптырат. Жедеп күчүм түгөнгөнчө "сабадым" окшойт.

Анан эс алуучу залга чыкты. Мага тыйын берип, пиво сатылуучу буфетке жумшады. Ал кезде пиво мончонун ичинде эле сатыла турган. Кружкага куйдуруп көтөрүп келсем, сумкасынан кичине бөтөлкөдөгү арагын алып чыгып, үстүнө куюп, ичип жатат.

"Сен эчкинин чыйбылындай эле кичине бала турбайсыңбы, кана, таразага түшүп көрчү", – деп, ошол жерде-

ги таразага түшүрдү. Салмагым 47– 49 кг эле болсо керек – 50гө жеткен жок.

Көрсө, бул адам кадимки атактуу хирург, академик Иса Коноевич Ахунбаев экен. Башта атын укканым менен, өзүн көргөн эмесмин. Жаңылбасам, 2-курста окуп жүргөн убагым болсо керек. Ошентип, Иса Коноевич менен мончодогу "тааныштыгым" – жанымдын бардыгынча шыпыргы менен жонун "сабаганым" бүт өмүр бою унутулбай эсимде калды.

Жогорку курска жеткенде, Иса Коноевич менен кайра дагы жакшылап тааныштым. Ага чейин лекциясын угуп, далай эле көрүп-билип калган элем. Бизди аскердик даярдык боюнча сборго жиберип калышты. Болочок врачтар баарыбыз "жарадар" болгондорго медициналык жардам көрсөтүүнүн тажрыйба-ыкмаларын үйрөнүп чыгууга тийиш элек. Мына ошондо Иса Коноевич мени өзүнө алып, операцияларына кошо киргизип, хирургдук кесибинин алгачкы сабактары менен тааныштырды. Анын жолун жолдоп, хирург болуп кетсем деле болмок экен, бирок мен педиатр бойдон калдым.

Майда-баратты көңүлгө албаган абдан айкөл адам эле. А чебердигичи, колучу?!. Мындай кишини Кудай тааладан хирург болуп жаралган сейрек таланттуу дабагер, өмүр отун өчөөр жерде жандырган Кыргыз медицинасынын Улукманы – баарыбыздын касиеттүү Устатыбыз деп сыймыктануу менен айтып келебиз...

## "БАЛДАР ВРАЧЫ БАРДЫГЫН БИЛИШИ КЕРЕК, БАРДЫГЫН..."

Эмне үчүн "Врачтын кесиби – эрдик" деп айтышат?

Эмне үчүн балдар врачынын эмгеги башка врачтардыкынан алда канча татаал, алда канча жоопкерчиликтүү деп айтышат?

Бул суроолорго бир сөз менен жооп берүү кыйын. Жарыкчылык дүйнөгө бир гана мертебе жаралган ӨМҮР аттуу нерсенин баасы ушунчалык кымбат болот экен, аны, кандай болсо да, оорутпай, кор кылбай, бөөдө кайгы-санаага бастырбай жашоо – атам замандан бери адамзат пендесинин асыл идеалы, максаты, талабы. Ак халатчан дабагерлер мына ушул өмүрдүн биологиялык-генетикалык соо болушуна жооп беришет. Анатомиялык-физиологиялык жана психикалык калыптанышына кам көрүшөт. Аларды ошол себептен ӨМҮР ҮЧҮН КҮРӨШҮҮЧҮЛӨР деп атайбыз.



Балдар врачынын кесибин тандап алган Дүйшө Кудаярович, студенттик аудиторияда отуруп, не бир мыкты окумуштуулардын айткан сөздөрүнөн улам, ошол адам таңы – балалык куракташы болочок пациенттеринин чоң кишилердикине окшобос дарт өзгөчөлүктөрү жана ал өзгөчөлүктөрдүн социалдык шарт менен жалгашкан өтмө катар кыйынчылыктары жөнүндө жаак таяна ойлонгон, чыккан себептерине жооп издеп толгонгон суроолору көп учкул күндөр алыс-алыста калды.

Балдар саламаттыгына байланышкан өмүр философиясы менен ой тыянактары да укмуш. Көрсө, жер үстүндөгү не бир миң-миллион жандык ичинен адам перзенти гана жарыкчылык дүйнөгө ЫЙЛАП төрөлөт экен. Көрсө, ошол жаңы төрөлгөн бала өз кесели жөнүндө алгач күнүндө тил сүйлөп айта албай, аны текшерген мээрман врач да абдан кыйналып, ир алды менен диагноз коюудан – оору себебин табуудан жаңылып калбоо үчүн, айсбергди айланып өтүүгө шашылган капитан сыяктуу, өтө эле жан үрөп, аянычтуу, ачуу үн менен жалдырап ыйлаган балага жардам бермекке бүт жүрөгүнөн эзилип-эрип кетет экен. Мындайда врачтын врачы гана тил билбес баланын тилин таап, энесинен беш бетер үзүлө кам көрүп, өзүнүн билими, чеберчилиги аркылуу таза сакайтып, тынчытып коёт. Не деген чоң искусство, не деген зор эрдик бул өзү!

Дүйшө Кудаярович табиятынан ашкере боорукер, сезимтал-сезгич жан экен. Балким, Жараткан анын маңдайына ушундай сейрек сапатты ыроолоп койгондур.

Жаңы ачылган педиатрия факультетинде профессор Шаган Борис Фабианович, Покровская Татьяна Ивановна, Афанасенко Петр Прокофьевич, Ни Клара Петровна сыяктуу устаттары анын бул артыкчылыгын (табигый боорукердик деген сейрек кездешкен артыкча касиет эмегенде, эмне?!) өздөрүнүн таалим-сабагы аркылуу ар тараптан сүйөмөлөп-колдоп, миң дартка дабаа болуучу асыл тамыр таризде жүрөк жылуусу жана кыраакы көз менен бапестеп өстүрүп, келечекте ушул жигиттен кыргыздын көрүнүктүү педиатр-адиси чыгат деп, ага-эжесиндей сергек күйөрман болушканы да бекеринен эместир. Чындыгында, ал кезде кыргыз жаштарынын ичинен бул адистик боюнча, айталы, хирургия же терапиядагыдай топ-топ болуп – катарлаша чыккан кадрлар жок эле. Атайын адистерди коёлу, мединституттун педиатрия факультети өзү жаңы ачылып жатса...

Кыргызстандын 95 пайыз аймагын тоо ээлейт. Демек, тоодо жашаган тоолук элдин балдарынын түркүн-түс оору-кеселдеринин да өзүнө гана таандык "өзгөчөлүктөрү" бар. Фонендоскопту алгач ирет тагынып, аз кандуулуктан, өпкө, тамак оорудан, кызыл жүгүрүктөн, менингиттен, ар кандай жугуштуу оорулардан жабыркап жаткан тоолук балдардын палаталарын аралап, обход жасаган врачка кошулуп жүрөк, өпкө тыңшап, өз алдынча биринчи диагноз коюуга талаптанган болочок педиатрдын көлдөй толкуп-ташыган көңүл-абалын өзүңүз элестетип көрүңүз. Өзгөчө, ымыркай балдардыкы кыйын. Шапайып-чарчаган энелери да андан акыркы айла – жардам сурап карашат...

Студенттик күндөрдөн бери жылалы.

Мындан сегиз жыл илгери 2001-жылдын сентябрь айында Кытайга барганда, академик жерге чөгөлөй отура калып, кичинекей кытай кызын күлүмсүрөп кучактап турган – ушунчалык бир сонун "моментти" кармаган сүрөттү көрдүм. Кытай кызы да аны мойнунан кучактап, жүзүнөн нурлар төгүлүп, бардык балдарга мүнөздүү айыпсыз ууруту, кашкайган тиштери, ойноо-шок көздөрү, боюна жараша жарашыктуу кийинген аппак көйнөгү да тимеле караган адамдын өзүн сүрдөнтүп койгудай. Дүйшө Кудаярович сол колун анын ичине басып, тарткан объектив огуна "тапкан кызы" менен бирге жалтанбай түз карайт. Отурса, "бойлору" тең. Менимче, мындай – бала менен бала болгон "классикалык" сүрөткө чыныгы балдар врачы, анан ыйман-адамкерчилиги кимди болсо да өз боoруна тарткан айкөл жүрөктүү адам гана тартыла алмак!



Дагы бир сүрөттө болсо, академик эки жаштагы Баяндер Нурлан уулун алдына алып, палата ичинде тартылган. Мезгил – 2006-жыл экен. Бул сүрөттүн ага чейинки жана андан кийинки көптөгөн сүрөттөрдөн өзгөчөлүгү – 67 жаштагы балдар врачынын ички жандүйнөсүнүн жарыгы чачырап, абдан ойлуу, сүйкүмдүү түшүп калганы. Балким, анын бейнесин искусстводо калтырмакчы болгон живописчи же скульптор ушул сүрөттү "документ" кылып алышса деле, образды ачууга себепчи көптөгөн мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү, штрихтерди таап чыгышмак беле деп ойлойм.

Кыргыз педиатрларынын "атасы" жылуу кийим-кечени ичинде мемиреп уктаган ымыркай баланын курсагын оң алаканынын сырты (!) менен басып, ошол аркылуу этинин ысыктыгын, кеселдин агымын, дарынын таасирин байкап-текшерип, чыгарган медициналык тыянагын болочок медиктерге чебердик менен жайма-жай түшүндүргөн демейдеги унутулгус ирмемдер...

Бир кезекте анын өзүнө устаттары оору жайын, аны айыктыруунун жол-жобосун ушундай кылдаттык менен түшүндүрүшөөр эле. Маселен, профессор Б.Ф.Шаган бийик жерде жашаган кичине балдардын периферийлык канынын жана дене-бой жагынан өсүшүнүн ал-абалы боюнча жактаган кандидаттык диссертациясына илимий жетекчи болгон, ал ошол кезде балдар оорулары кафедрасынын башчысы эле. Кийинчерээк Б.Ф.Шаган башкарган кафедранын башчысы Дүйшө Кудаярович болуп калган (1989). Ал эми профессор А.А.Ильин Кыргызстан эне жана баланы коргоо илим-изилдөө институту уюшул-

гандан анын директору болуп, таланттуу шакирти менен бирге иштешип, баягы өзү башкарган институтту да мезгили келгенде ага өткөрүп берген (1992).

"Мугалим бардыгын билиши керек, бардыгын..." – деп айтыптыр илгери бир акылман. Анын сыңарындай, өз кесип өзгөчөлүгүнө жараша татаал милдетти аркалаган балдар врачы да бардыгын билүүгө тийиш экендиги, бир эле адистик чөйрөсү менен чектелбей, жашоо-турмуштун көптөгөн тармагы – адам жана коом табиятынын энциклопедиялык маселелери жагынан да терең маалыматтуу, билимдүү болушу керек экендиги ушул 47 жылдан бери ишине фанаттай берилип, жашоосу да, бактысы да тандаган кесиби болуп келаткан академик Дүйшө Кудаяровичтин инсандык зоболосунан эң таасын көрүнөт.

Эгер бармактай чагынан катаал, аёосуз турмуш сабагын башынан өткөрсө, студент күнүнөн – кесипке бет алган кезинен ар кандай жаштагы балдардын оорукөйгөйүн сезимтал түшүнүп, чоңойгон чөйрөсүн, тарткан кыйынчылыгын, алардыкы гана эмес, ата-энелеринин да тарткан кыйынчылыктарын, психологиялык көңүл-абалын көз, жүздөрүнөн жаземдебей ОКУУГА үйрөндү. Эч нерсе сурабай, эч нерсе айттырбай туруп эле, кадимкидей толук маалымат алууга үйрөндү. Муну биз, журналисттер, дил аркылуу "чалгын" жүргүзгөн интуициялык зирек касиет деп коёбуз.

## ЭЛЕСИ ЭСТЕН КЕТПЕГЕН ИСХАК РАЗЗАКОВ

Кыргыз элинин бул даңазалуу уулу жөнүндө азыркыга дейре көптөгөн легендалар айтылат. Мезгилинде аны илим-билим алууга талпынган кыргыз жаштары да Кудайындай эле көрүшкөн. "Раззаков айтыптыр", "Раззаков келиптир", "Раззаков студенттик аудиторияларды аралап, ашканаларды өзү текшерип чыгыптыр" дегендей сөздөр тигил же бул институтта окуган жаштардын ансыз да ээленгич, эмоция, жаңылыктарга жакын



жүрөгүн гана дүк-дүк соктурбастан, алардын элет жеринде жашаган туурук кол ата-энелери менен урук-туугандарына чейин угулуп турган. "А-а, балабыз Раззаковду көрүп, сөзүн угуп калган экен го..." – деп кубат байлап, уккан кабарын дагы башка тааныш-жакынга сүйүнчүлөп айтууга ашыккан андай кишилер.

Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчи катчысы Исхак Раззаковдун мединститут менен өзгөчө "жакындыгы" бар эле. Анткен себеби, анын өмүрлүк жары, доцент Роза Александровна Ибрагимова анда факультеттик терапия кафедрасын башкарчу. Ал киши аркылуу жана өз кызмат абалына жараша институттун жашоо-турмушунан жакшы кабардар болуп, жыл сайын студенттерди кабыл алганда жана бүтүрүүчүлөрдү республикалык клиникалар менен жержерлердеги ооруканаларга бөлүштүргөндө кадимкидей чоң кызыкчылык көрсөтүп турган. Кайран кишинин даанышмандыгы ушунда, ал тоолуу республика үчүн абасуудай зарыл болгон врачтык кесип алууда кыргыз уланкыздарынын көп болушуна, алардын институттан кийин ординатура, аспирантурада калып окуп, келечекте илимди алдыга жылдырган изденгич адис-окумуштуулардан болуп чыгуусуна жетекчилик жардам-көмөгүн, камкордуктарын аяган эмес.

– Биздин педиатрия факультетибиз Исхак Раззаковичтин тушунда ачылып, алгачкы бүтүрүүчүлөрү ал киши кызматынан кеткенден кийинки жылы чоң турмуш жолуна сапар алышты, – дейт Дүйшө Кудаярович. – Институт Өкмөт үйүнө катарлаш эле жерде болгондуктан, окуусу бүтөөр-бүткөнчө Исхак Раззаковичти далай эле көрүп жүрдүк. Өзгөчө эсимде калганы, биринчи катчы бир жолу студенттердин митингисине келип, сөз сүйлөп, бизди өзүнүн таңгаларлыктай чечендиги, сени жана сенин жолдошторуңду көптөн бери билгендей сырданалыгы, жөнөкөйлүгү менен багындырып, бүт бардыгыбызды мыкты окууга, максаттуу болууга шыктандырып койду. Келечек заман – билимдүүлөрдүн заманы, силерди эл,

өлкө күтүп жатат, окууңарды жакшы бүтүрүп, кесибиңердин кадырына жеткен мээнеткеч адистерден болгула деп, жүрөктү кубанткан жылуу-жылуу сөздөрүн айтты. Мен бул Улуу кишинин жаркын элесин эч убакта унутпайм. Өзү медик болбосо да, окумуштуу болбосо да, медицина дүйнөсүнүн түпкү максат, асыл идеалдарын ушунча жетик, мыкты түшүнгөн чыныгы адам катары көз алдымда турат...

## В. А. ПЕТРОСЯНЦ "ТАЛАШКАНДА"...

Окууну аяктап жаткан кез. Бүтүрүүчүлөрдү ишке бөлүштүрүү башталып калып, мыкты окуган студенттерди "мен алам-мен алам" болуп, областтык саламаттык сактоо бөлүмдөрүнүн башчылары талашып калды дейт. Педиатрия факультетинин алгачкы бүтүрүүчүлөрү чыккаңы жатса, мындай "таңсык" кесиптин адистерин өз областында иштетүү кандай жетекчи болсо да сыймык, "медициналык табылга" эмеспи.

Окуусун жакшы баалар менен бүтүргөн Дүйшө Кудаяровичти Нарынга алабыз деп, Нарын областтык саламаттык сактоо бөлүмүнүн башчысы – Акен Үсөнбаев деген абдан кадыр-барктуу, чоң тажрыйбалуу врач катуу "демилге" көтөрүп чыгыптыр. Нарынга барып иштөөгө жаш врач өзү да көңүлдөнүп, сунушка макул болот. Ал жакта, өзгөчө, өпкөдөн сезгенткен, ангина, кызыл жүгүрүк, аз кандуулуктан уланган, ошондой эле жугуштуулугу менен айырмаланган балдардын оорулары көп, балдар доктуру болгон соң, мына ушул жагынан адистигимди өстүрүп, чоң тажрыйбага ээ болсом деп кыялданат.

Бирок, "нарындык жуучунун" сунушун, Ош областтык саламаттык сактоо бөлүмүнүн башчысы, кийин 17 жыл Кыргызстандын саламаттык сактоо министри болуп иштеген, кесиби боюнча акушер-гинеколог Владимир Арустамович Петросянц өзүнүн андан да "жүйөөлүү" себептери менен далилдеп, буздуруп кеткен экен. Ал, Дүйшө Кудаярович менен аңгемелешкенде, анын Ош жергесинде туулуп-өсүп, андагы калктын жашоо-шартын, мүнөзсалт өзгөчөлүктөрүн мыкты биле тургандыгын, ал эми мындай артыкчылыктар ата-энелер, жаш балдар менен иштей турган балдар врачы үчүн өтө маанилүү нерселер экендигин турмушту көп көргөн врач-жетекчинин сөзү менен түшүндүрүп, акыры өзү жолдомо берип, Ош областынын Мады айылындагы участкалык ооруканага – башкы врачтын кызматына сунуш кылат.



Академик эскерет:

– Ошентип, баягы өзүм орто мектепти аяктаган Мады айылындагы участкалык ооруканага башкы врач кылып жиберишти. Ал жерге барып иштей электе, отпускада жүргөн мезгилде, мени Ош райондук саламаттык сактоо бөлүмүнүн башчысы чакырып алып: сен быякта калып иштеп бересиң, азыр башкы педиатрыбыз кетип жатат деп, райондук ооруканада иштөөнү сунуш кылды.

Кызык жери, ошондо ишке кабыл алууга документтеримди да тапшырбаптырмын, менден ал тууралуу эч ким сурап да койгон эмес. Жок, антпей, документтеримди өткөрүп, райондук ооруканада иштеп калганда, кийин борбордогу аспирантурага жиберишмек эмес экен. Болгону жыйырма күнчө эле эч документсиз иштеп жүрдүм.

Ошол мезгилде, жаңы баш кошкон өмүрлүк жолдошум Майрам Фрунзедеги политехникалык институттун 3-курсунун студенти болучу. Мен почтага кирсем, мединститутгагы профессор Б.Ф.Шаган жетектеген педиатрия кафедрасынын борбордо жаңы уюшулган энени жана баланы коргоо илим-изилдөө институтунда аспирантура ачылды, эгер кааласаң, келгин деген жазуусу бар открытка жатыптыр. Аны алган соң, көп кармалбастан, өзүм алты жыл окуган Фрунзеге кетип калдым.

Менин мындай "күтүүсүз чечимим", туулган жериңде иштейсиң деп сөзгө көндүрүп, жолдомо берген Ош областтык саламаттык сактоо бөлүмүнүн башчысы В.А.-Петросянцка бир топ эле оор тийген көрүнөт. Владимир Арустамович бир жылга жетип-жетпей эле Кыргызстандын саламаттык сактоо министри болуп чоңоюп келди.

Аспирантурага өтүп, окуп калган кезде, экспедиция менен Нарын тарапта жүрсөм, мени ал жерден көрүп калып, сени мындай кылыш керек, тигиндей кылыш керек деп тамашалап коркутуп, эгер ошондо документтериңди тапшырып койгондо, аспирантурага келмек эмессиң, сенин жолуңду ушул ачып кетти деп болгон чындыкты айтып жатпайбы.

Ачыгын айтыш керек, Владимир Арустамович республиканын саламаттык сактоо министри болуп иштегендердин ичинен эң иш билги, күчтүүлөрүнөн болчу. Кесиби акушер-гинеколог болгондуктан, энелерди жана балдарды коргоо маселелерине чоң кызыкчылык көрсөтүп, педиатрларды ооруканалардын башкы врачы кылып көбүрөөк дайындоо да мына ушул министрдин убагында практикага кирди. Эгер мурда башкы врачтыкка негизинен терапевт, хирургдар көрсөтүлсө, Владимир Арустамович саламаттык сактоо министри болуп иштеген 17 жыл аралыгында, балдар врачтары да жетекчиликке келсин, ооруканалардын башкы врачтарынын 60 – 70%ы педиатр, акушер-гинеколог адистигиндегилерден болсун деген талап коюлуп, иш жүзүндө анын аткарылышына министр өзү көзөмөл жасап турган жана ал практика өзүн эң сонун актаган.

## АВТОРДУК ЧЕГИНҮҮ: **КЫРГЫЗ БАЛАСЫН КӨК ЖЕЛКЕГЕ МУШТАП УРГАН ЭМЕС...**

Турмуш кимди муңайтпайт, кимди кубантпайт. Ушундан улам, негизги темадан бир аз четтеген философиялык – абстракттуу мүнөздөгү бир нече ой. Бул тууралуу Дүйшө Кудаярович экөөбүз ар башка элдердин бала тарбиялоо сабагын мисал кыла, анын ичинде уюткулуу кыргыз элибиздин ааламга дүң болгон педагогикалык жана медициналык түшүнүктөрү жөнүндө да көңүл черин тарата сүйлөштүк.

Эмесе, сөз өңүтү ушул жагдайда.

Илгери Конфуцийдин тушунда Кытайда бир салт



болгон тура. Аялы көз жараар алдында ар бир ата болчу эркек үнүн катуу чыгарып, өзүнүн жашаган турмушу, кубанычы менен кайгыны, материалдык абалы, келечектен күткөн жана самаган үмүт-тилектери жөнүндө курсактагы наристеси менен сыр катпай "сүйлөшчү" экен. Эгер бечара, жакыр жашаса: "Сенин төрөлбөй эле койгонуң оң болоор эле, балам. Азапты мен жетиштүү тарттым, эми сенин да азапка түшкөнүңдү каалабайм", – деп буркурап-боздоп, көкүрөгүн койгулачу дешет.

Байыркы Чыгыштын купуя сырлары дегеле арбын. Муну күн маңдайлуу акылмандар бала менен ата-эненин жан бирге алакасынын өтө зарыл шарты катары эсептеп жүрүшөт. Ошол курсактагы бала ата-эненин "кабак-кашын" төрөлө элек жатып эле билип алаарын окумуштуулар да ырастап чыгышты!

Баланы ашкере аздектөө жана азыр "Чыгыш феномени" деп атап жүргөн улуттук илгерилөөнүн өбөлгөсүнө Конфуцийдин илимин тутунган өлкөлөр эбактан бери зор маани берип келгенин танбайбыз. Маселен, бардар десең – бардар, мээрман десең – мээрман үй-бүлөдө төрөлгөн биздин балдар эмне себептен мажес чоңоюшат да, ошондой эле чөйрөдө жетилген япон балдары дүйнө таңгалган алдыңкы маданиятка ээ болуп жатышат, илим-билимдин татаал сырларын ачышып, өнүгүп-өсүүнүн туусун жогору көтөрүп жүрүшөт?

Суроолор жана суроолор...

Японлор балдарын урушпайт. Урушканды кой, какпайт, силкпейт дагы. Ата-эненин эң бир асыл бактысы катары аздектеп, алардын айтканы, дегени менен болушат. Бирок, япондордун балдары эрке чоңойбойт, мөмөлүү дарактын ширелүү жемиши өңдөнүп: сезимталдыгы, жоопкерчилиги, өз алдынчалыгы менен айырмаланышат. Көп кырдуу ааламдын не бир акылмандары түшүндүрө алгыс бул табышмак чындыгында эле уккан адамды айран калтырат, түрдүү божомолдорго түшүрөт.

1920-жылы В.И.Ленин япон журналисттери Фусэ менен Накахираны кабыл алганда, ордунан тура калып минтип сураган тура:

– Силерде чыны менен эле балага катуу айтышпайбы, тепештебейбү?

– Ооба, – деп жарыша жооп беришет япон журналисттери. – Балага катуу айтуу – бул Кудайга катуу айтуу, ал кан-жаныбызга сиңген бузулбас мыйзам!

Жаралган күнүнөн сергек акылы, чабыттуу кыялы менен айырмаланган биздин кыргыз элибиз да узак тарых жолунда башка элдерден ашса ашып, асты кем калбаган тарбия өрнөгүн жайылтып келатканы алда немедей көңүлүбүзгө келет. Бир бутун үзөңгүгө, бир бутун коломтого сунуп уктаган көчмөндүк турмушта зирек тукум улоо зарылчылыгы ата-бабаларыбызды балага карата ыйык мамиле жасоого мажбур эткен. Алар да балага катуу айткан эмес, аны ар качан жарык дүйнөнүн сыймыгы эсептеп, эч качан көк желкеге муштап (айрым элдерден ушуну байкаганым бар!) урбаптыр. Баланы кежигеге муштап "жазалоо" анын мээсин чайкалтып, бүтүндөй нерв системасын бузуп коёрун, сабатсыз болсо да, тоолук бабаларыбыз эң кылдат түшүнгөн!

"Эң баатыр эл кыргыздыр? Анткени, кыргыздар жети ата өтмөйүн кыз алышпайт", – деп эл акыны Аалы Токомбаевдин таңдана жазганы бар. Кеп бул жерде генетика – туулчу тукумдун тазалыгы, ден соолугу жагынан чымырдыгы жөнүндө болуп жатат. Демек, кыргыздар бардык заманда, бардык кырдаалда алыстан кошулган никенин болушуна кам көрүшкөн.

Азыркы медицинаны алдыга жылдырган генетиктер да кыргыздардын ал даанышмандыгын илим жүзүндө ырастап чыгышты. Мынча сөз болуп калгандан кийин, окурман назарын ушул кызыктуу жагдайга бура кетели.

Генетиктер айтат: туугандардын никесинен оорукчан тукумдун жаралышы жубайлардын канчалык жакын тууган экендигине байланыштуу болот. Мисалы, абдан жакын туугандардан оорукчан балдар көп төрөлөт дегендей. Тукум куучу оорулардын тобунан эки топту бөлүп көрсөтүүгө болот. Биринчиси – доминанттык гендин, экинчиси – рецессивдик гендин таасиринен келип чыгат.



Доминанттык генди адамдын денесине бекитилип коюлган, акырындап жарылуучу минага салыштырган туура. Бул генди мурастаган адамдын өмүрү чектелген. Анткени, ал адам 30 – 35 жашка чыкканда ген анын организмин талкалай баштайт. Буга чейин ден соолугу абдан мыкты болуп келсе да, кыска убакытта толук майыпка айлана баштайт. Тактап айтканда, басуу, кыймылдоо жана сүйлөө жөндөмүнөн айрылып, эс тутумун жоготот. Медицина анын кыйналуусун гана жеңилдете алганы менен айыктырууга күчү жетпейт.

Рецессивдик ген доминанттык генден айырмаланып, мураскорду өлүмгө жеткирбегени менен, кийинки муунга өткөндө өз өкүмүн жүргүзөт. Оорукчан балдар төрөлө баштайт. Кокус баш кошкон тууган жубайлардын экөөсү тең рецессивдик генди алып жүргөн болсо, алардын балдары өтө оор түрдөгү оорулар менен туулушат. Атап айтсак, "альбинизм" оорусу менен, же кереңдудук же нерв оорукчан болуп жарыкка келишет. "Альбинизм" оорусунда терисинин, чачынын, чечекейинин меланин пигменти жок төрөлүшөт. Тактап айтканда, ата-энеси азиаттар болгонуна карабай, наристе ак чачтуу, ак саргыл терилүү, ал тургай көк көздүү болуп төрөлөт. Булар өмүр бою көчөгө чыкканда күн нурунан абдан сактанып, атайын көз айнек кийип жүрүүгө аргасыз болушат. Көзлеринин жаш экендигине карабай, көзүнүн курчу төмөндөй баштайт. Оорудан айыктырууга мүмкүн эмес.

Эки атадан тараган кыз менен жигиттин ортосунда жаралган балдардын 25 пайызга жакыны бекем ден соолукта төрөлөт. Ал эми 50 пайызга жакыны рецессивдик генди алып жүрүүчү болуп туулушат. Бул, жогоруда айткандай, алардын тукуму оор оорулар менен жарыкка келет дегендик.

Эгер бөлөлөр, эки-үч атадан тарагандар баш кошууну каалаpса, алар алдын-ала медициналык-генетикалык текшерилүүдөн өтүүлөрү зарыл. Текшерилүүгө барганга чейин жакындарынын жана алыс туугандарынын ден соолуктары боюнча маалымат чогултуп, кандай оорулар

менен оорушкандыгы, канча жашка чейин жашашкандыктарын тактап баруулары керек. Анан генетик баарын жыйынтыктап, экөөнө баш кошсо болобу, балдары соо төрөлөбү деген суроолорду чечип берет...

Ооба, балдарым оорубасын, алар башкалардан кем, майып төрөлбөсүн деп түйшөлгөн ар бир ата-эне, биринчи кезекте, генетиктер чыгарган ушундай бүтүмдү зарыл талап катары терең көңүлдөрүнө түйүүлөрү кажет.

Улуттук менталитетти айырмалаган дагы бир өзгөчөлүктү баса көрсөтүп кетпесек, оюбуз толук болбой калаар. Бул – бала жандуу кыргыздын өз баласын качан болсо: "кулунум", "садагам", "каралдым", "чырагым", "жарыгым", "карегим", "берекем", "алтыным" ж.б. деп, дегеле жүрөктү эрите айрыкча мээрман эркелеткени. Терең карасак, көркөм-кооз тилибиздеги ушул сыяктуу жылуу жана назик кайрылуу ыргагы кыргыз менен кошо келаткан тубаса өзгөчөлүк экендиги сырткары жанды да таңгалдырбай койбойт.

Дүйшө Кудаярович дилин төшөп уккан балдар темасындагы сөз бүтпөйт. Ошол "Күндүн чыккан жеринин" – Япониянын элинде бала тогуз жашка толгончо ата-энеси менен бирге жатаарын окуганым бар. Биздин ата-бабаларыбыз да ошентишкен! Табияттын чечмелене элек сырдуу кубулуштарынын бири мына ушунда катылып жатат. Кары Чыгыштын сергек элдери жогорудагы адатты, балким, куштан, дагы башка жаныбарлардан үйрөнүп жүрбөсүн? Эгер бала чочуп ойгонсо, корксо, үшүп калса, сыртка чыккысы келсе... ата-энеси жанында жатканы алмаштырылгыс зарылдык болбосун? Ал өзү психологиялык-физиологиялык жана руханий гармонияны да шарттап турбасын?

...Академик ак халатын кийип, жаадырап-жайнаган жылуу жүз менен балдар палаталарын аралап келатса, анын көп ой катылган жазы маңдайын карап-карап тургуң келет да, не себептендир француздардын: "Бала – адамдын атасы" деген гениалдуу макалын эске түшүрөсүң...



## ДАБАГЕРЛИК ЭМГЕК ЧЫЙЫРЫ БАШТАЛГАН ЭНЕНИ ЖАНА БАЛАНЫ КОРГОО ИНСТИТУТУ ЖӨНҮНДӨ АҢГЕМЕ

**– Дүйшө Кудаярович, адегенде өмүрүңүздүн 47 жылын арнаган андагы энени жана баланы коргоо илим-изилдөө институту – азыркы Улуттук энени жана баланы коргоо борборунун жаралыш тарыхы тууралуу маалымат бере кетсеңиз?**

– Бул институт 1961-жылы июнь айында түзүлгөн. Республикалык клиникалык оорукана деп аталып, азыркы Саламаттык сактоо министрлиги турган жерге жакын үч кабаттуу имарат жаңыдан салынып, мына ошол имаратка жайгаштырылган. Бир жылга жетпестен, ал оорукана Кыргызстан энени жана баланы коргоо илим-изилдөө институту деген башкача статуска көчкөн болчу.

Мен институтка 1962-жылы келдим. Ошондо 150 койкалык оруну бар экен. Кийинчерээк кеңейтилип, 467 койкага чейин жетти. Директору профессор Ильин Анатолий Александрович эле. Ал киши мурда республиканын Саламаттык сактоо министрлигинде кадрлар менен иштөө башкармасынын начальниги, министрдин орун басарынын кызматтарында иштеп жүрүптүр. Анын жаңы ачылган институттагы жарым ставкадагы орун басары – педиатр, профессор Шаган Борис Фабианович, дагы экинчи жарым орун басары - акушер-гинеколог, профессор Лехман Михаил Наумович деген адам экен.

**– Сиз бул институтка аспирант болуп келсеңиз керек?**

– Жок, адегенде клиникалык ординатурага кабыл алынгам. Анан ошол эле жылы аспирантурага тапшырдым.

Аспиранттын 75 сом стипендиясы бар экен. Менин стажым жок деп, аны 63 сомго түшүрүп коюшкан. Ал убакта бул көп эле акча болучу.

Ошентип, институтта клиникалык ординатор болуп жүрүп, ошол эле жылы дагы бир кесиптешим менен бирге аспирантурага өтүп, анда үч жыл окудум.

**– Ошол сиз аспирант болгон 1962-жылы республикада балдардын оору көрсөткүчү кандай эле?**

– Эми анда медицина анча өнүгө элек, элибиздин жашоо-турмушу да жагдайга жараша жаңы-жаңы оңолуп бараткан кез болчу. Балдардын өлүмү өтө көп эле. Мындай маалыматты айтайын. Ал убакта жыл сайын жаңы төрөлгөн ар бир 1000 баланын 60ы бир жашка жетпей чарчап калып турган.

Кызамык, өпкөдөн сезгенүү, ар кандай жугуштуу оорулар балдардын өлүмүнүн негизги себеби болгон.

Көптөгөн күч-аракет, алдын алуу чараларын ырааттуу жүргүзүүнүн аркасында алиги 60 деген көрсөткүчтү кийин 26га чейин түшүргөнбүз. Бул ошол СССР заманындагы биздин кыргыз медиктеринин эң жакшы жетишкендиги эле. Жерибиз тоолуу, айыл чарбалуу республика болсок, анан ошого жараша, малчылык, пахтачылык, тамекичилик сыяктуу тармактарда иштеген энелердин ден соолугу катаал жана зыяндуу таасирлерге көбүрөөк кабылып жаткан чакта, талапка төп келген туура медициналык тейлөөнү камсыз кылуу жер-жерлердеги дабагерлерибиздин өз ишине жасаган жоопкерчиликтүү мамилесинин натыйжасында жүзөгө ашкан.

Кийин, эгемендүүлүк келип, саламаттык сактоону реформалоо башталганда, абал алдаганча төмөндөп кетти. Эмне себептен? Балдар саламаттыгы үчүн түздөнтүз жооп берген тейлөө структуралары – ооруканалар, поликлиникалар, бөлүм-мекемелер жоюлуп, алардын милдеттерин үй-бүлөлүк дабагерлер топтору аткарып калды. Балдардын өлүмү кайрадан көбөйүү өнөкөтүнө өттү. Азыр ар бир 1000 баланын 30га жакыны өлүмгө учурап жатат.

**– Союз убагында биздин республикага Москва, Ленинград сыяктуу чоң-чоң шаарлардан педиатр кадрлар иштегени келчү беле?**


– Келишчү. Маселен, Украинадан – Харьков шаарынан келип иштеп жүрүшкөн балдар врачтары бар



Атасы Кудаяр.



Багып өстүргөн чоң энеси Күлбү Кошой кызы.



1-курста



Студент кез.




Өмүрлүк жары Майрам.



Устаты – профессор
Шаган Борис
Фабианович.



Курсташтар. 1962-жыл.



Сабакта. Солдон үчүнчү профессор Знаменский.



Устаты – энени жана
баланы коргоо илим-
изилдөө институту
уюшулган күндөн анын
директору болгон профессор
Ильин Анатолий Александрович.



Аспирант кез.



Энени жана баланы коргоо институтунун кызматкерлери. 1965-жыл.



Солдон оңго: лаборатория башчысы Мерьмих. Профессор Б.Ф.Шаган, К.П.Ни.



Майрам эже менен. Койсары курортундагы жолугушуу. 1960-жыл.




Майрам эже 6 айлык уулу Бакыт менен.



Жаш илим кандидаты обходдо.



Академиктин кайната-кайненеси:
Буркан ата, Салима апа.



Уулу Бакыт менен сейилде.



Туугандар арасында.



Үй-бүлөсү менен. 1975-жыл.





СССРдин саламаттык сактоо министри, академик Б.В.Петровский келгенде.

Уулу Бакыт менен. 1977-жыл.



СССРдин саламаттык сактоо министри, академик Б.В.Петровский, Кыргыз ССР Министрлер Советинин төрагасы А.С.Сүйүнбаев институтта.



1992-жыл. Нооруузда. Профессор А.А.Ильин, Темирбай ажы ж.б. менен.



Үй-бүлөлүк ирмемден.



Майрам эже СССРдин профсоюздук кызматкерлери менен Болгарияда.




Эл аралык жолугушуу. Майрам эже оңдон төртүнчү.




Майрам эже коллегалары менен Москва областындагы Владимир шаарында.



Дүйшө Кудаярович курсташтары менен 20 жылдан кийинки жолугушууда.



Ата-бала.



Наристелер палатасында.



Майрам эже сүт заводунун жамааты менен.

Бир тууган иниси
Сапарбай.







1978-жыл. СССР Медицина илимдер академиясынын педиатрия илим-изилдөө институтунун директору, академик М.Я.Студеникин (ортодо) Кыргызстанда.



Академик М.Я.Студеникиндин жана Кыргызстандын саламаттык сактоо министри В. А. Петросянцтын үй-бүлөлөрү Чолпон-Атада. 1978-жыл.



Кыргызстан акушерлик жана педиатрия илим-изилдөө институтунун директору, профессор А.А.Ильин (солдон экинчи), академик М.Я.Студеникин, Дүйшө Кудаярович.



СССРдин илим боюнча мамлекеттик комитетинин төрагасы, академик Гаврюшев (ортодо) Кыргызстанда.



Монголиялык меймандар келгенде.



Профессор Т.И.Покровская конференцияда.




Өзбекстандык профессор Махмудов менен педиатрлардын V конгрессинде. 1999-жыл.



СССРдин саламаттык сактоо министринин орун басары Никитинаны (ортодо) тосуп алуу. Солдо – Кыргызстандын саламаттык сактоо министри О.Тургунбаев.



Врачтардын билимин өркүндөтүү институтунда. Москва. 1968-жыл.



Пекин. Педиатрлар конгрессинин алдында.
2001-жыл.




Улуу Кытай дубалында.



Врач жолдошу Кушпак Кадырбеков менен Жалал-Абад курортунда.




Түндүк Кипрде өткөн педиатрлардын конгрессинде. 2007-жыл.



Балдар кайда болсун сүйкүмдүү.
Пекин. 2001-жыл.




Ойго баткан бир ирмем.



Институттун тамактануу бөлүмүнүн кызматкерлери менен ВДНХда.



Египеттин борбору Каирде.



Ысык-Ата курортунда. 1999-жыл.



Профессор Б.Х.Хабижанов менен Каирде.



1986-жыл. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагасы Т.Х.Кошоев Элдердин достугу орденин тапшырууда.




Иваново шаарында. 1982-жыл.



Трускавец курортунда. 2002-жыл.



Уулу Бакыт менен.




Ташкент, Оштун профессорлору менен конференция алдында. Ош, 2007-жыл.



Баяндер Нурлан уулу менен. 2006-жыл.



Сыйлык алгандан кийин.
2003-жыл.



Небере – балдай таттуу.



2003-жыл. III даражадагы "Манас" орденин алганда.
Президент А.Акаев менен.



Түркиялык профессор Кыргызстанда.



Чолпон-Ата. 1997-жыл. Академик Шарманов
(Казакстан) менен.



Кыргызстандыктар Түндүк Кипрде. 2007-жыл.



АКШ, Лоренс шаары. 1996-жыл. АКШ Долбоорунун координатору Луиза менен.




АКШ, 1996-жыл. Кан даярдоо борборунда.



Санкт-Петербургда өткөн илимий жыйында. 1995-жыл.



Иш үстүндө.



Академик Миталип Мамытов менен бирге сыйлык алганда. 19.03. 2003-жыл.




Профессор А.К.Машкеев менен Кыргызстан педиатрларынын съездинде.



Институттун кызматкерлери “Манас” орденин алышы менен куттуктоодо. 2003-жыл.



Эл аралык “Руханият” сыйлыгын тапшыруу.



Академик М.М.Миррахимов менен Атлант шаарында (АКШ), 1997-жыл, октябрь.



Пекин. Педиатрлар конгрессинин катышуучулары. 2001-жыл.




Педиатрлардын Бишкекте өткөн V конгрессин ачып жатат. 1999-жыл.



Педиатрлардын Эл аралык ассоциациясынын президенти Ихсан Доромажи (Түркия) менен. 1999-жыл.



Академик Ормонтаев (оңдон биринчи) жана профессор Махмудов менен конгресс убагында.



Педиатрлардын Бишкекте өткөн V конгрессинин катышуучулары.



Профессор С.Бөкөнбаева менен. 1999-жыл.



Вашингтондо. 1999-жыл.



2003-жыл. Майрам эже менен.




Пекин. 2001-жыл. Педиатрлардын 23-эл аралык конгрессинде.




Профессор С.Бакасов (оңдо) жана Ош областтык балдар ооруканасынын башкы врачы А.Анарбаев менен Кипрде. 2007-жыл.



Дачадагы эс алуу



Чыңгыз Айтматов Улуттук илимдер академиясында. 2008-жыл.



Майрамдык салтанатта. 2008-жыл, май.



Мамлекеттик катчы Досбол Нур уулу менен.
2008-жыл, май.



Кыргызстандын делегациясы Кипрде.



Президенттин кеңешчиси Үсөн Сыдыков менен.
2008-жыл, май.



Туугандар менен.



Элклубдун мүчөлөрү Тойчубектин тоюнда.
2008-жыл.



Мельтада өткөн конференцияда. 2002-жыл. КР саламаттык сактоо министринин орун басары Г.Аалиев, башкыпедиатр Кушбакиева менен.



Профессор М.Т.Нанаевага ардактуу академиктин дипломун тапшыруу. 2007-жыл.



Академик К.Рыскулованын 90 жылдыгында.



Китептин автору – журналист, "Ден соолукка миң кеңеш" гезитинин башкы редактору, КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер Мундузбек Тентимишев менен.



Бакыт келинчеги Эльмира менен үйлөнүү тоюнда.



эле. Ал убакта врачтардын, медсестралардын бир тобу орустар болчу.

**– Экологиянын бузулуу көрүнүштөрү ошол мезгилде эле бар беле?**

– Ошто пахтага дары чачканда, дем алуу абдан кыйындап, айлана тимеле туман болуп кетчү. Мына ушуну өз көзүбүз менен көрбөдүкпү. Чоң кишилерди айтпаганда, уу-химикат кичине балдардын ден соолугуна канчалык кыйраткыч таасир эте турганын "план-план" деп кыйкырган жетекчилер анда кайдан эстерине алсын.

Түштүктө тамеки да айдалчу. Кургак учук менен ооруган балдар көп болоор эле. Бул коркунучтуу ооруну алдын алуу, сактануу жана өз убагында туура дарылануу дегенди көпчүлүк калк жакшы түшүнчү эмес. Каттоого алуу жагын ырааттуу жүргүзүүгө кол жетпей жаткан.

Мына ушундай көйгөйлүү кыйынчылыктарга карабай, энени жана баланы коргоо илим-изилдөө институту мезгил талабына жараша өсө берди. 1961-жылдан 1974-жылга чейин ал ушул аталышы менен жашады. Анан акушерлик жана педиатрия илим-изилдөө институту деген жаңы атка көчтү. Ошондо бул өңдүү институттар категорияларга бөлүнчү – биринчи, экинчи, үчүнчү деген. Бизге жаңы атка өткөндө 1-категория берилген.

Кийинки жылдары саламаттык сактоодо болгон реформалардын натыйжасында, институт башка атка которулуп: педиатрия жана балдар хирургиясы деп аталып, акушерлик бөлүмү жоюлуп, эне менен баланын биримдүүлүгү үзүлгөндүктөн (2004 – 2008-жылдары), бир топ зыяндуу иштер болуп кетти. Балдар жана аялдар каралуучу өзүнчө консультациялар жоюлуп, оорулуулар жатуучу (айрыкча, балдар) керебет-орундар кыскартылып, алыс жердеги ФАПтар, участкалык ооруканалар жоюлуп, бир топ начар иштерге алып келди. Жалпы педиатрлардын саны кыскартылып, үй-бүлөлүк врачтарга айланып, балдар менен энелердин өлүмү да өстү. Бул жөнүндө биз Саламаттыкты сактоо министрлигине, Өкмөткө кат жолдоп, айтып – деп жүрүп, кайрадан институттун эң биринчи атына апкелдирдик.

Азыр Улуттук энени жана баланы коргоо борбору деп аталат.

**– Ушул мекемедеги кызмат баскычтарыңыздан маалымат бере кетсеңиз?**

– Кызмат жолум 1962-жылы башталды. 1966-жылы кандидаттык диссертациямды жактадым. Ошондон кийин гематология бөлүмүн башкардым. Бир эле мезгилде Комсомол комитетинин катчысы профсоюз уюмунун төрагасы, баштапкы партиялык уюмдун катчысы болуп көп жыл иштедим.

1977-жылы институттун директорунун илим боюнча орун басарлыгына дайындалып, бул милдетти 1992-жылга чейин аткардым. Он беш жыл. Ал эми он эки жыл бою директордун кызматында жүрдүм. Өзүң баамдап тургандай, кийинки кызматым бардыгын кайрадан баштоого шарт койгон эгемендүүлүк замандын жылдарына туш келди.

Республикалык бюджеттен каржыланып келгенбиз. Балдардын кандай оорусу болсо да, бекер дарыланышчу.

570тен ашык кызматкер эмгектенчү.

**– Оорунун түрлөрү көп эмеспи, ошондой болсо да, изилдөөчүлүк-дарылоо иштеринин башкы багыты кайсы ооруларды комплекстүү, терең жана ырааттуу жол менен сакайтып-айыктырууга бурулаар эле?**

– Өпкө ооруларына көп көңүл бөлүнчү. Анткен себеби, бронх-өпкө жолдорунун сезгенүүсүнөн, пневмониядан, кургак учуктан өлүмгө учураган балдардын саны республикада көп боло турган.

Кызыл жүгүрүгү өтүшүп, жүрөгүнө чаап кеткен балдар да бизди абдан тынчсыздандыруучу. Ошондой эле, ар кандай жугуштуу ооруларга чалдыгуунун алдын алуу боюнча илимий-практикалык негиздеги көптөгөн иш-чараларды аткарып жүрдүк.

Мен иштеп жүргөн мезгилде, бронхиалдык астма деген көбөйүп кетип, ушул багытта да өтө көп иштерди жасадык. Балдарды тоого, туз кенине алпарып дарылап, республиканын өзгөчөлүгүнө жараша, медицинанын мүмкүнчүлүгүндө болгон бардык айла-амалдарды кол-



донуп, өзүбүздүн адистер сунуш кылган жаңы ыкмаларды да пайдалануу менен бул аталган дартты бара-бара кыйла азайтууга жол ачканбыз.

Бир сөз менен айтканда, мен өзүм азыр (2004-жылдан бери) ардактуу директору болуп эсептелген Улуттук энени жана баланы коргоо борборунун адис-окумуштуулары аткарып жаткан иштердин Кыргызстандын балдарынын саламаттыгын чыңдоодогу зарылдык – мааниси абдан зор.

## КАДЫРЫ БИЙИК ЭКИ УСТАТ

Өсүп келаткан жаш адамга турмуш, кесип жолун туура көрсөткөн мыкты устаттардын болгондугу түпкүлүгүндө үзүр гана апкелчү жакшы көрүнүш экендигинде талаш жок.

Ушул жагынан алганда, Дүйшө Кудаярович студент кезинен эле өз мүнөз-пейилине жараша кыйла бактылуу болуптур. Ага адистик сырларын да, адамдык мамилелердин сабактарын да жетик үйрөткөн чыгаан устаттар таалим беришет. Билбегенин – айтып түшүндүрүп, сүрдөгөнүн – ачык-даана көрсөтүп, чала иштегенин – түзөтүп-толуктап, айтор, тажрыйбалуу, талапкөй адамдын көзү менен келечекте бетме-бет кездешчү иш майданына саяпкер сыяктуу такшалтып чыгарышат.

Устаттары көп болду, бирок, ошолордун ичинен Кыргыз медицинасынын белгилүү өкүлдөрү – медицина илимдеринин докторлору, профессорлор: Анатолий Александрович Ильин менен Борис Фабианович Шагандын өмүр жолунун ар түркүн баскычтарында көрсөткөн колдоо-жардамдарын эч убакта унутууга болбойт. Анын институтту ийгиликтүү аяктап, андан соң, энени жана баланы коргоо илим-изилдөө институтунда аспирант, ага илимий кызматкер, бөлүм башчысы, директордун илим боюнча орун басары, директору, ошол эле мезгилде Кыргыз мамлекеттик медицина институтунда балдар оорулары кафедрасынын башчысы болуп, балдар оору-

лары боюнча кандидаттык жана докторлук диссертацияларын жактап, бийик-бийик кызматтык жана илимий даражаларга жетишинде ушул ийиндеш иштеген эки устатынын адамдык жана илимпоздук кадыры өзгөчө.

Мына ушундай "Устат – шакирт" алакасындагы жөрөлгөлүү мисалга өзү күбө болгон – кезегинде абдан популярдуу республикалык "Ден соолук" журналына башкы редакторлук кылган калемдеш аксакалыбыз Мар Алиев академик Дүйшө Кудаяровичтин эмгегин сүрөттөгөн ырында өз орду менен – жөндүү басым коюп өткөнү ал таржымалды билген, уккан жандарды ыраазы кылбай койбойт:

... Кудаяров дайыма кам көрүүдө,
Кудай, – деп таяп-жөлөп.
Бөбөктөрдү бөпөлөп,
Өзү да өсүп көкөлөп.
Институтту бир кезде курушкан,
Ильин ыраматылык экөөлөп.
Шакирт Дүйшөнү өстүрүшкөн,
Шаган илимпоз экөө жетелеп.
Академик болсо да азыр,
Ал Дүйшөнүн эсинен кете элек...

Дүйшө Кудаярович айтат:

– Анатолий Александрович Ысык-Көлдө туулуп-өскөн, кыргыздын турмушун, салт-санаасын жакшы билген адам эле. Педиатрия тармагына бүткүл өмүрүн арнады. Энени жана баланы коргоо илим-изилдөө институту ачылгандан анын директору болуп узак жылдар (30 жыл) иштеди. 73 жашка чыгып каза балду.

Бул киши калыс, кадрларды эмгегине, илимий даражетине жараша баалай билген, алардын өсүшүнө такай камкордук көргөн окумуштуу эле. Кандидаттыгымды да, докторлугумду да ал башкарган институтта иштеп жүрүп жактадым. Кийин өзү башкарган акушерлик жана педиатрия илим-изилдөө институтун жетектөөнү Анатолий Александрович мага өткөрүп берди. Анын мыкты касиети – өз айланасына илим үчүн чындап баш сайган, келечектүү, таланттуу окумуштууларды топтой алгандыгында эле.



Ал эми жашы жагынан өзүнөн улуу, мага илимий жетекчи болгон профессор Б.Ф.Шаган экөө ондогон жылдар бою эриш-аркак – тил табыша иштешип, мындайча айтканда, экөө бири-бирин бардык жагынан толуктап тургандай сезилчү. Кайран ыраматылыктар!..

Академик "устаттар темасын" андан ары улантат:

– Профессор Шаган Борис Фабианович, ленинграддык окумуштуу, согуш мезгилинде Украинага эвакуацияланып, андан кийин, элүүнчү жылдары Кыргызстанга келип, мединституттун балдар оорулары кафедрасын башкарып калат. Анын демилгеси боюнча, Саламаттык сактоо министрлиги менен бирге, 1956-жылы мединституттун жаңы педиатрия факультети ачылган. Ал кафедра башчысы болуп 1979-жылга чейин иштеген.

Татьяна Ивановна Покровская, Клара Петровна Ни, Сырга Бөкөнбаева сыяктуу кесиптештерибиз Борис Фабиановичтен көп таалим-тарбия алышты.

Мага баласындай кам көргөн Борис Фабианович өтө кең пейил, айкөл адам эле. Жаңы ачылган педиатрия факультетинде алгачкы күндөн сабак берди. Студенттер Борис Фабиановичке өзгөчө үйүр болуп, аны жакын адамындай көрүшчү. "Адамкерчилик – бөтөнчө талант" дегендей, анын адамкерчилигине, кайрымдуулугуна чек жок болчу. Бир мисалды айтайын. Кийин эле, аспирант болуп, илимий ишке аралашканда өзүм көрдүм: Борис Фабианович айрым жаш диссертанттарды Москва, Ленинградга барып окуп келүүгө өз акчасын берип жөнөткөн учурлар болду. Бул – каражат жагынан кыйналган диссертанттар үчүн канчалык чоң колдоо экенин андай тагдырды башынан өткөргөндөр жакшы түшүнөт.

Дагы бир өзгөчөлүгү, жергиликтүү кадрларды өстүрүүгө жан таштап аракеттенчү. Анын илимий жетекчилиги астында канчалаган кандидаттык, докторлук диссертациялар жакталбады. Менин аспирантурага өтүп,

кандидаттык диссертациямдын ийгиликтүү жакталышына да чоң көмөк көрсөттү. Турмушта көптү көргөн, адалдык эмне, арамдык эмне – мунун бардыгын шакирттерине өзүнүн иш-аракети аркылуу далилдеп, жеткирип турган андай асыл кишинин элеси, окумуштуулук зоболосу азыркы жаштарга да өрнөк деп айтсак жаңылышпайбыз.

Борис Фабиановичтин согуштан жарадар болуп келип, Ленинградда жашаган жалгыз уулу бар эле. Ошого такай акча жөнөтүп турчу. Картайып, ал-күчтөн тайып калганда ошол уулунукуна көчүп кетти. Кийин кабар алсак, Борис Фабианович карылар-картаңдар үйүндө жашап калыптыр. Мен өзүм эки жолу барып жолуктум. Ошондо, кайран киши өткөн-кеткенди, Кыргызстанда жашаган күндөрүн эстеп, жаш баладай муун-жүүндү бошото ыйлаганы көңүлүмдөн кетпейт. Бу тирүүлүк өмүрдө кимге болсо да жакшылык-жардамын аянбай жашаган кең пейил адамдын колунан иш келбей калган чагында ушундай жайга түшүп, мусаапыр болуп күн кечиргени абдан эле оор тиет экен, оор...

Кыргыз улуттук педиатрия илиминин эки залкары – профессор А.А.Ильин жана профессор Б.Ф.Шаган жөнүндө алардын таланттуу шакирти – академик Дүйшө Кудаяровичтин мекендештерибиз билген өмүр таржымалына кошумча кылып айта турган учкай-кыска мүнөздөгү маалымат топтому мына ушулар.

## "КАЙНАТА, КАЙНЕНЕ ЖАГЫНАН ӨТӨ ЖОЛДУУ БОЛДУМ"

Академиктин жаштык кездеги максат-тилектерин түшүнүүчүлүк менен колдоп, айталы, өз убагында аспирантурага кирип окуп калышына, андан ары "ийне менен кудук каздырган" илим жолуна түшүп эмгектенүүсүнө алданемедей күйөрмандык кылган зирек адамдардын бири – анын өзүнүн туштук элине аты жакшы белгилүү ыраматылык кайнатасы Буркан Орозалиев болгон экен. Эмесе, эмдиги сөз – баяныбыз ушул багытта улансын.



– Кайнатам өзү да жетим өскөн, турмуштун ачы-чүкүсүн мыкты билген адам эле, – дейт каарманыбыз. – Ошто узак жылдар бою финансы тармагында иштеп, кийинчерээк партиянын үндөөсү боюнча "отуз миңчилердин" катарында артта калган колхоздорду өнүктүрүү үчүн Фрунзе атындагы (азыр Курманжан датка айыл өкмөтү) колхозго башкарма да болуп, кыргыздын көрүнүктүү инсандары: Акматбек Сүйүнбаев, Кадыркул Качкеев сыяктуу көп кишилер менен жакшы жолдош болуп жүргөн. Окуунун кадырын терең түшүнгөндүктөн, өзүнүн жети баласын билимдүү адистерден кылып чыгарууга, дегеле окуйм деп талаптанган балдардын баарына жардам-көмөгүн аяган жан эмес эле.

Кайнатамды Майрам жеңерге баш кошконго чейин эле билчүмүн. Борборго сессияга, партактивдерге келип калганда, окуган жердеш балдарды чогултуп, баарыбызга акча берип кетүүчү. Негедир мага көбүрөөк берээр эле. "Ушул киши сага кайната болуп калбасын, анткен себеби, өрөзгөлөп көп берип жатпайбы", – деп, балдар мени карап тамалашап күлүүчү.

Буйрук экен, кийин чыны менен Буркан ата мага кайната болуп калды. Окуумду бүткөндөн кийин, мен Кара-Суунун Мады айлындагы ооруканага башкы врач болуп жиберилдим. Майрам жеңер быякта калып, политехникалык институтта окуп жаткан. Аңгыча, Ош райондук ооруканада башкы педиатрдын орду бош экен, ошол кызматта 15 – 20 күн иштеп туруп, борборго жөнөп кеттим. Себеби, энени жана баланы коргоо илим-изилдөө институтунун аспирантурасына өт деген кат барып калган. Кайнатам менин аспирантурада окусам деген тилегимди колдоого алып, аны бүтөөр-бүткөнчө жакшы жардамын көрсөттү. Илимдин кандидаты болуп, ошол тармакта жетишкен ийгиликтериме өзүнүн ийгилигиндей кубанып жүрдү. Ананчы, медицинадан өзүм туулган Кара-Суу району боюнча биринчи кандидат, ал эми педиатрия жагынан бүткүл Ош областы боюнча биринчи кандидат болуп жатсам! Аябай сыймыктанчу.

Кайран киши 65 жашында жүрөк оорудан каза болуп калды...

Дүйшө Кудаярович кайненеси Салима апа жөнүндө да ушундай эле жылуу сөздөрдү айтат:

– Кайненем – өзү аброй-затында турмуштун кутун сактап тургандай, ырыска шерик, кыргыздын акылгөй зайыбынын бардык артыкча сапаттарына ээ, ишкер жана сөз билген жан болгон. Оозунан түк жаман сөз чыкчу эмес. Үйүндө келим-кетими көп, абдан казан-аштуу, жети баласына, өзгөчө, кыздарына элдик каада менен зирек таалим-тарбия үйрөткөнү сырттан караган кишилерди да суктандырып турчу.

Ал катаал тагдырды башынан өткөргөн адам эле. Жаш чагында Зардалы деген жердеги көңүлү сүйбөгөн бирөөгө күйөөгө берип жиберишиптир. Кийин башын ачып, ушул кайнатама турмушка чыгат. Экөө жети баланын ата-энеси болушат. Дегеле бир жаны тынып койчу эмес. Колунан бардык иш келет. А сүйлөсө, салмактуу, орундуу аңгемелеген сөзүн угуп эле отургуң келет.

Ушул билими жок, бирок нукура тунук акылы бар кайненем 93кө чыгып дүйнөдөн өттү. Карыган чагында да баягы нарктуу мүнөзүнөн жазбады, өзгөчө, авариядан каза болуп калган уулунун балдарына үйрүлүп түшүп, алардын үзбөй билим алуусуна, жетик тарбия-таалимдүү болушуна тимеле канатын суугa сала камкордук көрдү го ыраматылык.

Бактым ушу экен, мен кайната, кайнене жагынан өтө жолдуу болдум. Мындай кишилердин аты, наркы өчпөйт...

## БИР ГАНА ӨЗҮ ЖӨНҮНДӨ – ӨЗ ЖЫРГАЛЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ ОЙЛОБОГОН ЖӨНӨКӨЙЛҮК...

"Ким нагыз адам болсо, анын өмүрлүк жары да ошондой нагыз адам болушу керек", – деген Чыгыштын улуу ойчулу Алишер Навоинин алты кылым илгерки бир сөзү урпактар арасында ылакап кепке айланган.



Дүйшө Кудаярович менен 47 жыл бирге жашап, экөө турмуштун ысыгын да, суугун да чогуу таткан байбичеси Майрам эже жөнүндө да ушунун эле өзүн айтууга туура келет.

Алар 1962-жылы баш кошушкан. Ошондо Дүйшө Кудаярович мединституттун алтынчы курсунда, а Майрам эже политехникалык институттун технология факультетинин 3-курсунда экен.

Жаштык эмне, жүрөктүн кайда экенин сездирбеген, толкуп турган бир өзгөчө курак эмеспи, анда: бири – илимге аралашып, экинчиси - институттагы окуусу менен алаксыган жубайлар ошол жаштык сезим менен турмуштун сыноо-кыйынчылыгын адегенде анча деле сезишпейт.

Жети жыл көрүнгөндүн квартирасында көчүп жашашат. Дүйшө Кудаярович энени жана баланы коргоо илимизилдөө институтундагы аспирантурасын бүтөт, бүткөн соң, ушул эле институтта ага илимий кызматкер болуп иштеп, 1966-жылы кандидаттыгын да жактайт, бирок, "белгилүү жүйөөлүү себептер" менен үй тийбейт. Мен кандидат болдум, мага үй бергиле деп өзү да жулунбайт.

Академик аганы жакшы билгендердин: "Дүйшө Кудаяровичке балдар саламаттыгы жөнүндө эле айттырып кой, ал, бул темада, Саякбай Каралаев кандай "Манас" айтса, ошондой аяк-чеги жок сөз кыла берет, балдар ооруларын жоюу маселелерине ушунчалык кан-жаны менен берилген адам, бир гана өзү жөнүндө – өз жыргалчылыгы жөнүндө ойлобойт, ага убактысы да жок. Анын жалгыз "айыбы" ушунда", – деген сөздөрүнүн түпкү төркүнүнө жогорудагыдай мисалдан кийин да "баш баккандай" болосуң. Көрсө, жети жыл өз үйү жок жүрүп, ал толгон-токой маанилүү илимий изилдөөлөрдүн "чер токоюна" кадимкидей бет алып, көрүнүктүү педиатр-окумуштуулардын максат жолдогон тобуна кошулуп, көп тоскоолдуктарды жиреп өтүп кетиптир. Бирде экспедициялар менен Ош, Баткенге барып, ич өткөк, астма, аз кандуулукка чалдыккан балдардын көйгөйлөрүн изилдесе, бирде Нарын, Ат-

Башыга барып, суук тийип сезгенген өпкө ооруларына адистик байкоолорун жүргүзөт. Эч жерде, эч убакта жигердүү илимий түйшүктөнүүдөн чет калбайт!

Ошентип, убакыт куштай сызып өтө берет. Дүйшө Кудаярович менен Майрам эже 1969-жылы гана эки бөлмөлүү эски үйгө жетишет. Анда Майрам эже шаардык сүт заводунда инженер-технолог болуп иштеп жаткан. 1972-жылы ага ошол жерден үч бөлмөлүү үй бөлүнүп, ошого көчүп киришет.

Окумуштуунун шаар четиндеги азыркы үйү бир келген адамды өзүнө тарткан жагымдуу аурасы менен өзгөчөлөнүп турат. Чакан иш бөлмөсүндө эң эле ар кыл темадагы китептер текчени ийилте тизилип турганын өз көзүм менен көрдүм. Кайда гана "көчүп" жүрбөгөн, кандай гана айлар, жылдар эсебин ичине катпаган кызыктуу китептер! "Китепти жыйган мыкты эмес, окуган мыкты", – деп улуу грек ойчулу Плутарх айткандай, кылдат баракталып окулганы, антип окулган сайын тирүү жанга окшоп баркы да, көркү да артылган китептер өздөрүнүн иштемчил ээси сыяктуу эле басмырт, жупуну көрүнөт.

Дүйшө Кудаярович ыгы жок шаан-шөкөттү жактырбайт. Бул – анын натурасына жат.

Болбосо, ушундай иш бөлмөсүнө, китептер ордуна, түркүн-түс асем менен жасалган алтын-күмүш буюмдарды, чет өлкөлөрдөн ала келген экзотикалуу сувенирлерди өчү бар немедей тизген "атактууларды" канча көрбөдүк?! А бул жерде анын бири жок. Жөнөкөй жыгач текченин ичинде, медицинадан тышкары, тарых, адабият, искусство, экология, аскердик мемуар, атүгүл элдик фольклордун кеңири басылыштарын камтыган китептерге чейин бар. Өзү ар кыл жылдарда дүйнөнүн 13 өлкөсүнө (мурдагы СССР аймагынан тышкары, кээсине 2 – 4 жолудан) иш сапары менен каттап, ар бир сапардан ал өлкөнүн эстелиги катары ала келген китептери да кыйла.

Илимдин доктору, профессор, кафедра башчысы, институттун директору, академик болуп туруп, башка чоң Улуттук борборлордун бирине директор, атүгүл министрге



чейин көтөрүлүп кетүүгө деле мүмкүнчүлүгү жетишкен учурлар кездешиптир. Бирок, "балдар ааламына" башоту менен байланган Дүйшө Кудаярович антпептир, жогорку бийликтегилерге баш уруп, ыгы жок жулунбаптыр.

Анын адамдык, окумуштуулук ыйманы, чын-чынына келгенде, ушундай кайталангыс өзгөчөлүгү менен айрыкча кооз, терең жана сабак болоорлук!

Дагы бир мисал. Мамлекеттик сыйлыктардан: Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы, Элдердин достугу, III даражадагы "Манас" ордендери, Кыргыз Республикасынын илим жана техника боюнча Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты жана илимге эмгек сиңирген ишмер деген ардактуу наамдары бар, бир эле Улуттук энени жана баланы коргоо борборуна 47 жылдык (!) өмүрүн арнаган көрүнүктүү дабагер алигиче эмгек сиңирген врачтын ардактуу наамын ала электигине (!) бир чети таң каласың да, бир чети бет чымырата кызарасың. Билбестиктенби, же "өзү өтүнбөстүктөнбү" бул? Кандай деген күндө да, ушунун өзү биздин медицина чиновниктерибиздин "мурдун балта кеспеген" түркөйлүгүнүн айкын көрүнүшү экени чын.

Иш практикасында эч кимди жер-жерине (азыр мындай "бөлүштүрүү" адат болуп кетпедиби!), уруусу же улутуна карап бөлбөгөн, кимдин колунан иш келсе, кимдин абийири жана таланты болсо, ошону ар тараптан сүйөмөлөп-жөлөгөн, агалык, насаатчылык акыл-кеңешин айткан, жашы улуу болсо да, ар качан БАЛА КЫЯЛДУУ болуп жүргөн жарык көңүл мекендешибиздин ушундай жашоо образы менен уюткулуу кыргыз элинин УЛУТТУК АР-НАМЫСЫ кармалып турат десем, айткан оозго да, жазган калемге да эң сонун жарашат деп ойлойм.

"Мен жашоодо талыкпай, көшөрө иштеген эмгектен башка эч нерсе билбедим", – деген немец акыны, ойчулу жана илимпозу Иоганн Вольфганг Гётенин исповеддик бир сөзүн блокнотума жазып койгонум бар. Мына ушул улуу Гётенин өмүр-жашоосун мүнөздөп жазган анын атактуу замандаштарынын бири: "...Ал эч качан

будамайлап, үстүрт иштегенди сүйчү эмес... Жалкоо, кош көңүл, жашоо-турмушка өзүн, өз талабын калыптандыра албаган, чыр-чатактуу, күйгүлтүккө түшкөн, ички маданияты төмөн, адеп-ыймансыз адамдарды жаман көрчү..." – деп, кийинки урпактарга эмгек гигантынын мүнөз, жашоо тартиби жөнүндө таңгаларлыктай маалымат калтырган.

Эмгек гиганттары бардык замандарда бирдей. Мен, журналист катары, жогоруда айткан "мүнөздөмөлүк штрихтерди", ал калыбынан эч өзгөртпөстөн туруп, Дүйшө Кудаяровичтин аброюна да толук бойдон таандык кылып коёр элем.

Муну зирек окурман өзү түшүнөөр.

## СӨЗ – БАШКЫ НЕЙРОХИРУРГ, АКАДЕМИК МИТАЛИП МАМЫТОВДО

АВТОРДОН:

*Мен бул даңазалуу дабагер, чыгаан окумуштуу жөнүндө кезегинде "Башкы нейрохирург", "Ал "мээ поэзиясына" күн сайын кездешет" деген сыяктуу журналисттик очерктеримди жаздым эле.*

*Мына эми, Кыргызстандын башкы нейрохирургу, И.Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медицина академиясынын неврология жана нейрохирургия кафедрасынын башчысы, профессор, академик Миталип Мамытович менен өзүнүн эң жакын жолдошу, кесиптеши – китебибиздин каарманы Дүйшө Кудаяровичтин кыргыз медицинасына сиңирген эмгеги жана жалпыга дүң болгон адамдык парасаты жөнүндө сүйлөшүп отурабыз.*

*Миталип Мамытович улуу кесиптешинин орошон сапаттарына сыймыктанганын, кубанганын жашыра албайт.*

*Ал мага чын жүрөгүнөн жазылган төмөндөгү макаласын китебибиздин "керектүү жерине" киргизип коюу үчүн чоң ишеним менен берди.*

*Эмесе, ошол макаланы биз баарыбыз чогуу окуп көрөлү:*



## БАЛА КӨҢҮЛ БОЛСО ДА, ДААНЫШМАН АДАМ

Академик Дүйшө Кудаярович Кудаяров менен бирге жүрсөң, шашпай баарлашып сүйлөшсөң, чарчаганың жазылып, көңүлүң көтөрүлүп, өзүңдү ырахатка жеткендей сезесиң. Себеби, анын маңдайы ар дайым ачык, көңүлү куунак, көзүнөн жакшылыктын нуру чачырап турат.

Жөнөкөй, карапайым дыйкандын үй-бүлөсүндө туулганына, алыскы айыл жергесинде өнүп-өскөнүнө карабастан, нукура өзүнүн талыкпаган эмгеги менен дабагерлик кесипте, илимий тармакта өтө зор жана бийик ийгиликтерге жетише алды.

Көп жылдар бою чогуу иштеп, айрыкча, 15 жылдай ысык мамиледе болгонубуздан улам, биз бири-бирибизди өтө жакшы билип калдык, ымалабыз саунанын ысыгындай жылуу бойдон уланып келе жатат. Дагы бир баса белгилей кетчү нерсе – мен бир эле мезгилде үч топ адамдар менен шеринелеш, табакташ болсом да, үчөөндө тең Дүйшө Кудаяровичтин арабызда бар экенине өзгөчө сыймыктанам. Ошондуктан, мен ушул Дүйшөкемдей адам менен кесиптеш, табакташ, замандаш жана дос болгонума өзүмдү бактылуумун деп сеземин.

Ааламдын сыйкырын, адамдын ички сырын билүү кыйын болсо дагы, ушул жогорудагы айтылгандардын негизинде, биз бири-бирибизди сыртыбыздан гана билбестен, эне туума акыбалыбыздагы көрүнүштү ар тараптан көрө алгандыгыбыздан, менде Дүйшө Кудаяровичтин ички-дүнүйөсүн көргөндөй сезим пайда болот. Ал кишини көргөн сайын карагың келет, сүйлөшкөн сайын сөзүн уккуң келет, бирге жүргөн сайын чогуу болгуң келет.

Бир жагынан, Дүйшө Кудаяровичтин сүйлөгөн сөздөрүнөн, жасаган кыймыл-аракетинен, токтоо, сыпайы мүнөзүнөн улам, ушул адам балдардын тубаса дабагери болуп төрөлсө керек деп ойлойсуң. Бул кесип Кудайымдын кудуретинен буюруп, ата каны, жаны ме-

нен, эне сүтү менен мээримдүү педиатрлык талант кошо пайда болгондой.

Экинчи жагынан, Дүйшө Кудаярович өмүр бою ооруган, кыйналган балдардын өмүрү үчүн күрөшүп жүрүп, өспүрүмдөрдүн көңүлүн көтөрөм деп жүрүп, өзү бала кыял, бала көңүл болуп калганы башкаларга сезилип тургандай. Өзү менен кенен баарлашып, маектешип калсаңыз, анын мамлекет деңгээлиндеги чоң иштерди жасап, өтө маанилүү илимий жагдайдагы сөздөрдү сүйлөп жатса дагы – жаш кыял, өспүрүм мүнөзү бар экени байкалат. Ошон үчүн өзү чыныгы балдар дабагери, Кыргызстан боюнча ошол тармактагы врачтардын жетекчиси – Биринчи педиатр десек жаңылышпайбыз.

Дүйшө Кудаярович жаш кезинен келечек максатынын шамын бийик көтөрүп, алдын алыс жаркытып, ийгиликтин ачкычын кармаганга белсенген экен. Күнүмдүк жетишкендиктерине, ийгиликтерине алымсынбай, келечектин керегине жарай турган дагы-дагы чоң иштерди аткарганга тилек кылып коёт. Ийгиликтин түпкүрү, негизи изденүү деп түшүнөт. Изденүү илим аркылуу гана ишке ашарын сезет, ошого көзү жетет. Дегеле илим менен изденүү ийне менен кудук казгандай, күнү-түнү өзүңдү ички камчың менен чапкандай, мойнуңда ар дайым оңой көтөрүлгүс жүк баскандай турмуш болооруна макул болот. Ошентип, изденүү жолуна түшөт, изденүү жолунда турмуштун катаалдыгын башынан өткөрүп келе жатат. Изденүүнүн татаал жолунда жакшы адамдар туш келет. Бул да Кудайдын буйругу, өзүнүн бактысы. Ийне менен казып отуруп кудукка да жетет. Акырында кудуктан жөнөкөй суу ичпестен, мүрөктүн суусун тата баштайт.

Дүйшө Кудаярович өмүр бою балдардын ден соолугу үчүн талыкпай күрөшүп келе жатат, балдар биздин келечегибиз деген ураан ар бир жашаган саатын, күнүн коштоп жүрөт. Мамлекетибиздин келечеги, элибиздин саламатчылыгы жакшы болуш үчүн балдарыбыздын ден соолугу бекем болуш керек деп ар дайым айтат. Ал үчүн дабагерлерибиздин деңгээли, чеберчилиги жогору бо-



луш керек. Оорунун алдын-ала чарасын көрүп, болтурбай коюунун ыкмалары өз убагында жүргүзүлүшү керек деп айткандары бар.

Дагы бир жолу кайталап айтайын: кыска убакытка сүйлөшсөңүз дагы, көптөн бери тааныш, калың мамиле бар сыяктуу сезим калат. А бирок, өзү менен кенен баарлашып, маектешип калсаңыз, бул киши чоң саясатта болобу, же өтө маанилүү илимий деңгээлдеги сөздөрдү сүйлөп жатабы – бардык учурда андан бала кыял, жаш өспүрүмдүн мүнөзү бар экени билинип турат. Мунун себеби, өмүр бою балдардын арасында болгондугу, жаш муундун аурасы жугуп калгандыгынан болсо керек.

Дүйшө Кудаяровичтин басып өткөн өмүрү, элге, балдарга жасаган мамилеси башка адамдарга өрнөк болсо дээр элем. Мындай ички дүйнөсү таза адам менен замандаш жашап, акылын угууга Кудайымдан дагы көп жыл буюрса экен деп тилейм жана үмүттөнөм.

Досчулукка бекем турат. Досту тандоодо, анын уруусуна, географиясына, илим деңгээлине карабайт. Башка адамдын көңүлүн көтөргөнгө уста. Эгер капаланып турсаң, ташыган мээримин чачат, ширин сөздөрүн айтат, ошондой эле табигый сезим менен ооруган балдарды эркелетет.

Алдына койгон максаттар, милдеттер бул кишини чыңдады, өтөгөн кыйын турмуш чыйралтты. Азыркы биздин элибиздин баштан өткөрүп жаткан кыйын турмушуна, жакырчылыгына ар дайым тынчсызданганы сүйлөгөн сөздөрүнөн байкалып турат. Руханий жана материалдык жакырчылык көпчүлүк элдин башына келип турган убакта, илимдүү, маданияттуу, жогорку профессионалдуу инсандарыбыз четте калып, байлыкты, бийликти гана көздөгөн кээ бир саясатчылар эл казынасынын төрүндө жүргөнүнө кейийт. Элдин жана өкмөттүн кызыкчылыгын жогору коёт.

Саламаттыкты сактоо тармагында, балдардын ден соолугун сактоодо, андагы жетишкен ийгиликтерди жаратууда, медакадемиядагы педиатрия факультетин көп кысым-кыйынчылыкка карабастан сактап калууда Дүйшө

Кудаяровичтин салымы абдан чоң. Медакадемиянын, Саламаттык сактоо министрлигинин, Өкмөттүн деңгээлиндеги жыйындарда, илимий кеңештерде педиатрия факультетинин келечеги, балдар дабагерлеринин тагдыры үчүн куйүп-бышып сүйлөгөнүн, таламын талашып, ыйлагандай акыбалга чейин жеткен учурларды көп көрдүм.

Дүйшө Кудаярович чоң-чоң иштерди жасап, мактоого татыктуу болсо дагы, мактанбайт, аны баса белгилебейт. Бирөөгө жакшылык кылганы үчүн эч нерсени үмүт кылбайт, мүмкүнчүлүк болсо эле кайра ошону кайталаганга даяр. Ойчулдугу, тунук сезими ар дайым байкалып турат. Куру популизмден алыс. Көп нерсени алдын-ала көрө билген даанышман. Эл оозунда жалаң жакшы жактары менен мүнөздөлүп, элдин көптөн-көп алкышына ээ болуп жүрөт. Адамкерчилиги бийик, ички дүйнөсү таза, жылуу аурасы ар дайым өзүнө тартып турат.

Жакшы иштегендиги, ийгиликтери үчүн Өкмөтүбүздүн көптөгөн жогорку сыйлыктарына татыктуу болду, алардын негизгилери: III даражадагы "Манас" ордени, "Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер" деген ардактуу наамы, Мамлекеттик сыйлыктын лауреатынын наамы ж.б. Өз кесибинде – өтө зор жоопкерчиликтүү кызматтарда иштеп келе жатат, айта кетсек: Медакадемияда кафедранын жетекчиси, акушерлик жана педиатрия илим-изилдөө институтунда директордун орун басары, анан директор болуп көп жылы иштеди. Азыр болсо: Улуттук энени жана баланы коргоо борборунун ардактуу директору, Улуттук илимдер академиясында вице-президент, докторлук диссертация жактоо боюнча илимий кеңештин төрагасы, көптөгөн журналдардын, кыргыз окурмандары сүйүп окуган "Ден соолукка миң кеңеш" гезитинин редколлегия мүчөсү, бир нече жолу дүйнөлүк деңгээлдеги конгресс, форум, жолугушуулардын уюштуруучусу жана катышуучусу болгон.



# IV. ДАБАГЕРЛИК СЫР ТӨГҮҮ

***Ымыркай болобу, тестиер болобу – бардык балдардын ден соолугу жакшы болмоюнча, чоң адамдардын ден соолугу эч убакта оңолбойт. Анткени, адамдын кандай оорусун албайлы, анын башталышы дал ошол балалык учурунан чыгып жатпайбы.***

*Академик Д.КУДАЯРОВдун*
*ой бөлүшүүсүнөн*

***Жакшы врач, эң кур дегенде, жаман врачтан оорулуунун тагдырын сактап калат.***

*Француз макалы*

# АЙТПАЙ КОЮУГА БОЛБОЙ ТУРГАН ЗАРЫЛ ОЙЛОР

## 1. "ВРАЧТЫН ЖҮРӨГҮ БАШКАЧА БОЛУШУ КЕРЕК"

**– Дүйшө Кудаярович, өмүр үчүн күрөшкөн ак халатчан дабагердин кесиптик аброюн кандай сапаттар аныктап туруш керек деп ойлойсуз?**

– Врач болуу деген – бул адамдын жаны менен жан болуп бирге жаралган табигый касиет, Кудай тааладан берилген өзгөчө өнөр, шык деп эсептейм. Ансыз дегеле жакшы врач болуу кыйын. Аны, биринчи кезекте, боорукердик, кайрымдуулук, бирөөнүн оорусун өзүнүкүндөй кабыл алган сезимтал жүрөк төшөөчүлүк айырмалап турушу керек. Мына ошондо гана ал тандаган кесибинин баркына жетип, кандай кыйынчылык болсо да, көтөрүмдүүлүк, чыдамкайлык менен жеңип өтүп, андан ырахат жана канааттануу табат.

А балдар врачы болуу деген эмне? Бул – берки калган врачтардан айырмаланган өзгөчө жоокерчиликти тандап алды деген сөз. Адамдык жүрөгү башкача болушу керек. Анткен себеби, балдар ооруганда, алардын ата-энеси, урук-туугандары кошо оорушат. Аларды аяп, түшүнүп, көңүлүн көтөрүп, бир сөз менен айтканда, өз кишисине айлануу зарыл. Балдардын да, ата-энелердин да ден соолугу врачтын колунда. Демек, анык өтмө катар жоопкерчилик.

**– Өз тажрыйбаңыздан көрүп жүрөсүз го, балдар врачынын татаал ишине эркектер көбүрөөк ылайыктуубу же аялдарбы?**

– Андай айырма деле жок. Эң негизгиси – врачтын боорукердиги, мээрмандыгы. Баланы да, анын энесин да катарлаш туруп коргоп калганы баарынан маанилүү.

**– Врачтык кесипке кокусунан (!) келип калгандар жөнүндө эмне айта аласыз?**



– Өкүнүчтүүсү, мындайлар айрыкча кийинки мезгилде көп болуп кетти. Балам окуш керек, диплом алыш керек деген ойго жетеленген ата-энелер кээде балдарын престиждүү саналган тигил же бул окууга "сунуштап" койгон учурлар бар. Ата-энесинин ошондой көңүлүн кыя албай, же кандайдыр "пайдалуу" максатты көздөп, бир эле врачтыкы эмес, юрист, экономист, журналист сыяктуу адистердин окууларына кирип алышкан жаштардын мисалдарына көз жуумп коюуга болобу? Ошол кесиптен диплом алса эле бардыгы чечилип калчудай болушат. Өзүнүн болочок кесибине кокусунан келгендер деп мына ушундайларды айтабыз.

Чыныгы врач болуп чыгыш үчүн, биринчи, адамдын өзүнүн көңүлү болуш керек. Ниети, каалоосу тартып турушу керек. Мен өзүм 1 – 2-класстан эле врач болсом деп тилек кылчу элем. Ошонум өмүрүмдүн башкы максатын аныктады деп ойлойм.

Анан, врач болгондон кийин, андай сезимди ар тарабынан көкөлөтүп-өстүрүү зарыл. Башкача айтканда, билимин ар дайым толуктап, оорулуулар менен көп иштешип, тажрыйба-чеберчилигин байытып дегендей. Ансыз болбойт. Өспөй калган, токтоп калган врач – жакшы врач эмес. Бардыгын эле диплом чечпейт.

Эгер багыт туура тандалса, тажрыйба, чеберчилик дегендер жылдар өткөндөн кийин келет. Жылдар аралыгында улууну көрөсүң, кичүүнү көрөсүң, жакшы адисти да, жаман адисти да көзүң менен байкап, алардын жасаган жумуштарын өз алдыңча салыштырып чыгасың. Ошого карата мүнөзүң да, ишке мамилең да калыптанат.

## 2. "БИР КЕЗДЕ ЖЫЛЫНА 350 ПЕДИАТР ОКУТУЛСА, АЗЫР 20га ТҮШТҮ..."

**– Дүйшө Кудаярович, сиз мурдагы акушерлик жана педиатрия илим-изилдөө институту, азыркы Улуттук энени жана баланы коргоо борборунда жал-**

**пы жонунан 47 жыл иштесеңиз, анын 15 жылын директордун орун басары, ал эми 12 жылын директорлук кызматта өткөрүпсүз. Окурманга дагы бир жолу өз оозуңуздан маалымат берели, айтсаңыз, жетекчилик практикаңызда кадрларды кандай принцип менен тандап алчу элеңиз?**

– Кадрларды ишкердик, изденүүчүлүк сапаттарына карап тандап алчубуз. Алардын жери кайдан, уруусу ким, байдын же кедейдин тууганыбы – анысына карачу эмеспиз. Атүгүл биздин институтта өзүбүздүн колхоздун чегинде туулуп-өскөн врачтар иштей турганын да кийин эле билип жүрбөйүмбү. Көрсө, ал жагын сурап да койбоптурмун.

Эгер врач ишин билсе, адистик даярдыгы, тажрыйбасы, илимий ишке каалоосу, талабы аткарган кызматына төп келип турса, анда ал – дарылоо мекемесинин табылгасы да, сыймыгы да эмеспи. Кээ бир кадрлар: сиздин институтта иштейин деген, илимий-изилдөө жүргүзөйүн деген талабым күчтүү, бирок турмуш-шарттан бир аз кыйналып жатам деп келишчү. Мына ошондойлорго өз убагында жардам, колдоолор көрсөтүлчү.

**– Педиатр кадрлар ал кезде республикада жетиштүү эле болсо керек?**

– Бир убакта мединституттун педиатрия факультетине жыл сайын 350гө чейин студент кабыл алынып турган. А азыр канча кабыл алынат? 20га түшүп калды.

Бүткүл дүйнөлүк банктын жардамы аркасында Кыргызстандын саламаттык сактоо тармагын реформалоо жүргүзүлүп келатпайбы. Мына ушул жардам бир жагынан оң натыйжасын көрсөткөнү менен, экинчи жагынан, эбак калыптанып, туура жолдо өнүгүп бараткан багыттарды бузуп койду. Бул өңдүү терс көрүнүштөр, биринчи кезекте, педиатрияга жасалган бир беткей мамиледен байкалды.

Өз убагында, бир эле Кыргызстанда эмес, мүлдө СССР боюнча балдар саламаттыгын сактоо жагынан "баштапкы звено" деп аталган эң мыкты кызмат бар эле. Мен ага күбөмүн, 1977-жылы Алматыда жалпы врачтардын Бүткүл дүйнөлүк конгресси өтүп, анда СССРдеги саламаттыкты сактоонун биринчи звенодогу кызматы бүткүл дүйнө боюнча өзүнө теңдеши жок – мыкты кызмат деп таанылган. Кийин аны бузуп алдык.



Мурда балдар поликлиникасы, аялдар консультациясы дегендер болоор эле. Балдар өзүнчө, чоңдор өзүнчө текшерүүдөн өтчү. Ушунун өзү санитардык-гигиеналык жактан да абдан туура нерсе болчу.

Эми азыр бардыгы аралашып кетти. Туберкулёз менен ооругандар да, грипп менен ооругандар да, ымыркай балдарын көтөргөн энелер да бир жерге келип көрүнөт.

## 3. АЛТЫМЫШТАГЫ КАРЫ МЕНЕН БЕШ ЖАШТАГЫ БАЛА БИР ЖЕРДЕ ЖАТСА...

**– Бир жолу Балыкчы шаарынын ооруканасынан 60 – 70 жаштагы карылар менен 4 – 5 жаштардагы балдардын бир бөлмөдө жатканын көргөнүм бар. Ушуга эмне демекчисиз?**

– Улгайган кишилер көбүнесе жүрөгү ооруп жатышат. Аларга тынчтык, кыймыл-аракеттин аздыгы керек. А балдар болсо, эмне кылат? Алар чуркап ойногонду, ата-энесине эркелеп, тентектик кылганды сүйүшөт. Демек, ушунун өзү кимге кызык да, кимге пайдалуу?

Бир жолу мага мындай окуяны айтып беришкен. Ошондой ооруканалардын биринде жаткан карыя тынчтык бербейт деп баланын атасы менен мушташканга чейин барыптыр. Балдардын ата-эне, урук-туугандарына наразылык билдирип, кызыл чеке болуп айтышып, анын айынан ансыз да жогору кан басымын жогорулатып ийип жаткандар канча. Эки ортодо нерв, тынчтык, адамкерчилик мамилелер өксүйт, аларды көрүп турган врач, медсестралар да беймаза болушат...

Мына ошондуктан, азыр балдардын жана чоңдор-

дун бөлүмдөрүн өз-өзүнчө бөлүп жатабыз. Бирок, жасалган иштер дале болсо жетишсиз болууда.

Уюштуруучулук жагынан да, кадрлар жагынан да терең ойлонуштурулуп чечилчү маселелер тутуму мурда айткан ойлорубузду кайра-кайра кайталап айтууга аргасыз кылат.

**– Окурмандарыбыздын турмуштук керектөөсү, балдарынын саламаттыгы үчүн ал ойлор абдан кызык, айта берсеңиз...**

– Мурда айыл жерлеринде фельдшердик-акушердик пункт (ФАП), участкалык оорукана дегендерибиз көп болчу. Анткен себеби, райондук борборлордо иштеген врачтар айылдардын баарына эле жете алышпайт да. Алыс жайгашкан кыштактар бар. Ооруп калгандарга да ошончолук жерден жол жүрүп келүү кыйын.

Мына ошондой айылдыктарды тейлеген ооруканаларды жоюп алып, азыр ача албай жатабыз.

Ал эми иштеп жаткан ооруканаларда балдардын койкасы, чоңдордукуна караганда, 5 эсе (!) азайып кетти. Калктын жарымынан көбүн балдар түзүп жаткан чакта, ушул айтылган арифметикалык сан кандай акылга туура келет?

Айталы, ар бир 100 миң кишинин санына балдар үчүн Казакстанда – 126, Өзбекстанда – 122, Тажикстанда – 76 койка бөлүнсө, бизде бар болгону 35 эле койка.

Бүгүнкү күндө республикабызда 700 педиатр иштеп жатат. Башта алардын саны 2700 эле. Айлык аз, шарт кыйындаганынан башка жакка кетип калгандар көбөйдү. Бул – биринчиден. Экинчиден, педиатр адистерди даярдап чыгуу кескин азайды. Ал эми дарылоо факультетин бүтүрүп чыккан терапевттер балдар менен иштөөнүн, дарылап-айыктыруунун жөн-жайын чала билгендиктен, педиатр болуп иштөөдөн, балдарды колуна алуудан коркушат. Дарылоо факультетинде балдар медицинасы боюнча өтүлгөн сабактар педиатрия факультетине караганда бир жарым эсе аз. Анан кантип бул тармакты терең билүүгө болот?



## 4. "БАЛАНЫН ДЕН СООЛУГУ ОҢОЛМОЮНЧА, ЧОҢ АДАМДЫН ДЕН СООЛУГУ ЭЧ УБАКТА ОҢОЛБОЙТ"

**– Саламаттык сактоону реформалоого арналган "Манас таалими" улуттук программасын иштеп чыгууга сиздер катышкан эмессиздерби?**

– Катышканбыз. "Манас таалиминде" эң башкы көңүл эне менен балага болгон мамилеге бурулуш керек деп айтканбыз, ошентип жаздырганбыз да. Бирок, кейиштүүсү, жакшы максатты көздөгөн милдет-пландын баары жакшы жүзөгө ашпай калып жатпайбы.

Балдарга көңүл буруу эң артыкчылык берилчү (приоритеттүү) багыт деп тээ В.И.Лениндин убагында эле айтылган. Азыр көпчүлүк өнүккөн өлкөлөрдө, өзгөчө, Япония, Швецияда эне менен баланын культун жогору көтөрүп, туу тутушат.

**– Сизге өзүм байкаган мындай көрүнүштү айткым келет. Беш жашка чейинки балдарга операция бекер жасала турганы мыйзамда айтылган. Өзгөчө, жүрөктүн тубаса кемтик оорулары менен туулган жүздөгөн наристелер операцияга өтө муктаж. Бирок, кардиохирургдарыбыз операцияны бекер жасамак турсун, дегеле мындай операцияны жасоого мүмкүнчүлүк таба албай жатышпайбы. Не үчүн дегенде, тийиштүү аппаратуралар, жүрөккө салуучу материалдар ж.б. жетишпейт. Иш жүзүндө, наристелер коркунучтуу оорулар жана ажал менен бетмебет кала берүүдө. Эгерде мыйзамдык талап аткарылбаса, аны мамлекет эмне үчүн кабыл алат?**

– Ошонун өзү туура болбой жатат. Биздин чыгарган мыйзамдарыбыз иштеш үчүн, ир алды менен медицинадагы материалдык-техникалык базаны оңдош керек.

Советтер Союзундагы эң негизги артыкчылык – бул акысыз медициналык тейлөө болучу. Эми ошону жоюп алдык.

Эгер азыркыдай балдар маселесин чечпеген тенден-

ция менен жүрүп отурсак, ал жакшылыкка алпарбайт. Анткени, ымыркай болобу, тестиер болобу – бардык балдардын ден соолугу жакшы болмоюнча, чоң адамдардын ден соолугу эч убакта оңолбойт. Кандай ооруну албайлы, анын башталышы дал ошол балалык учурунан чыгаары ырас. Өнөкөт – кайталанма түргө өтүп, улам жаш өйдөлөгөн сайын адамды кыйнай берет. Демек, алгачкы талапты кичинекей балдардын санитардык-гигиеналык жактан туура каралышына коюш керек.

## 5. "ЭНЕНИН СҮТҮНӨН ӨТКӨН МЫКТЫ ТАМАК ЖОК"

**– Дүйшө Кудаярович, ымыркайлар үчүн сүт кухняларын уюштуруудагы чыныгы абал кандай?**

– Тилекке каршы, сүт кухняларынын саны өтө азайып кетти.

Чындыгында, жаңы төрөлгөн бала үчүн эненин сүтүнөн өткөн мыкты тамак жок. СССР заманында ушул жагынан табигый талап кыйла бузулган. Маселен, бала төрөлгөндө энесинин сүтүн эки, төрт саат, кээде бир суткадан кийин гана берүү практикасы орун алган. Ал эми экөөнүн эки башка жатышы демейдеги эле көрүнүш болгон. Натыйжада, эненин ууз сүтү боюна тарап, бала ууз сүткө төрөлөөрү менен канган эмес.

Эми ошол система жакшы жагына оңолду. Эненин сүтүн эмбеген бала эч убакта дене-бою, аң-сезими, ооруларга туруштук берүү дарамети жагынан жакшы боло албайт.

Дүйнөлүк илимий маалыматтардан белгилүү болгондой, жанагы чоң-чоң кылмыштарды жасап жаткандар – киши өлтүргүчтөр, уурулар, зордукчулар, садисттер, ошондой эле баңгилер, ата-энесине, үй-бүлөсүнө, бирге окуп же иштегендерине кайрымсыздар дал ошол эне сүтүн эмбей калгандардан көп чыгат экен.



## 6. "ЯПОНИЯДА 1000 БАЛАНЫН БЕШӨӨ ЭЛЕ ӨЛҮМГӨ УЧУРАЙТ"

**– Сиз чет өлкөлөргө көп барып жүрбөйсүзбү. Педиатрлардын нечендеген дүйнөлүк конгресстерине катыштыңыз. Өзүңүз күбө болгон, суктанган жакшы мисалдардан айта кетпейсизби?**

– Мен мурдагы СССР аймагынан тышкары: Америка Кошмо Штаттарында төрт жолу, Түркияда төрт жолу жана Чехословакия, Франция, Сирия, Кытай, Венгрия, Мальта, Египет, Нидерланддар, Түндүк Кипр, Австралия сыяктуу өлкөлөрдө болдум. Таң калганым, мына ушул өлкөлөрдүн бардыгында тең балдардын саламаттыгын сактоого артыкчылыктуу, чоң маани беришет экен.

Чет өлкөлөрдүн тажрыйбасы бизге сабак болоорлук. Балдарды коомдук жана медициналык камкордукка алуу жогорку деңгээлге жеткен. Өлүмдүүлүк өтө аз. Эгер, бизде ар бир 1000 баланын 30 – 40ы өлүмгө учурап жатса, маселен Японияда бул көрсөткүч 5 эле (!) баланы түзөт. Негизги себеби – аларда турмуш жакшы, ар бир үй-бүлөнүн материалдык абалы жакшы, балага – мамлекеттин келечегине жасалган мамиле, камкордуктар жакшы. Бир сөз менен айтканда, курчаган чөйрөнүн баары баланын дени сак, бактылуу өсүшүнө ыңгайлашкан.

А бизде болсо, андай шарт, камкордуктар жок. Башкасын коёлу, бала-чакасы менен жепирейген жапыз тамдарда, сыз, муздак квартираларда, атүгүл вагонетка, палаткаларда жай-кыш дебей жашап жатышкан үй-бүлөлөрдүн саны да аз эмес го.

Жугуштуу оорулар чет өлкөлөрдө жокко эсе. Мына ушунун өзү эле, өз турмушубузга салыштырганда, ортодогу асман-жердей айырмачылыкты ырастап турбайбы.

**– Кыргызстан баланын укуктарын коргоо боюнча эл аралык Конвенцияга кол койгон. Бул – өтө маанилүү документ. Бизди кызыктырганы: ушул Конвенциянын жобо-эрежелери кандай сакталып жатат?**

**Албетте, сөз бул жерде баланын медициналык жактан корголушу жөнүндө...**

– Баягыдай эле көрүнүш: Конвенциянын талаптарын сактоого аракет кылышат, бирок, ал талаптар аягына чейин сакталбайт.

**– Мурда, СССР убагында, көп бала төрөгөн энелерге акчалай жардам берилчү эмес беле. Ушул система сакталганбы?**

– Ал система азыр деле бар. Бирок, барган сайын андай жардамдын өлчөмү азайып жатат. Бул – өкүнүчтүү.

КМШ өлкөлөрүнүн ичинен, көп бала төрөгөн энелерге берилчү жардамды Россияда өтө көбөйтүштү. Андан тышкары, бала үч жашка чыкканга чейин, аны багып отурганы үчүн да энеге пособие төлөшөт. Мурда төрөлгөнгө эле пособие берип коюшчу эле да.

Бизде баласы эки жашка толгончо энелерге декреттик отпуска берүү каралган. Бирок, материалдык абалдын кыйындыгынан, энелер бат эле ишине чыгып кетишет.

**– Кыргызстанга балдарга арналып чет өлкөлөрдөн, эл аралык уюмдардан гранттар келеби?**

– Көп эле келет. Балдардын саламаттыгын сактоо боюнча ЮНИСЕФ, ЮСАИД сыяктуу бир катар эл аралык уюмдар жардам көрсөтүп жатышат. Андай каражаттар: балдарды окутуу, врачтардын кесип даярдыгын өркүндөтүү, материалдык-техникалык базаны жакшыртуу ж.б. максаттарга жумшалат.

Кургак учукту, онкологиялык жана психикалык ооруларды, ВИЧ/СПИДди, безгекти дарылоодо ушундай сырттан келген гранттардын пайдасы чоң болууда.

## 7. ҮЧ ЖЫЛДЫК АРАЛЫК МЕНЕН ТӨРӨГӨН АЯЛДАРДЫН САНЫ КӨБӨЙДҮ

**– Дүйшө Кудаярович, 5 миллиондон ашык калкы бар эгемендүү өлкөбүздө балдардын жылдан жылга аз төрөлүп жатышы ар бирибизди тынчсыздандыра турган көрүнүш эмеспи?**



– Туура айтасың, Бир кездерде Кыргызстанда жыл сайын төрөлгөн балдардын саны 140 миңге чейин жетчү.

Канчалык көп бала төрөлсө, социалдык жетишсиз шарт, энелердин кош бойлуу кезиндеги ар кандай дарттарга чалдыгышы ж.б. кесепеттердин айынан алардын өлүмү да ошончолук көп болгондуктан, анда биз атайын программа иштеп чыгып, үй-бүлөнү пландоо, төрөлчү баланын санын азайтуу, ар бир наристе ата-энесинин каалап-күткөн перзенти болушуна жетишүү, мындайча айтканда, ден соолугу чың гана тукумдун төрөлүшүн камсыз этүү боюнча системага салынган чоң иштер аткарылган. Башында ар бир 1000 баланын ичиндеги өлүмдүүлүк 39 – 40ка жетсе, республикадага аны бара-бара 20га чейин түшүргөнбүз. Тилекке каршы, азыр кайра өсө баштады.

Эски убакта аялдардын 26 пайызы жыл сайын төрөчү. Ал эми бүгүнкү күндө жыл сайын төрөгөн аялдардын саны азайып, үч жылдык аралык менен төрөгөн аялдардын саны көбөйдү. Бул көрүнүш – наристелердин эсен-соо төрөлүшүнө жакшы шарт түзүлүп жатат дегендик.

## 8. "УЛУТТУК ГЕНОФОНД ЖАКШЫ ТУКУМ МЕНЕН ОҢОЛОТ"

**– Дүйшө Кудаярович, балдардын төрөлүү көрсөткүчтөрү боюнча ыраматылык Чыңгыз Айтматов менен ой бөлүштүңүз беле?**

– Мындай маселе боюнча бет маңдай отуруп аңгемелешкен эмесмин. Бирок, ал кишинин оюн билчүмүн. Элибизде төрөлгөн балдардын көрсөткүчү, биринчи кезекте, сапаты менен аныкталса дечү.

**– Үч жыл илгери мен Кыргызстандын энелери менен балдарынын аз кандуулук көйгөйлөрү туура-**

**луу айтсам, кайран Чыкебиз таңдануу менен өкүнгөндөй башын чайкап: эми бул маселелерди ойдогудай толук чечүү бир гана кишинин колунан келбейт да, ал жөнүндө бүтүндөй кыргыз элибиз күйөрмандык көрсөтүп, ойлонушу керек деп айтканы эсимде...**

– Туура айтыптыр.

**– Аз кандуулуктан эле канча балдар азап чегип, акыл-ой өсүүсү кемип, сабак билбей, бактылуу келечегин бөөдө жеринен өксүтүп жатышат? Мына ушул маселе коңшу Казакстан, Өзбекстанда кандай?**

– Жалпысынан алганда, биздегидей эле. Төрөлүү деле, аз кандуулук деле бирдей. Бирок, мамлекеттин балдарга берген жардамы, түзгөн шарттары биздегиден жакшыраак. Анткени, алар бизге салыштырганда бир топ бай өлкө эмеспи.

**– Генетика жөнүндө бир суроом бар эле. Маселен, күйөөсү да, аялы да жогорку кан басымынан азап чеккен үй-бүлөлөрдө дени сак, сергек балдар туулушу мүмкүнбү?**

– Жогорку кан басым көрүнүшү тукум куучулук – генетикалык жол менен ата-энеден түздөн-түз балдарына өтөт деген түшүнүк медицинада жок. Бирок, оору коркунучу кайсы бир деңгээлде сакталып кала бериши мүмкүн. Айталы, андай ата-энеден туулган балдар, башка балдарга караганда, жогорку кан басым оорусуна көбүрөөк чалдыгышы ыктымал. Болбосо, түздөн-түз кан менен берилет деген көз караш түпкүлүгүндө туура эмес.

**– Бизде ЗАГС, "Нике жана үй-бүлө" ж.б. кызматтарда иштегендер жаңы баш кошуп жаткан жубайлар менен алдын-ала аңгемелешип, алардын ден соолугу жөнүндө маалымат сурашпайбы?**

– Убагында биз бул максатта атайын генетикалык кабинеттерди ачкан элек. Алар ЗАГС кызматынын алдында иштөөчү. Көңүлдөрү табышып, үй-бүлө курууну чечишкен жаштарга инструктаж өтүлүп, баш кошсоңор болот же болбойт деп кеп-кеңештер берилчү. Эгер айрым генетикалык оорулардын белгилерин жигит да, кыз



да алып жүргөн болсо, анда алардан туулган балдар да ошондой ооруну тубаса түрдө мурастап кала тургандыгы жөнүндө ачык эле айтылчу.

Мындай генетикалык кабинеттер мезгилинде жаш жубайлар үчүн чоң кызмат өтөгөн. Кийин андай кабинеттер жоюлуп кетти.

**– Бишкектин "Жал" кичирайонунда жайгашкан Улуттук энени жана баланы коргоо борборунда ата-энелердин тукумсуздугун, дагы башка ооруларын аарыга чактырып дарылоочу кызмат иштейт экен. Аны мен өз көзүм менен барып көрдүм. Ушул кызмат жөнүндө пикириңиз кандай?**

– Ата-энелерге, күйөөсү жок аялдарга жана алардын балдарына жардам берген көп эле уюмдар, кызматтар пайда болуп жатат. Алардын ишин, канткен күндө да, туура деп айтыш керек. Анткен себеби, жасаган иштеринин негизине гумандуу максат коюлуп, республиканын калкына керектүү жардам-көмөктөр берилүүдө.

Бирок, андай уюм, кызматтардын көрсөткөн жардамдары бекер жүргүзүлүп жаткан жок да. Көрүнгөндөр акы төлөшөт. Бирөөнүн антүүгө мүмкүнчүлүгү болсо, экинчисиники жок дегендей, социалдык абал да коомдо бирдей эмес. Эгер кайрымдуулук максатын көздөгөн эл аралык, чет өлкөлүк уюмдар ошондой жардамдарын бепбекер көрсөтүшкөндө, башкача кеп болмок.

## 9. МИГРАЦИЯ КҮЧӨГӨН ШАРТТАГЫ БАЛДАРДЫ КАТТОО, ЭМДӨӨ КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЖӨНҮНДӨ

**– Балдар арасындагы ооруларды алдын-алуу маселеси да ойдогудай болбой жатат. Биз бала кезде ар бир бала, ар бир мектеп окуучусу каттоого алынып, тигил же бул оорунун алдын-алуу үчүн үйдө да, мектепте да эмдөө жүргүзүп турушаар эле. Азыр эмдөө жасалган күнү мектепке барбай калган бала ошол бойдон "унутулуп" деле калат экен...**

– Балдардын каттоосу жакшы болбой калбадыбы. Ички миграция деген болуп көрбөгөндөй күчөп, бир жерден экинчи жерге кетип калгандар эч кандай каттоого турбастан, натыйжада, жаш балдардын медициналык эсебин алуу медиктердин өзүнө да чоң кыйынчылыктарды түзүүдө.

Ымыркай бала төрөлгөн жеринде да, ата-энеси менен көчүп келген жеринде да каттоого алынбай калган учурлар бар. Ошонун айынан, өз убагында зарыл эмдөөлөр жүргүзүлбөй калып жатат. Эң кейиштүүсү, шаарда убактылуу мигрант болгон ата-энелер жаңы төрөлгөн баласы менен кайра айылга кеткенде, ал жакта да баласын каттоого тургузуу, эмдөө жасатуу деген ди көңүлгө алышпай, кайдыгерлик, билимсиздиктин кесепетинен наристелери ооруга чалдыгып, бөөдө жеринен өлүмгө учуроодо. Мындай мисалдар бирин-серин эмес – бир топ эле көп.

Демек, проблема да чоң, милдеттер да татаал.

**– Дүйшө Кудаярович, республикабызда ушул балдардын проблемаларын жалпы жыйынтыктай турган, мындайча айтканда, аларды туура чечүүгө түздөн-түз таасир эте турган орган же мекеме жокпу?**

– Бар. Ал – башта энени жана баланы коргоо илимизилдөө институту болчу. Кийин ушул эле институт педиатрия жана балдар хирургиясы институту деген ат алып, акушерликти бөлүп салышкан. Аны эми кайра ордуна келтирип, энени жана баланы коргой турган илимизилдөө институту катары ачылды. Мына ушул институт жалпы координациялоочу иштерди жүзөгө ашырат. Ал Саламаттык сактоо министрлигинин алдында иштейт.

## 10. ДАРЫ-ДАРМЕКТЕРДИН САПАТЫ ЖАКШЫБЫ?

**– Сизге көңүлүмдү өйүгөн мындай маселени айтайын: амбулаториялык жол менен же ооруканага жатып дарыланган балдарга бардык учурда эле дары-дармек жагынан жеңилдиктер жасала бербейт экен. Айрым врачтар очойгон-очойгон кымбат баалуу дарыларды жазып беришет, а бечара ата-эне ошонун баасына карабай сатып берүүгө аргасыз...**



– Эми врачтардын адистик даярдыгы, аң-сезими да ар кандай экени талашсыз. Азыр дистрибьютер дегендер чыгып калды. Фармакологдор – аптекалардын кызматкерлери аларды сатып алгандай болуп жатышат. Мисалы, канча дары сатсаң, сага ошонун баасынын 10 – 20 пайызын беребиз дегендей "келишимде". Мындай жат көрүнүштөр менен күрөшүүбүз керек.

**– Дары-дармекти биздин гана аптекадан сатып алгыла деген оорукананын врачтарычы?**

– Мен ошолор жөнүндө айтып жатам. Мында дистрибьютерлер "иштеп" жатканы көрүнүп турат. Ошолордун рецепттери менен аптекадан канчалык көп дары алынса, анын пайдасы тигилердин айлыгына кошумча болуп түшөт. Бул деле жыргап кеткенден чыккан иш эмес. Айлык акынын аздыгынан, турмуштун кыйындыгынан ошого барып жатышпайбы.

Врачтар жазып берген дарыларды колунан келгендер алат, колунан келбегендер албайт. Кымбат дарылар бар.

Ал эми милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду (ФОМС) тарабынан бекер берилүүчү дары-дармектердин да тизмеси түзүлгөн. Ага өмүр, ден соолук үчүн абдан маанилүү деп эсептелген дарылар киргизилген. Алардын баалары кыйла арзан. Бирок, арзан дарылар менен ооруну толук сакайта албагандыктан, ошондой кымбат дарыларды сатып алууга туура келип калат.

**– Балдарга арналган дарылардын сапаттары кандай болуп жатат?**

– Ар кандай сапаттагылары бар. Кээ бир дарыларды базарга отуруп алып сатып жатышат. Алардын баасы арзан болгону менен, сапатына, сакталышына эч кандай кепилдик берүүгө болбойт. Маселен, муздаткыч-

та сакталуучуларын күндүн кактаган ысыгында жайып коюп сатып жаткандар бар. Демек, сапаты бузулууда.

Ошондой кээ бир дарылар балдардын ден соолугуна терс таасирин тийгизүүдө.

## 11. БАЛДАР ООРУЛАРЫН АЙМАК-АЙМАК БОЮНЧА КАРАГАНДА...

**– Дүйшө Кудаярович, оорулардын аймактар боюнча таралышынын өзгөчөлүктөрүнө токтолуп кетсеңиз?**

– Кээ бир оорулардын таралышында аймактар чыны менен эле бирдей болбогон жергиликтүү өзгөчөлүктөргө ээ. Маселен, аз кандуулук менен ооругандар түштүк аймагында – Ош, Жалал-Абад, Баткенде көп жолугат. Ал жакта аз кандуулук эле эмес, тамак сиңирүүгө байланышкан ашказан, ич өткөк оорулары да арбын. Мите курт деп коёт, ошондон жабыркагандар жүйүр учурап жатат. Күндүн ысыгынан, суунун таза эместигинен ж.б. себептерден ушундай көрүнүштөр орун алууда.

Ал эми өпкөдөн сезгенген оорулар Нарын, Ысык-Көл тарапта көп. Мында тоолуу климаттык шарт ошого себепчи болуп жаткандыгы түшүнүктүү.

**– Илим-изилдөө институту уюштурган экспедициялар менен республиканын бардык эле район-шаарларын кыдырып чыксаңыз керек?**

– Барбаган жерим калган эмес. Айылдарды кыдырып калганда, фельдшердик-акушерлик пункттардын (ФАП) абалы менен кылдат таанышып, муктаждыктарын угуп, өзгөчө, энелер менен балдардын ооруларын алдын алуудагы жүргүзгөн иштерине кызыгып турар элек.

Областтык балдар ооруканалары менен түздөн-түз иштешчүбүз. Кийин булар да жоюлуп, Ош областтык оорукана гана калган. Азыр кайра Жалал-Абадда ачылганы жатат.

Бир кездерде, балдардын медициналык кароосун



мындай коёлу, эгер мектепке барбаган балдар болсо, жетекчилер катуу жооп берип калышчу. Өз көзүм менен көргөн элем, бир жолу Ак-Талаа районуна барсак, ал жерде бир бала жети күн мектепке келбей калыптыр. Койчунун баласы экен, аны колхоздун башкармасы машина жиберип алдырбастан, окууга өз убагында келүүсүн камсыз кылбагандыгы үчүн кызматынан алынып, айылдык кеңештин төрагасы да ошондой жаза тартып, мектептин директоруна сөгүш берилип, айтор, абдан катуу чаралар көрүлгөнү эсимде. Бир бала сабагын үзгүлтүккө учуратканы үчүн!

Азыр эми мындайды караган эч ким болбой калды.

**– КММАдагы өзүңүз көп жылдар бою жетектеген госпиталдык педиатрия кафедрасында канча окумуштуу-окутуучу иштейсиздер?**

– Бардыгы 13 адам: 1 академик, медицина илимдеринин 1 доктору, 4 доцент, калгандары – ассистенттер.

**– Кесиптештериңиздин ичинен, балдарга өмүрүн арнап, ишине чындап берилген таланттуу дабагер-окумуштуулардан кимдер бар?**

– Профессор Сырга Бөкөнбаеваны айтсам болот. Ал – кыргыздын классик акыны Жоомарт Бөкөнбаевдин кызы. Мыкты педиатр. Ошондой эле КММАнын факультеттик педиатрия кафедрасынын башчысы, профессор Сталбек Бакасов, медакадемияда педиатрия факультетинин деканы, балдар инфекциясы кафедрасынын башчысы, профессор Рахат Мавлюдовна Кадырова бул күндө жамааты менен чоң иштерди аткарып жатышат. Дагы бир Кенжебек Кожоназаров, Токтосун Топчубеков деген мыкты кесиптештерим бар эле, бейиши болгурлар жарык дүйнөдөн өтүп кетишти.

Азыр да иштеп жүргөн профессор Татьяна Ивановна Покровская ушундай жаштарга көп таалимин көрсөттү. Ал кишини өтө урматтап-сыйлайм.

**– Балдардын саламаттыгын санаториялык дарылоо жолу менен чыңдоо абдан маанилүү маселе го?**

– Туура айтасың. Мына ушуга жанагы үй-бүлөлүк

дабагерлер борборлору менен топторунда иштегендер чоӊ маани бериши керек. Башта Ысык-Көлдүн эки-үч жеринде, Жалал-Абадда, Воронцовкада ошондой жайлар бар болчу. Кийин жоюлуп кетти.

**– Улуттук идеология дегенибиз да эӊ алды менен балдарга мыкты көӊүл буруудан башталыш керек деп ойлойм...**

– Калети жок сөз. Дүйнөнүн кайсы өнүккөн өлкөсүн албайлы, элдин жашоо деңгээли, бакубат турмушу, өлкөнүн байлыгы жана ырыстуу келечеги баарыдан мурда энелер менен балдардын саламаттыгынын жакшы көрсөткүчтөрүнө жараша өлчөнөт.

Кайсы жерде энелер менен балдардын оору-сыркоосу, өлүмү көп болсо, ошол өлкөдө жашоо-турмуш абалы жакшы эмес деп эсептелет. Акыркы эсептөөлөр боюнча, биздин эгемендүү Кыргызстанда ар бир жаңы төрөлгөн миң баланын ичинен 30га жакыны бир жашка жеткиче чарчап калып жатышы ар бирибизди ар-намыстуу атуул катары абдан катуу тынчсыздандырыш керек. Ара төрөлгөн, оорукчан төрөлгөн наристелердин санын, биринчи кезекте, үй-бүлөнүн социалдык шарты, материалдык камсыз болуусун жакшыртып, кош бойлуу энелердин аз кандуулук жана башка ооруларын алдын алып, катуу көзөмөлдөө аркылуу азайтпасак, улуттук генофонддун ал-абалына олуттуу коркунуч туула бергени – туула берген!

Дагы кайталайлы:

– ымыркай бала чоӊ кишинин кичинекей көчүрмөсү эмес;

– балдар оорулары алардын өздөрүнө гана мүнөздүү өзгөчө белгилери менен айырмаланат;

– педиатрияны терапиянын бир эле бөлүгү деп ойлоп жүргөндөр терең жаңылышат;

– улуттун, мамлекеттин келечеги - энелердин жана балдардын саламаттыгынын чыӊ болушунда.

Жакшылыктан үмүт үзбөй, жакшы ой-тилектер менен жашайлы!



# ШАКИРТТИК СӨЗ: "БИР АДАМДЫН КӨӉҮЛҮН КАЛТЫРЫП, ОРОЙ СҮЙЛӨГӨНҮН КӨРБӨДҮМ"

**Сталбек БАКАСОВ, И. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медицина академиясынын факультеттик педиатрия кафедрасынын башчысы, медицина илимдеринин доктору, профессор:**

– Дүйшө Кудаярович менен тааныштыгыбызга отуз жылдан ашып калды. Ал адамды алгачкы жолу көргөндө, жашы отуз-кырктын тегерегинде болсо керек. Мен болсо, мединституттун жогорку курстарынын студенти элем.

Ошондо, ал киши сулуу сымак, бой десең – бою, ой десең – ою бар дегендей, Кыргызстан акушерлик жана педиатрия илим-изилдөө институтунун директорунун илим боюнча орун басары, докторлук диссертациясын жаңы эле Москвадан жактап келип, жапжаш кезинде профессорлук наамга ээ болуп турган кези эле.

Кийин мен институтту бүтүрүп, ординатура, аспирантурада окуп, илимий даража алуу үчүн кандидаттык диссертациямды жактагандан кийин, педиатрия кафедрасына өтүп, окутуучулук жагынан агайга кесиптеш болуп калдым.

Ошондон бери агай менен дайыма тыгыз байланышта болуп, эриш-аркак аракет кылып, тандап алган кесипте кызмат, изденүү жоопкерчилигин колдон келишинче аткарып келе жатабыз.

Эми аксакалыбыз, агайыбыз жөнүндө айта берсек, сөз көп, бир бүтүн китептин көлөмү чак келеби, же келбей калабы, дароо айтуу кыйын. Эӊ негизгиси, агайды тааныган, билген адамдардын ичинен улуусу же кичүүсү болобу, карысыбы, жашыбы, жакшысыбы же анча эмесиби – ким болбосун, менин оюмча, билишимче, бул адам жөнүндө жалаң гана жакшы сөз айтат го деп ойлойм жана ага ишенем.

Агайдын башка белгилүү, кадыр-барктуу адам-

дардан өзгөчөлөнүп тургандыгы, биринчиден, эң жөнөкөйлүгү. Дүйшө Кудаярович бардык адамдарга – улуусуна, кичүүсүнө, кызматынын чоңуна же кичинесине карабай, бирдей мамиле кылат. Кайсы убакта болбосун, кайрылууга көңүл бөлүп, арыз-муң болобу, же башка маселе болобу – күнт коюп угуп, колунан келишинче жардам көрсөтүүгө бүт далалатын жасайт.

Ушул адамга катарлаш, шакирти катары жүргөн отуздан ашуун жылдан бери бир да бир адамга орой мамиле жасаганын, көңүлүн калтырып койгонун көргөн жокмун. Бул болсо, агайдын жөнөкөйлүгү гана эмес, эң жогорку парасаттуу адамкерчилиги деп ойлойм. Илимде ушунчалык бийик даражага жетишсе дагы, дайыма өзүн көтөрбөй, бир калыпта жүрүшү менен агай айырмаланып турат.

Кызматка, кесипке байланыштуу ар кайсы чогулуштарда, конференцияларда, симпозиумдарда бирге болуп калабыз. Айтайын дегеним, республикада бүт медициналык жамаат, өзгөчө, педиатрлар – балдардын врачтары агайды өз атасындай, агасындай урматташат, сыйлашат. Коллегалардын арасынан бир да адам агай жөнүндө кенедей да өйдө-төмөн сөздөрдү, күмөн саноону билдиргенин кездештире элекмин.

Бир нече жолу Дүйшө Кудаярович менен жакынкы жана алыскы чет өлкөлөргө чогуу барып келдик. Ошондо, агайдын кадыр-баркы, зоболосунун бийиктигине далай жолу күбө болуп, кошо кубанып жүрдүм. Барган жерден баары кучактап тосуп алышып, урматтап, сыйлай тургандыгын көрдүм.

Ошол чет өлкөлөргө чыгып калганда, мейманкаларда көп учурда бир номерде жашап турган кездерде, сырдашып, көкүрөктөгү көйгөй маселелерди бөлүшүп да жүрдүк. Ошол кездерде агайдын улуу инсандыгына, зор адамкерчилигине, ички дүйнөсүнүн тазалыгына ыраазы болуп жүрдүм.

Жылдар жебедей болуп тез учат экен, мына, тез эле аксакалыбыздын 70 жылдык юбилейи да келип калды.



Ушул убакыттын ичинде агай көп-көп эмгектердин ээси болду, элдин, мамлекеттин алкышына, сыйына, сыйлыктарына татыды. Медицина илимдеринин көптөгөн кандидаттарын, докторлорун даярдап, жол көрсөтүп, жетектеп даражага жеткирди.

Сөзүмдүн акырында айтаарым, биринчиден, ушул агай менен, бир тууган агамдай көргөн адам менен замандаш болуп калганым үчүн Кудайга миң-мертебе ыраазымын, экинчиден, торколуу тою менен куттуктап, чың ден соолук, бакубат жашоо, көп-көп жакшылыктарды каалап, биздин урматтаган, сыйлаган аксакалыбыз дайыма төрүбүздөн орун алып, бизди кубантып жүрө берсе экен деп Жаратkandан тилейм.

## ТУРМУШ ТЕМАСЫНДАГЫ АНКЕТА

**– Дүйшө Кудаярович, эрте турган адамга Кудай ырыскы чачат дейт. Аны, биринчи кезекте, ден соолук деп түшүнсөк болот. Сиз эрте турасызбы?**

– Саат 6да турам. Таза абадан дем алып, жеңил көнүгүүлөрдү жасайм.

**– Кээ бир кишилер убакыт жетишпейт деп эле күйпөлөктөй беришет. А сизге убакыт жетишеби?**

– Албетте, убакыт тартыш. Отпуска убагында да диссертанттардын эмгектерин Ысык-Көлгө чейин ала кетип, окуп отуруп алсам, жеңеңер наразылана берет, эми ушундай кезде да бир жакшылап эс албайсың деп. Антпесең да болбойт. Себеби, эмгек жараткан жаш илимпоздор сенин тез окуп бүтүп, пикир айтышыңды ак эткенден так этип күтүп жатышпайбы. Бул – өз башымдан өткөргөн, көндүм болуп калган иш. Демек, жаштарды күттүргөндүн ордуна, убактымды деле коротуп, отпускамдын күндөрүн деле аябай, эмгектерин эрте кайтарууга даярмын. Дем алыш, майрам күндөрү да аткара турган иштерим толтура.

**– Врач болгондон кийин, ден соолугуңузга кылдат карасаңыз керек?**

– Анча көп деле карабайм.

**– Бал челекчилер, окумуштуулар узак жашашат дешет. Ушуга көз карашыңыз?**

– Ал ырас. Бул өзү кесип өзгөчөлүгүнөн, ишке, идеяга алаксуунун психологиялык жагдайларынан улам ошондой болсо керек деп ойлойм. Турмушта врач-педиатрлардын 80 – 90го чыгып – узак жашагандарын көрүп жүрөм. Мунун себеби эмнеде? Менимче, педиатрлар ар качан балдар менен иштейт, мына ушунун өзү аларга кандайдыр бир кайталангыс дем-күч берет болуш керек. Балдар, адатта, бат ооруп, бат айыгышат, анан ошол наристелердин: обход жасаган учурда болобу, же дарылап жатканда, же ооруканадан чыгарган учурда болобу – айтор, сага жылмайып, айыпсыз ууртунан күлүп койгону эле түшүнгөн кишиге канчалык ырахат, канчалык бактылуулук! Ооруп айыккан балдар врачтын өмүрүн ошентип бат эле узартып коюшат.

**– Досчулук, жолдошчулукта кандай сапаттарды жогору баалайсыз?**

– Орустар "искренность" деп коёт, кыргызча ал – чын пейилдүүлүк. Мен мына ушундай сапатты жогору баалайм. Болбосо, кызмат-даражага, байлык-бийликке, утурумдук дагы башка нерселерге байланып, чала дос, чала жолдош болуу дегенди караманча жактырбайм. Дос деген, жолдош деген – сен кандай болсоң, ошондой кабыл алып, жасалма түр көрсөтпөй, жакшылык, жамандыгыңды чогуу бөлүшүш керек.

**– Өмүр жолуңда ийгиликтерге жетишүүңүзгө жөлөк-таяк болушкан бир туугандарыңыздан, жакын адамдарыңыздан, жолдошторуңуздан атай кетсеңиз?**

– Андай ийгиликтерге жетишүүмдө бир тууган инилерим Бердибек, Жалал, карындашым Айжан, балдыздарым Канышай, Умсунай, кайним Токтош жана бир тууган бажам Тыныбектин да салымдары бар.

Турмушумда жана кызматымда өздөрүнүн акылнасааттарын айтып, улуу болгондоруна карабай, мени балдарындай көрүп жүргөн: Кулназар Ташиев, Акматбек



Сүйүнбаев, Эшен Чертонов, Тургунбек Суванбердиев сыяктуу урматтуу адамдардын бийик кадырын эскербей коё албайм.

Менин жакын көргөн жолдошторум жана курсташтарым: илимдин кандидаттары Мамытбек Жунусов, Бекмурза Исмаилов, илимдин докторлору Бесенбай Түлебеков, Сейткан Жошибаев. Жүрөккө жакын жолдошторум: Зулпукар Кудайбердиев (профессор, илимдин доктору), Токтосун Топчубеков (илимдин кандидаты, доцент), Сабыр Калбеков (оорукананын башкы врачы) эле, өмүрлөрү кыска болуп, бул дүйнөдөн өтүп кетишти. Жаткан жерлери жайлуу болсун.

Көп жылдан бери бирге иштешкен, бир туугандай болуп калган иним Солтоналы Борбиев – илимдин кандидаты.

Кесиптештердин ичинен: сырдаш, оюбуз бирдей чыккан жакын адамдардан деп академик Миталип Мамыканов, мүчө-корреспондент Ашыралы Зурдиновду айтовду, ар таар элем. Бир класста окуп, ошондон бери бирге жүргөн жолдошторум: Кушпак Кадырбеков, Баатыралы Сыдыков, жердешим, жолдошум Курманбек Рахманов.

**– Студент куракта залкар хирург Иса Коноевич Ахунбаев менен бирге мончого түшүп, атүгүл анын жонун шыпыргы менен чаап берипсиз. Азыр жолдошжоролоруңуз менен мончого барасызбы?**

12 киши шеринелеш жүрөбүз. Мурда ошолордун ичинен: академиктер Миталип Мамытов, Санжарбек Дания олуп, бир тобубуз Асан Жайлообаев деген белгилүү врач жолдошубуз жетектеген оорукананын саунасына барып турар элек. Толук болбосо да, ал "салт" азыр дагы улануунуда.

**– Кандай адамдар көңүлүңүзгө жагат?**

– Чынчыл, эки сүйлөбөгөн, сөздү бурмалабаган, чагымчылык жасап, чымчып тийишип, кычыштык кылбагандар.

**– А кандай адамдарды жаман көрөсүз?**

– Кош көңүл, калпычы, жалкоо немелерди.

**– Ичи тардык, көралбастык деген эмне?**

– Ичи тардык, көралбастык – бул өлүмгө барабар өтө ыпылас адаттар.

**– А сараңдыкчы?**

– Сараңдык деле – алиги ичи тардык, көралбастыктын бир түрү.

**– Өмүрүңүздө сизге ачык эле көралбастык кылып, бут тоскондор болдубу?**

– Антүүгө шылтоо да табылбай калды көрүнөт. Себеби, качан болсо, түз жүрүп, түз иштеп, улуу болобу, кичүү болобу – бардыгына ак мамилемди көрсөтүүгө далалат жасап келдим.

**– Түшкө ишенесизби?**

– Чоң энем ыраматылык: жакшы түш көрсөң – жакшылап жорут, жаман түш көрсөң – сууга барып айт деп койчу эле. Кеменгерликти карабайсыңбы. Жакшы түш көрсөм, мен деле кубанып, аны жакшылыкка жоруп коём.

**– Кайсы телеберүүнү жакшы көрөсүз?**

– Москвадан көрсөтүлгөн "Время" программасын.

**– Машина айдайсызбы?**

– 1970-жылдардан баштап айдачумун. Кийин кызмат машинасына түшүп, өзүм айдоонун зарылчылыгы деле болбой калды окшойт.

**– Дачаңызда болгондо, жер күрөктөп же бак, гүл өстүрүп алектенесизби?**

– Дачабызды башта эле сатып жиберген элек. Аянты 14 сотых болчу. Андыктан, дачада иштейм деп айта албайм.

**– Жашы өтүп калган адамдар жаштарга нааразы болуп сүйлөгөндөрүн угуп калабыз. Эмдиги жаштарга ыраазысызбы?**

– Жаштар – биздин келечегибиз. Аларга акыл-насаат айтып, төтөн, нааразы болуп сүйлөгөндөн мурда – өзүбүздүн жүрүм-турумубуз, жасаган иштерибиз менен өрнөк көрсөтүүбүз керек. Жакшы таалим эч убакта изсиз калбайт, ал муундан – муунга, улуулардан – кичүүлөргө оошпой койбойт.



**– Ичкиликке берилгендер да көбөйүп кетпедиби...**

– Буга да өзүбүз күнөөлүүбүз. Мындан көп-көп жылдар илгери Нарын областына барсак, анын Куланак деген жеринде бизди коноктоп жаткан колхоздун ферма башчысы төрт-беш жашар уулун көрсөтүп: мына, бул уулум ачырканбай арак ичет, азыр өзүңөр көрөсүңөр деп, стакандын түбүндө калган арактьı бере койгону эсимде. Кийин ошол баладан кандай адам чыкты – билбейм, бирок анын атасынын "мактанган" жоругу жолдо эле калсын. Улуулар балдарын кээде ушинтип тескери жолго өздөрү "багыттап" коюшат.

Мактаныч эмес, менин уулум Бакыт быйыл 37ге чыкты, ушул жашка келгиче анын тамеки тартканын да, ичкилик ичкенин да көрө элекмин.

Бардыгы өз орду, өз ченеми менен болгону жакшы го. Антпесе, ичкиликтин айынан канча тукум бузулуп, канча үй-бүлө кыйрап, канча ден соолук, өмүрлөр өксүп жатат!

**– Жеп-ичкен тамак-ашыбыз аябагандай химиялашып кетти. Узун акчанын артынан түшүп алып, элдин ден соолугун ойлобой, ар кандай "махинация" жасап жатышкан "кулинарлар" аз эмес. Турмуштун ушундай көрүнүшүнө кандай пикир айтасыз?**

– Албетте, мындай көрүнүш бир эле бизди эмес, бүткүл дүйнөнүн врачтарын да тынчсыздандырып жатат. Химиялашкан заттардын тамак-ашка ашкере көп кошулуп жатышы ден соолукка, өзгөчө, балдардын ден соолугуна өзүнүн кыйраткыч таасирин көрсөтпөй койбойт. Биз турмуштун ушул жагына айрыкча катуу көңүл бөлүшүбүз керек. Кадыресе сак-саламаттыкта болуу үчүн жаратылыштын өзүнөн алынган жаңы азык заттарга не жетсин. Маселен, табигый жол менен өстүрүлгөн жашылча-жемиш, колдо союп алган мал, куш эти, кыргыздын сүт, айран, быштак, кымыз сыяктуу алмаштыгыздын сүт... 

Өзүң белгилегендей, базарда, көчөдө сатылып жаткан тамак-ашка эмнелер кошулуп жатканын ким билсин.

Бир жолу Ошто самсанын ичинен баканын буту (!) чыкты дешкенде, аябагандай катуу чуу көтөрүлгөн. Кээ бир ыйманын жоготкон соодагерлер эшектин, иттин, атүгүл мышыктын этин кошуп тамак жасашат экен дегенди да уга калып жүрөбүз. Мындайларга мыйзам жүзүндө тиешелүү чаралар көрүлүшү керек.

**– Улуттук идеологиянын негизи – элибиздин ынтымагы деп жүрөбүз. Ынтымакты канткенде чыңдай алабыз?**

– Ынтымак-ырашкердикти кыргыз элибиз ар качан туу тутуп келген. Үй-бүлөдө деле ынтымак болбосо, бактаалай, ырыс-кешик зоболосу көтөрүлөбү? Ынтымак ар бирибизге аба-суудай керек. Кыргыз элинин биримдигин, башка элдерге тең болуп, дүйнөлүк цивилизациянын агымына өз үлүшүн кошуп, анын жетишкендиктеринен пайдалануусу үчүн, биринчи кезекте, ынтымагыбызды чыңдаганыбыз өтө маанилүү.

Алиги кыргызды ичинен өксүткөн: жердештикке, уруу-урууга бөлүнүүчүлүк сыяктуу тар мүдөөлөрдү көздөгөн чолок саясатчылардын азгырыктарынан оолак болгонубуз оң. Жаштарыбызды ынтымактуу болууга үндөп, келечектерине кеңири жол ачалы.



# V. ЗАЛКАР ИНСАН ЗОБОЛОСУ: ЖЫЛДЫЗДУУЛУК АР КИМДИН ЭЛЕ БЕШЕНЕСИНЕ ЖАЗЫЛБАЙТ

***Жакшыга жанашсаң, зоболоң артат,***
***жаманга жанашсаң, күнөөң артат,***
***кедейге жанашсаң, марттыгың артат,***
***байга жанашсаң, сараңдыгың артат,***
***балага жанашсаң, кыялың артат.***

*Элдик накыл*

***Чыныгы эркек бала кыялдуу болот.***

*Анатолий АГРАНОВСКИЙ,*
*атактуу орус журналисти*

# ЭЧ БИР АСЫЛ ИШ ИЗСИЗ КЕТПЕЙТ

Деле маанайы суз – мостоюңку түшкөн сүрөтүн көрбөдүм. Куду япондор сыяктуу объективге бүткүл жандүйнөсүнүн акактай тунуктугун көрсөткөн оптимисттик жигери менен тигилет. Ал өз Мекенинде да, чет өлкөлөрдө да ошол эле жылдызы жайнаган, адамдарга кунт койгуч, кичипейил, наристе балдарга айрыкча эзилип-төгүлгөн чыныгы мээрман, чыныгы камкордук көрүүчү – дабагер калыбында.

Кызык десең, ушундай адам да капаланып турган учур болот болду бекен?

Кызык десең, ушундай адамды да насыя капа кылып койгон таш жүрөк пенделер учурайт болду бекен?

Менимче, ӨМҮРДҮ, КӨҢҮЛДҮ БАРКТООНУ мына ушул кишиден үйрөнсөк, бирөөнүн жүрөгүн оорутуу же бирөөгө кыянаттык ойлоону керексиз нерседей жашоо-турмуштан таптакыр чийип салаар белек да, азыркы убакта эң көптөргө ушунча жетишпей келаткан: кайрымдуулук, боорукердик, ыймандуулук өңдүү сапаттарды аба-суудай көкүрөккө түнөтүп, алдаганча адил, алдаганча таза, алдаганча жакшылык көздөгүч да болуп калаар белек?

Бала жандуу адам – дегеле тирүүлүк дүйнөгө жамандык ойлобойт. Анын улуулугу, залкарлыгы ушунда!

Мынакей, академик агай экөөбүз бомждор жөнүндө сүйлөшүп отурабыз. Кадимки эле: көчө-көчөдө тоңуп жаткан, арак ичип, нашаа тартып, топ-топ болуп муштašып, аяганды, уялганды, кубанганды, сабаганды сезбей калган – адам кейпинен караманча кетип бүткөн бомждор жөнүндө. Башта андай селсаяктар көбүнесе башка улуттун кишилери болсо, азыр, тескерисинче, өңчөй эле кыргыздар. Кыргыздар болгондо да: чүйлүктөр, оштуктар, баткендиктер, көлдүктөр, таластыктар, жалалабаддыктар, нарындыктар... Боо-боо түшүп өлүп жатышат. Тимеле карап туруп жүрөгүң мыкчылат!

– Турмушубуздун кедеринин кеткени ушул, – дейт



Дүйшө Кудаярович. – Алар да качандыр бир кезде жакшы үмүт-тилек менен жашаган ата-энелердин мончоктой балдары болгон эмеспи. Эмне үчүн ошондой азап, ажал торун сүйрөп жашаган жан кечти абалга чейин жетип калышты? Буга ким күнөөлүү? Өздөрүбү же коомбу?..

Боорукер киши бомждордун тагдырына жан кейитет. Бир жагынан, ак халатчан дабагерлер күн тыным, түн уйкусунан аша кечип балдар өмүрү үчүн күрөшүп жатса, экинчи жагынан, каруу-күчкө толгон чоң эле кишилер – оңдогон жана жүздөгөн (!) селсаяк-бомждор өз өмүрлөрүн ширенкенин талындай сындырып, бөтөлкөгө жана көргө таштоодо. Логика деген каякта? Коом күйөрмандыгы деген каякта? Адам өмүрү ушунчалык эле арзанбы?

Бир кезекте Индиянын улуу саясий ишмери Махатма Ганди мекендештеринин ыпылас жашоодон ооруга чалдыгып жатканын көрүп, алар үчүн кайрымдуулук кызматын, медициналык кароону уюштуруп, а өзү тилектештери менен бирге дааратканa... тазалап кеткен экен...

Эч бир асыл иш изсиз кетпейт, эч бир күнөө жазасыз калбайт деп айтылат мусулмандардын Кураны менен христиандардын Библиясында. Бул сөздө терең философиялык маани бар. Ошондой турмушта болуп жаткан терс көрүнүштөр, тигил же бул социалдык топтогулардын аянычтуу тагдыры, өзгөчө, балдардын ден соолук абалынын көйгөйлүү маселелери – улутту жана үй-бүлөнү чырмаган "ыйман кризисине" Жараткан Теңир тарабынан берилген "жооп" экендигин да бир гана дин өкүлдөрү эмес, врачтарыбыз да ачык айтып жатышат.

Дүйшө Кудаярович мени менен макул болот го деп ойлойм: эгер, мисалы, ата-эне ыйманды унутуп, жаман жакка барса, Жараткан Теңир аны кантип көрбөй коё алат? Бирок, көптөр: Кудайың минте берет, тигинте берет дегенчелик кылып, ага маани бербей жүрүшпөйбү. Өкүнүчтүүсү ушул.

Чынында, жаратылыштын алдында биз кимбиз? Кумурскабыз! Жараткан Теңирдин адам акылы жетпеген эң чоң ааламы бар. Ал ар бир адам менен мындай кыл, ти-

гиндей кыл деп "мамиле" түзбөйт да, мына ошол баарыбыздын үстүбүздөгү өзүнүн чоң ааламы менен жашайт. Биз байкап-байкабай жасаган күнөөлөрүбүз менен кээде ал ыйык, чоң ааламга шек да келтирип алабыз...

Өткөндө, Москванын жана бүткүл Рустун патриархы Алексий II каза тапканда, Россиянын Президенти баш болуп, кандай аза күтүп турушту! Чокунуп да жатышты, ыйман тазалыгы жөнүндө терең-терең ойго да тунуп турушту. Бул бекеринен эместир?!

Орустарда бир макал бар: "Ангел погибает, спасая злодея", – деген (Кыргызчасы: "Периште көркоону куткарам деп жатып, өзү өлөт"). Жапжаш наристе балдардын дал ошол периште сыяктуу ата-энесинин күнөө-жазыгын көтөрүп, аларды жуу, актап-аруулантуу тилеги менен мезгилсиз ооруп, алдыда кетип... жаткандыгы жөн жеринен болбогон иш – Жараткан Теңирдин буйругу деп ойлойм.

Ачыгын айтайын, ар дайым кимди болсо да жарык маанайы менен кабыл алып, аны гана күтүп, ага гана сыр бөлүшөөр убактысын аянбай арнап жаткандай, чын жүрөгүнөн өзгөчө чечилип-берилип сүйлөшкөн Дүйшө Кудаяровичтей ЖЫЛДЫЗДУУ мекендешти башта жолуктурган эмесмин.

Анын туруш-турпаты ар качан муну эскертип тургансыйт: бакыт деген – бул жан-дүйнөнүн тунуктугу, тазалыгы. Жашоонун өзү философия да. Эгер адам өмүрү өткүчө тазалыгын бекем сактай алса, анын сообу сөзсүз жакындарына тиет. Кимдир бирөөлөрдү оорутуу, тозокко салуу эле Жараткан Теңирге ошончолук кызыкпы? Албетте, жок!

Демек, ошондой бактыны сезе билүүнүн өзү эле – теңдешсиз бакыт.



# "АГАЙЫҢАР ӨЗ ИШИ МЕНЕН БАРДЫК АДАМДАРДЫ ООРУБАС, БАКТЫЛУУ КЫЛГЫСЫ КЕЛЕТ..."

**(Академиктин өмүрлүк жары Майрам БУРХАНОВА менен маек)**

**– Майрам эже, сиз кандай үй-бүлөдө чоңоюп өскөнсүз? Ата-энеңиз, алардын өмүр баяны, иштеген иш, адеп-мүнөзү ж.б. жөнүндө маалымат бере кетсеңиз?**

– Мен 1939-жылы 1-майда Ош шаарында жарык дүйнөгө келип, көп балалуу үй-бүлөдө чоңоюп-өскөм. Атам Буркан Орозалиев 1914-жылы туулган киши эле. Өмүр бою финансы тармагында, чарбада иштеди. Согуш кезинде эки жолу майданга кетмек болуп, поездге түшкөн жеринен бронь берип алып калышып, райондук финансы бөлүмүн башкартып коюшкан экен.

Апам Салима үй кызматчысы болуп эле, бала-чакасын тарбиялоо менен өмүрүн өткөрдү. Он төрт бала төрөп, ошондон жетөөбүз тирүү калган экенбиз. Эки эркек, беш кыз. Азыр алтообуз барбыз. Бир иним авариядан каза болуп калды.

Мен балдардын экинчисимин. Менден улуу эжем кыз-келиндер институтун бүтүрүп, мугалим болуп иштеп жүрдү.

Атам жолдош-жоролоруна абдан кадыры алынган, ишенген кишисине башын сайса да жардам кылууга даяр турган сөзгө бек адам эле.

**– Ошондой досторунан кимди билесиз?**

– Көп жылдар райондук финансы бөлүмүн башкарып турганда, Акматбек Сүттүбаевич Сүйүнбаев жана анын агасы Дүйшөн агай менен ымаласы жакшы болду. Өзгөчө, Акматбек Сүттүбаевич менен кучакташып-достошуп, экөө качан болбосун сырларын да, таткан насиптерин да бирге бөлүшүп жүрүштү. Ал киши кесиби жа-

гынан атам сыяктуу эле финансист болучу. Ошто иштеп турган.

Кийинчерээк Акматбек Сүттүбаевич партиянын Ош областтык комитетинин биринчи катчысы болуп келди. Анын ал жакта бизден башка жакын тууганы жок эле. Жарыкчылыктан көздөрү өткөнчө атам экөөнүн достугу ысыктыгынан жанган жок.

Адамкерчиликке мисал катары мындай окуяны эскере кетейин. Атам он беш жылдай райондук финансы бөлүмүн башкарып туруп, анда партиянын чакырыгы боюнча чыккан "Отуз миңчилер" кыймылына кошулуп, Ош шаарынын эле жанындагы, Курманжан датка туулган жерде, Алайга кеткен жолдогу начар колхозду көтөрөм деп, ошого башкарма болуп кеткен. Башкарма болуп дагы он беш жыл иштеди. Бул кезде областтын жетекчиси – өзүнүн досу Акматбек Сүттүбаевич эле. Атам көп жылдык ак эмгеги үчүн орден-медалдар, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйланган. Социалисттик Эмгектин Баатырына көрсөтөлү десе, ага да болбой, өзүнүн тубаса карапайымдыгы, бийик адамкерчилиги аркасында тапкан сыйды эле баарынан жогору эсептеп, улунуп-жулунбаган чыныгы коммунисттигин далилдеп өткөн. Куранды да, намазды да билчү эмес. Аэропорттун тегерегиндеги колхоздо башкарма болуп иштеген таякеси бар эле. Ушул таякем көп жылдар бою мыкты иштеп келатат, анан, ал турса, менин Баатырдыкты самаганым уят деп, Акматбек Сүттүбаевичтей досунун жакшы "сунушунан" да баш тарткан.

Атамдын жолдошторунун көбү эле кызмат жагынан көтөрүлүп, финансы министрлигинде, Өкмөттө иштеп турушту.

**– Ал убакта фамилияны көбүнесе чоң атасынын атынан жазышчу эмес беле. Сиздики башкачараак – атаңыздын атынан экен...**

– Сыягы, атамдын каалоосу ошондой болгон го. Андан да кызыгы, мага метирка алганда, ЗАГСтагылар



түштүктүн салтын колдонуп, Бурханова Майрамхан деп жазып коюшуптур. Кийин атымды паспортко Майрамкан деп оңдотуп жаздырып, бирок фамилиям ошол боюнча – Бурханова болуп кала берди.

**– Биринчи классты кайсы тилде окудуңуз эле? Кыргызчабы же орусчабы?**

– Өзбекче класска барып калдым. Анда Ош шаары боюнча кыргыз мектеп жок болгондуктан, бешинчи класска чейин өзбек мектебинде окууга туура келди. Ушундан кийин атам бешинчи класстан кайра орус мектептин үчүнчү классына которуп окутту. Ошентип, 7-орус класстан кайра 8-областтык кыргыз орто мектебине кирип, 10-классты бүткөм.

**– Бала чагыңызда кайсы кесиптин ээси болсом деп кыялданчу элеңиз? Балким, врач болгуңуз келгендир?**

– Ооба, чыны менен эле врач болсом деп кыялданчу элем. Менин ал тилегиме өмүр бою эсте сакталган мындай окуя себепчи болгон.

Кичинекей кезимде катуу ооруп калдым. Аябагандай арыктап, атүгүл айыгып кетиши күмөн деген ой менен ооруканадан да чыгарып салышкан. Ошондо, айласы куруган ата-энем Чоң-Алай жайлоосуна бээнин сүтүн ичүүгө жиберишти. Сүттүн керемет күчүн карабайсыңбы, үч айда мен кадимкидей жакшы болуп кеттим. Ушундан баштап, келечекте врач болушум керек деген тилек жүрөгүмдү ээледи да, калды. Бирок, кийинчерээк тагдыр ал оюмду өзгөртүп, башка багытка бурду.

**– А эмне үчүн врач болбой калдыңыз?**

– 1959-жылы орто мектепти отличник болуп бүтүрдүм. Анан эле, область боюнча тандалып алынган отличниктерди борбордук жогорку окуу жайларына өтөсүңөр деп, Фрунзени көздөй алып жөнөп кетишти. Келсек, Москва, Ленинграддын окуу жайлары жазылган тизмеде désinститут жок болуп чыкты. Не кыларымды билбей турсам, Бекбото деген журналист байкем Ленинграддагы жеңил жана текстиль өнөр жайы институтуна

тапшырууга кеңеш берди. Мына ошол институтка биринчи экзамендердин баарын ийгиликтүү тапшырып, анан акыркы экзаменим калганда, андай алыс жерге барбай, кыз-келиндер институтунда окуган эжең менен бир шаарда бол деген апамдын сөзү боюнча кайра айнып, документтеримди алмакчы болуп кайрылсам, кабыл алуу комиссиясындагылар кыйылып жатып араң беришкен. Тимеле бербей коёт деп ыйлап жиберген абалга чейин жетипмин. Эсимде, эл агартуу министринин орун басары татар аял экен, сен эми окубай каласың, түштүктүн элин билебиз го, сени калыңга саткан жатышат деп, менин тагдырыма кейип, бир топ-бир топ сөздөрдү айткан. Бирок, мен аны, эч убакта окубай калбай тургандыгыма ынандырып, эжемдин курбуларынын кеңеши менен документтеримди дароо эле өзүбүздүн политехникалык институттун технология факультетине тапшырдым.

Ал кезде институттун ачылганына төрт эле жыл болуптур. Кыз балага энергетиктин, курулушчунун кесиби ылайык келбейт дешкенинен, тандап отуруп, эт-сүт өнөр жайынын адистерин даярдап чыгуучу ушул технология факультетине өтүп кеттим.

Институтта окуу жеңил болду деп айта албайм. Математика, физика, химия сыяктуу сабактардан тышкары, түрдүү машиналардын деталдарын, түзүлүштөрүн так эсептеген чиймелерибиз өтө көп болоор эле.

**– Анда түштүктөн келип окуган кыздар аз болсо керек?**

– Өтө аз болчу.

**– Алгач көргөндө, борбор калаабыз сизге кандай таасир калтырды?**

– Поезд менен келгенбиз. Сапарыбыз абдан кызык болгон. Кара-Суу станциясынан өмүрүмдө биринчи жолу поездге отурдум. Жолдугата таңданып-таңыркап эле терезеге тигилмей.

Бизди облОНОнун инспектору коштоп келди. Анткени, бүт областтан тандалган он эки бүтүрүүчү бирге жөнөдүк. Биздин мектептен жалгыз мен элем. Бизди Москва, Ленинград, Киев сыяктуу чоң шаарлардагы борбордук жогорку окуу жайларына тапшырасыңар деп, атайын комиссия жактырып, жолдомо менен узаткан.



Келип түшөөрүбүз менен университеттин жатаканасына жайгаштырышты. Үч маал тамак берип турушту.

Эми Фрунзени алгач көргөндөгү алган таасирлерибизди сөз менен айтып жеткирүү кыйын. Жолдору түптүз, заңгыраган үйлөр, бассаң да, турсаң да – маданият менен билимдин жаш көңүлдөрдү өрөпкүтүп, кубанткан бир өзгөчө чөйрөсү. Ушундай жерде, ушундай калаада кандай бактылуу адамдар жашап, иштеп, окуйт болду экен деп, көчө-көчөдө шашылган шаардыктарды андан бетер суктануу менен карайсың…

**– Мектепте экенде кайсы сабакты абдан жакшы көрчү элеңиз?**

– Математиканы. Англис тилин, географияны да абдан жакшы көрчү элем.

**– Мүнөзүңүз кимге көбүрөөк окшойт: атаңызгабы же апаңызгабы?**

– Менде атамдын, апамдын да мүнөзү теңме-тең го деп ойлойм. Кээ бир мүнөздөрүм апама окшоп кетет: холерик, шашма, кайсы жумушту көздөп калсам, жабышып аягына чейин чыкмай… Атам болсо өтө оор басырыктуу, токтоо, он сүйлөгөндө, бир жооп берген, зор денелүү киши эле. Аз сүйлөөчү. Кайран киши алтымыш бешке чыга электе эле инсульттан кете берди. А апам 93кө чыккан.

**– Студенттик күндөрүңүздү эскере кетсеңиз?**

– Анда политехникалык институттун азыркы Тынчтык проспектиси менен Ахунбаев көчөсүнүн кесилишиндеги жатаканалары жаңы салынып, ошол жерде жашадык. А негизги окуубуз "Спартак" стадионунун жанындагы корпуста өтө турган. Ал жерде кийин соода техникуму жайгашты, азыр экономика институтуна берилген. Мындан тышкары, шаардык мэриянын жанындагы тоо-кен институтунун корпусунда да окуп калдык. Бир сөз менен айтканда, ар кайсы жерде эле көчүп окуп жүрчүбүз.

Студенттердин да, окутуучулардын да көпчүлүгү орустар болчу. Ректорубуз Сухомлинов эле.

Окуудан анча кыйналган деле жокмун. Биринчи эле семестрде экзамендерди жалаң "бешке" тапшырдым. Анан экинчи семестрде аппендицит болуп, бирок окуумду үзгүлтүккө да учуратпай, начарлатып да ийбедим.

Албетте, үйдү, ата-энени сагынбай койчу белек, сагындык. Атама ушул кезге чейин ыраазы болом – ал бизди ушунчалык өз алдынчалыкка тарбиялап коюптур. Сагынычты жеңүүгө ушул касиет жардам берди.

Мен "атамдын кызы" элем, жанынан чыкчу эмесмин. Беш кыздын ичинен мени абдан жакшы көрчү. Кичине тестиер болуп калганымда эле, колума акча карматып, райфиндин машинасына салып: балам, базарга барып, дасторконго керектүү тамак-аштарды сатып кел, кечинде үйгө баланчадай коноктор келет деп, кадимкидей "тапшырма" берип коёр эле ыраматылык. Мен анын айткандарын чоң кишидей аткарып, өзүмдү эркин, өз алдымча сезип, ошондой ишеним аркылуу мүнөзүмдү да калыптандырып алгамын.

Беш жыл бою стипендия алып жүрдүм. Стипендиябыз жакшы эле. Эгер Дүйшө агайыңар мединституттун 6-курсунда окуп 24 сом алса, мен политехникалык институттун 3-курсунда 40 сом алчумун. Тамак-ашка толук жетчү. Мындан тышкары, кыз бала эмеспи, алыста кыйналып калбасын деп, атам такай акча салып, үйдөн эт-аш, жер-жемиш, кийим-кечек дегендер үзбөй эле келип турчу.

Биз окуп жүргөн мезгилде студенттерди пахтага алпарчу эмес. Бир-эки жолу Чүйдүн колхоздоруна барып, кызылча жыйноого жардам бергенибиз болбосо, андагы "хрущёвдук ыкма" боюнча, күндүзгү бөлүмдө окугандарды өндүрүштөн кол үзбөсүн деген талап менен адистигибизге жараша өндүрүштүн өзүндө иштетип коюшкан. 1-курстан эле, сабактан чыгаарыбыз менен нан заводуна, эт комбинатына барып иштеп жүрдүк. Бирок, ал



ишибизге айлык алчу эмеспиз, разряд гана беришчү. Ошондо менин эмгек китепчем нан заводунан ачылган.

**– Бишкектин кайсы жерин жакшы көрчү элеңиз?**

– Албетте, "Ала-Тоо" кинотеатрын. Анан опера жана балет театрынын залында жыл сайын өтүүчү жаңы жылдык студенттик бал өзүнүн керемет, көңүлдүү бийи, музыкасы менен эч качан эсибизден чыкпас.

**– Анда мугалимдерге азыркыдай пара берип баа алмай деген түшкө кирбеген окуя болсо керек?**

– Андай нерсе эч кимдин оюна да келбесе керек.

Абдан күчтүү мугалимдер окутчу. Алардын бир топтору кийин эл-журт сыйлаган көрүнүктүү окумуштуулар болуп таанылышты. Мына, азыркы академик Үсөн Асанов биз окууга өтүп жатканда химиядан экзамен алган. Жунушев деген да математикадан берген жакшы агайыбыз бар эле. Дегинкиси, билим-таалимин аябай бөлүшкөн агай-эжейлерибизге, арадан жарым кылым убакыт өтсө да, өтө ыраазымын.

**– Эми сөзүбүздүн ток этер жерине өтсөк. Дүйшө Кудаярович менен качан, кандай жагдайда таанышып жүрөсүз? Бул да студенттик өмүрдүн эң кызыктуу окуясы эмеспи...**

– Аскердик тил менен айтканда, агайыңар мен 1-курста экенде эле "атака" жасай баштады. Жакшы көргөнү ушунча, мени эч ким менен жалгыз бастырбай койгон. Политехтин энергетика, механика, курулуш, тоо кен-геология факультеттеринин баарында, бирден-экиден гана орус кыздар болбосо, өңчөй эркек балдар окуй турган, а кыздар "армиясы" биздин технология факультетибизде гана бар эле. Ошондон улам болсо керек, бизге көз арткандар көп болчу.

Эми тааныштыгыбыздын жөнүн айтсам, Дүйшө Кудаяровичтин ата-энеси менен менин ата-энем бир жердик болуп жатышпайбы. Оштон Кара-Сууну басып Алайга кеткен жолдогу 47-чакырымда – анын ата-энеси, 51-чакырымда – менин ата-энем турушкан. Бала кезден

бирге өсүп калышкан экен. Уруулары бир. Атүгүл менин атам агайыңарга алысыраак таяке да болуп кетет.

Кичинекейинде бир-эки жолу атасы менен биздин үйгө келип-кеткен учуру болуптур. Фрунзеге окууга кетип жатканында, атасы келип өтүнгөндөн кийин, атам ага паспорт, темир жолго билет алууга жардамдашат. Ал мезгилде, тууган-уруктун баары эле, башкарма аке деп, тигил же бул өтүнүчүн айтып келе беришчү.

**– Дүйшө Кудаяровичтин чоң энеси абдан акылман адам болгон дешет…**

– Тубаса зирек акылдуу, сыр билги, кыраакы адам эле. Мына ушул киши менин ата-энемди жактырып, ушундай кишилер менен куда болсок кана деп тилек кылып, мага сыртыман көз салып жүргөн көрүнбөйбү, бир жолу небереси каникулга барганында: быйыл таякеңдин Майрам деген кызы чоң окууга жөнөйт, колуңдан келсе, ошол кыз менен жакшылап сүйлөш деп "кеңеш" бериптир

Мединститутта атамдын таякесинин баласы окуйт эле. Ошону Майрамга тааныштырып кой деп ортого салып, анан ал жетелеп барып тааныштырып, ошондон мага "кайдыгер эместигин" билгизген мамилесин көрсөтө баштады.

Ошондогу таанышканыбыз да кызык болгон. Таякемдин баласы: бир курбу кызыңды ээрчитип ал дегенинен, курбу кызымды ээрчитип чыксам, жердеш балдар да сүйлөшкөн кыздары менен келиптир, баарыбыз түз эле опера жана балет театрына оюн көрүүгө жөнөдүк. Операны тимеле кыйратып түшүнө койчудай, алган билеттеринин оруну да биринчи катарда болуп чыкты. Мен орусча окуп, оюмдагыны жашырбай айткан ачык мүнөз жан эмесминби, таякемдин баласынын жанында отуруп, аркы-беркини эрөөн-төрөөнү жок эле бакылдаша сүйлөшө бериптирмин. А ошол убакта Дүйшө агайыңар бизден бир аз окчун – артта отуруп алып, мени кандай кыз болду экен деп кыраакы көз менен сынап жатканын кайдан билейин. Кайран жаштык, кайран шайыр мүнөз студенттик кез!



Биз эки жарым жыл сүйлөшүп жүрдүк. Ал биринчи күндөн эле өзүнүн жибектей созулган мүнөзү, сылыктыгы, адамкерчилик сапаттары, анан сүйлөшкөн жигитим врач болсо деген көптөн бери дил-оюмда жүргөн асыл тилек – врачтык кесиби менен мени өзүнө тартып алды. Өтө тыкан, тырышчаак, максаттуу да экен. Ошол кезде улуу хирург И.К.Ахунбаевдин, кардиотерапевт М.М.Миррахимовдун атагы басма бетинде дүңгүрөп, эл арасында кеңири сөз болуп жатса, мен да болочок өмүрлүк жарымдын дүйнөлүк деңгээлдеги чыгаан врач болушун аста тилек кылуу менен, анын ошондой максатына бүткүл күч-аракетимди, атүгүл өмүрүмдү аянбай арноого кызык-кызык "пландарды" да түзүп коёр элем. Ачыгын айтайын, мен анда Дүйшө Кудаяровичтин академик даражасына чейин жетээрин элестете да алчу эмесмин. Кийинки турмушубуз муну көрсөттү: мен, чындыгында эле, анын "тылын" бекемдеп, кызматы, илимий изденүүсү үчүн көр тиричиликтин аки-чүкүсүнө аралаштырбай, бардык зарыл шартты түзүп берүүгө, өзү гана эмес, бир туугандарыбызга, Бакыт деген уулубузга болгон камкордуктун баарын өзүмө алууга далалатымды жасап, бир эле учурда шаардык сүт комбинатында жоопсап, бир эле учурда шаардык сүт комбинатында жооптуу иштерде иштеп келдим. Бул – сөз ыңгайына жараша айтылган кеп.

Ошентип, жакын мамилебиз улана берди. Окуумду бүтмөйүн турмушка чыкпайм деп, адегенде баш кошолу деген сунушуна көнгөн эмесмин. Анан, нике кайып деген кыйын экен, 3-курстун кышкы семестрин аяктагандан кийин агайыңар экөөбүз баш кошуп, бир үй-бүлө болуп калдык. Анда ал мединституттун 6-курсун бүтүрүп жаткан.

**– Үйлөнүү тоюңар кайда өттү эле?**

– Ошто, атамдын үйүндө өткөн. Көп эл катышып, анда ыраматылык Кулназар Ташиев райкомдун биринчи катчысы эле, ал киши аялы экөө ушунчалык жакшы бийлешкен. Кайра самолёт менен учуп келдик. Ошондо Ошко самолёт учуп калган. Келгенден кийин студент курбуларыбызга да чакан той жасап, азыркы циркитин

жанындагы бир кабаттуу имаратта жайгашкан ЗАГСтан нике күбөлүгүн алганбыз. Катталган күнүбүз – 14-апрель.

Ошентип, баш кошконубузга быйыл 47 жыл, а таанышканыбызга 50 жыл толду.

**– Квартира жалдап туруп калдыңыздарбы?**

– Оштон келсек, жолдоштору квартира таап коюшуптур. Ал эмдиги "Ош" базарынын жанындагы Заводская көчөсү менен Москва көчөсүнүн кесилишиндеги орустун кичинекей үйү экен. Ошол үй азыр да бар, көпүрөнүн эле түбүндө, чуңкурда жайгашкан.

Бир бөлмөлүү "үйүбүздүн" ортосунда меш турчу, анан бут чечкидей кире бериши болоор эле. Адегенде ушул жерде жашап калдык. Анан сегиз жыл квартирадан квартирага көчүп, кожоюндарынын көзүн жакшы эле карап өттүк го дейм. Үйгө эч ким келбесин, тартип, тазалык сакталсын, акы өз убагында төлөнсүн дегендей талаптарын коюп, баскан-турганыбызга чейин "режимге" салган кожайкелердин канчасын көрбөдүк. Кыргыздар ага болчу беле, үйүбүзгө келип-кеткендердин аягы эч качан үзүлчү эмес.

**– Жолдошуңуз аспирант, өзүңүз студент болсоңуз, материалдык жактан кыйын эле болгондур?**

– Ата-энем жардам берип турду. Мен эжемден мурда турмушка чыгып, Дүйшө Кудаярович биринчи күйөө баласы болгондуктан, тимеле өз баласындай көрүшөөр эле. Агайыңардын үй-бүлөсү чоң болчу. Адегенде: сен бүтүп иштеп тур, анан бүткөндөн кийин үйлөнөлү десем, жок, сен анда башка бирөөгө турмушка чыгып кетесиң деп, ашыгып үйлөнүп жатпайбы. Анда сен сөзсүз аспирантурага өтүшүң керек, ошондо гана турмушка чыгууга макулдугумду берем деп, мен да өз "талабымды" коюп, ошондой "макулдашуу" менен үй-бүлө түзгөнбүз. Азыр ойлосом, ал кезекте бир топ эле кыйын экемин...

Окууну бүткөндөн кийин Ошко бөлүнгөн. Ошол мезгилдин талабына жараша, бардык бүтүрүүчүлөр, атүгүл кызыл диплом менен бүткөндөр да үч жыл милдеттүү түрдө ооруканаларда иштеши керек деген көрсөтмө бар



болчу. Ошентип, агайыңар көмөк иретиндеги (подъёмный) акчасын да алып, жолдомо менен Ошко кеткенде, мен быякта жалгыз калдым. Анан, кызыкмын, атама ушундай-ушундай деп ыйлап телефон чалып, дагы эле эркелигимди билгизип жүрбөйүмбү.

Аңгыча, жаңы уюшулган энени жана баланы коргоо илим-изилдөө институтунда аспирантура ачылып, өзүн окуткан профессор Б.Ф.Шаган кайра чакырып алды.

Агайыңар аспирантурада үч жыл окуду. Ошол аралыкта мен да окуумду аяктадым.

**– Эмгек жолуңузду кайдан баштадыңыз?**

– Үч кыз шаардык сүт заводуна барган элек. Бирок, инженер-технологдун орду тийбегендиктен, эмгек жолумду адегенде жумушчу болуп баштадым. Анан ошол жерде өсүп-өнүп дегендей: инженер-технолог, коопсуздукту сактоо боюнча инженер, төрт жыл бирикменин башка иштен бошотулбаган парторгу, он жыл башка иштен бошотулган профсоюз комитетинин төрайымы болуп иштедим. Анда Токмок, Кара-Балта, Беловодск май-сыр заводдору да биздин бирикмеге баш ийчү.

Ушул сүт заводундагы ишимде, жайдыр-кыштыр автобуска үч которулуп түшүп барып жүрүп, дээрлик 20 жылым өттү.

**– Качан үйлүү болдуңуздар?**

– Ошончо жыл көрүнгөндүн квартирасында жүргөндөн кийин, 1969-жылы Дүйшө Кудаяровичке кезек жетип, Ш.Руставели көчөсүнөн бирөөнүн хрущёвка тибиндеги бошогон үйүнө көчүп кирдик. Эки бөлмөлүү болчу.

Кийин мага сүт заводунан үч бөлмөлүү үй берилди. 8-кичи райондун башында, Совет көчөсүндө болчу ал үйүбүз.

**– Өз оокатыңыздарга тың болсоңуздар керек? Турмушта мына ушунун өзү да анча капарга албай коюучу фактор эмес го...**

– Бирөөдөн бир сом карыз сурабай, бирөөнүн көзүн карабай жашаганыбыздын өзү эле тың оокат кылганыбыздын белгиси болсо керек деп ойлойм.

Көрсө, бизди балалык кездеги катаал жылдардын сабагы кыйла тарбиялап койгон окшобойбу. Эсимде, согуш учурунда, атам жетекчи кызматка бара электе, апам балдарын үйгө камап салып, кerээли-кечке кезекте туруп, бир килограмм ун же бир бөлкө нан алып келген күндөр болоор эле. Өзбектин квартирасында турчубуз.

А Дүйшө Кудаяровичтин балалык курагы абдан эле оор турмушка туш келиптир. Кичинекейинде апасы өлүп, атасы согушка кетип, чоң энесинин колунда өсүп калыптыр. Мүнөзүнүн кандайдыр жалтаң, тартынчаак болуп калышына да ушул жагдай көбүрөөк себепчи болгондой. Экөөбүз баш кошкондо, балалыгыңдын тигил же бул учурун айтып берчи десем, негедир ал кезекти эстегиси келбегендей, тек гана "унутуп калыпмын" деп шылтоолоп, ойго батып тунжурап калчу.

Турмушубузда мына ушундай "балалык сабактары" ар качан тыкан, чоң жоопкерчиликтүү болуугa таасирин тийгизди.

**– Дүйшө Кудаярович кандидаттыгын жактаган учурду эске түшүрүңүзчү?**

– Оо, анда баарыбыз абдан катуу сүйүнгөнбүз. Ушунчалык чоң мээнет кылып, күндүр-түндүр баш көтөрбөй иштеп жүрүп аткарган эмгегинин акыбети кайтып жатса, кантип сүйүнбөйбүз. Менин балам кандидат болуп жатат деп, атам "Суусамыр" ресторанына той өткөрүп берген. Биринчи тостту кайнатам алып, өзүнүн чын жүрөктөн чыккан каалоо-тилектерин айткан.

Белгилей кетиш керек, агайыңардын чоң аталары, ак сөөк тукумдан дейбизби, бай адамдардан болгон экен. Кийин, басмачылар чыкканда, байлыгынын баарын тартып кетишкен экен. "Аккан арыктан суу агат" дегендей, генетикалык жол менен берилген мырзачалыш касиет, азыркыча айтканда, интеллигенттүүлүк деген нерсе алардын тукумунда кала берди.

Атасы көп балалуу болгондуктан, уулунун окуусун бүткөндөн кийин эле айылга келип иштешин тилек кылган экен. Демек, аспирант, кандидат, доктор болом, төтөн



академик деген чоң даражага чейин жетем деген ой дегеле Дүйшө Кудаяровичтин көңүлүндө болбоптур.

**– А докторлугун жактаганда кандай белгилейдиңиздер эле?**

– Москвадагы "Прага" ресторанында белгилегенбиз.

Докторлук диссертациясы да балдардын кан оорусуна арналганын билесиңер. Бийик тоо, жапыз жердеги тажрыйбалык иштерин жүргүзүү үчүн республиканын кайсы тарабында гана болбоду. Айрыкча, 1970-жылдан 1985-жылга чейин эч бир жаны тынган жок. Санавиациянын вертолёттору менен Нарын, Ак-Талаа, Оштун балдарына шашылыш жардам көрсөтүү үчүн канча сапарга чыкпады. Мына ошол мезгилдеги элеттик балдарга, энелерге экспедициялар көрсөткөн жардамдын хроникасы Кыргыз телевидениесинен көп эле көрсөтүлүп тураар эле. Эгер ага кызыккандар болсо, телевидениенин архивин аңтарса, өтө кызыктуу тарыхый маалыматтарды таба турганы чын.

**– Эже, сиздер, мына, 47 жылдан бери бирге жашап келатасыздар, ачык айтыңызчы, врачтын жубайы болуш кыйын эмес бекен?**

– Тескерисинче, абдан жакшы болот экен. Мен деле чала врач болуп калдым окшойт. Тигил же бул оорунун диагнозун билгендей, анча-мынча нерселерди байкап коём.

Эң негизгиси, Дүйшө Кудаярович жакшы адам болгону үчүн анын кесибин да кадырлап жүрбөйүмбү. Мындай жубайды жолуктурган тагдырыма ыраазымын. Жарым кылымдай чогуу жашап, эч убакта жалган айтканын көргөн жокмун. Калпычыларды, көз көрүнөө жасакерленип, ичи-коюнга кирип, кошомат кылгандарды өтө жактырбайт. Табиятында ушунчалык таза адам. Анан, бир нерсеге киришсе, "Жети өлчөп, бир кесет". Мен болсо, көбүнесе шашып кетем. Сен адегенде жасап алып, анан ойлоносуң деп, өзү да тамашалап калат.

**– Кандай эс аласыздар?**

– Экөөбүздүн түзүгүрөөк эс алганыбыз өмүрүбүздө

бир-эки жолу эле болду. Себеби, жумалап, айлап экспедициялар менен областтарды кыдырып кетип калчу эле.

Москвада бир жыл докторантурада жүрдү. Ошол арада бөйрөгүм ооруп калып, Трускавецке барып дарыландым. Биринчи жолу 1987-жылы, уулубуз Бакытты алып, үчөөбүз Есентукиге эс алууга бардык. 2002-жылы экөөбүз Трускавецке, 2004-жылы Түркияга бардык.

Жайкысын Ысык-Көлгө бара калабыз. Дүйшө Кудаярович отпуска мезгилинде да жумушун ойлоп, өзүнүн окуучуларынын диссертациясын ала барып, текшерип, оңдоп жүрчү. Мен ага, эс алганы келгенден кийин диссертацияларды коё турбайсыңбы десем, ал мага: жок, андай болбойт, диссертанттар кыйналып жараткан иштерин батыраак эле карап, оңдоп берсе экен деген үмүттө жүрүшпөйбү. Аларга жардам бериш керек деп коюучу.

**– Жолдош-жоролорунун ичинен кимиси Дүйшө Кудаяровичке мүнөз, жашоодо тутунган ишеним ж.б. жагынан көбүрөөк окшоп кетет?**

– Миталип Мамытович ошондой "окшош" да, ынак да жолдошу.

**– Адам, маңдайына эмне жазылса, ошону көрөт деп айтып жүрүшпөйбү. Ушуга кандай карайсыз?**

– Албетте, адам тагдырынан эч кайда качып кутулбайт. Муну астрологдор деле ырастап жүрүшөт. Мында ошол адамдын өзүнүн максат көздөөчүлүгү, жасаган иш-аракети, анан курчаган чөйрөсү да чоң роль ойнобой койбойт. Менимче, улуу инсан, атактуу ишмер болуш үчүн, биринчи кезекте, эмгек, эмгек жана эмгек талап кылынат.

Агайыңар өзүнүн иши менен бардык адамдарды оорубас, бактылуу кылгысы келет. Анын маңдайга жазылган кайталангыс зор бактысы ушунда!



## "ДҮЙШӨ КУДАЯРОВИЧ АТАМ МУСАГА ОКШОШ"

**Сырга БӨКӨНБАЕВА, медицина илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы, Кыргыз-Россиялык (Славян) университетинин медицина факультетинин педиатрия кафедрасынын башчысы:**

– Дүйшө Кудаярович менен биринчи жолу мединститутту бүткөндөн кийин тааныштым. Мен андан эки жылы кийин окугам. Алар педиатрия факультетинин биринчи бүтүрүүчүлөрү эле. Биз 1964-жылы бүттүк. Окуп жүргөн убагыбызда бири-бирибизди көп деле билбептирбиз.

Аспирантурага киргенде, экөөбүздүн илимий жетекчибиз бир болуп калды. Орусча "духовная близость" деп коёт, жакындан тааныша келгенде, ымалабыз бат эле келишип, көз карашыбыз, турмуштук идеалдарыбыз, илим жолунда берилип иштегенибиз окшош болуп чыкты. Ага кошумча, изилдеген илимий темабыз да бирдей болду. Дүйшө Кудаярович да, мен да: бийик тоо шартында жашоо балдардын ден соолугуна пайда береби же зыяндуубу, эгер зыян болсо, ал зыянды кантип азайтуу керек деген теманын үстүндө өмүр бою иштеп келатабыз. Мындан тышкары, үй-бүлөлөрүбүздүн дагы жакындыгы бар.

Дүйшө Кудаярович Оштун Кара-Суусунда туулуп-өскөн. Ал эми Кара-Суу Алай жерине жакын. Менин экинчи атам – академик Муса Адышев ошол Алайдан эмеспи. Тоонун аркы бетинде – менин атам, берки бетинде – Дүйшө Кудаярович төрөлгөн. Ортону Чыйырчык ашуусу бөлүп турат. Бул жагынан да атама жакындыгы бар эле.

Бул кишини жакшы көргөнүм – анын Муса атама абдан окшоштугу. Баскан-турганы, сүйлөгөн-күлгөнү, адамдарга жасаган мамилеси, басмырт-карапайымдыгы кадарга жасаган мамилеси, басмырт-карапайымдыгы качан болсо атамды эске салып турат. Мындай салыштыруумду өзүнө да айтып: Дүйшө Кудаярович, сизди ата-

ма окшош болгондугуңуз үчүн жакшы көрөмүн дечүмүн. Өмүрлүк жарына да ушуну күлүп айтаар элем. Атамдай эле: элпек, сылык, эч бир жанга катуу сүйлөбөйт, жибектей созулган киши. Үй-бүлөсүнө берилген, жубайына өтө мыкты мамиле жасайт.

Өзүнө жамандык ойлогон кишиге да кек сактабай, кечирип коёт. Бирөөлөр аны жумшак адам дешет, бирок, бул жумшактык – кемчилик эмес, а барып турган даанышмандыктын, кеменгерликтин дал өзү. Душмандарына да жакшы мамиле кылат. Дүйшө Кудаяровичти ушул сапаты үчүн абдан сыйлаймын.

Билим-илимдүүлүгү жагынан караганда, көп балдарды окутту. 20 жылдан бери медакадемияда кафедра башчысы болуп, сабак берет. Ошондо дагы, лекцияларынын баарында, практикалык сабактарында деле болдум, студенттер ага ушунчалык ыраазы экендиктерин көрдүм. Тимеле эч нерсесин жашырбай, менин билгендеримди уккандар менден ашып кетсе экен деп турат. Ал эми айрым врачтар, профессионалдык ичи тардык дейбизби, билгендерин толук же ачык бөлүшпөй, тажрыйбасын өздөрүнөн башкага ыраа көрбөй сабак өткөнүн көрүп жүрөбүз. Дүйшө Кудаярович андай эмес.

Мындай айтып келгенде, анда адамкерчилик сапаттар да, мугалим-окумуштуулук сапаттар да абдан бийик. Ошон үчүн Дүйшө Кудаяровичти жакшы көрөмүн, урматтаймын. Убагында атүгүл балдарыбызды үйлөнтөбүз, куда болобуз деп да аракет кылганбыз. Бирок куда болбой калдык – кызым күйөөгө эртерээк чыгып кетти.

Кыргызстанда балдардын аз кандуулук оорусу аябагандай көп эмеспи. Нечен кооптуу оорулардын баары ушул аз кандуулуктан улам башталат. Дүйшө Кудаярович анын себептерин ачып, алдын алып, дарылап айыктыруунун жолдорун табуунун аракетинде, тоого да чыгып, ойго да түшүп дегендей, элет жериндеги каны аз энелер менен балдардын көйгөйлөрүн чечүү, өлүмдүүлүктү кыскартуу үчүн кара башын сайып коюп изилдөө жүргүздү. Ушул жагынан ал биринчи болду.



Кээ бир окумуштуулар бир эле багытты тандап алып, ошону өмүр бою эзе берет. А Дүйшө Кудаярович кеңири алкактагы терең ойлонгон окумуштуу экендигин көргөзүп: жаш балдардын ооруларын, жүрөк, өпкө ооруларын изилдеди, көптөгөн аспирант, докторанттарга жетекчилик таалимин берди, бир сөз менен айтканда, педиатрияга опол тоодой салымын кошту.

Убагында профессор Борис Фабианович Шаганды "кыргыз педиатриясынын атасы" дешчү эле. Анысы чын. Бүт балдардын оорусун Кыргызстанда кантип ыраттуу жол менен дарылап-айыктырабыз деп медициналык изилдөөлөрүн жүргүзгөн биринчи Борис Фабианович болгон. Анын катарында иштеген: Татьяна Ивановна Покровская, Анатолий Александрович Ильин деген мыкты педиатрлар бар эле. Алар бул багытта жол салган көч баштоочулар – аксакалдар болчу.

Дүйшө Кудаярович мына ушундай кишилердин эмгек-өрнөгүн андан ары татыктуу улантты. Ошол себептен, азыркы жаштар ал кошкон салымды баалап: "Кыргыз педиатриясынын атасы – Дүйшө Кудаярович" деп сыймык менен айтышат. Мен аларды ар убакта колдоймун.

Ошондой болсо да, турмуш деген – турмуш экен да. Азыркы заманда улунуп-жулунгандар алдыга чыгып жатат. Ушундай көрүнүшкө мен акыркы жылдары абдан капа болуп, өзүмчө убайым чегип жүрөм. Мындайды айтпай койсок болбойт. Кийинки мезгилде, Дүйшө Кудаяровичти өзүнүн окуткан айрым окуучулары жазгырып кеткен учурга күбө болдум. Бул абдан өкүнүчтүү нерсе. Мен алардын көзүнө да айтам, ал үчүн душман да болуп жүрдүм. Жаманды – жаман дебесе, турмуш оңолбойт. Ылайга чөгүп-батып кетебиз. Жакшылыкты билбей, андан да, өздөрүнүн професионалдык деңгээли, адамкерчилик деңгээли пас туруп, курулай эле улунуп-жулуна беришсе, андай немелер кыргызды улут катары ичтен иритип жиберет. Мына ошолор Дүйшө Кудаяровичти төө бастыга алгандай, четке сүрүп коюуга аракет жасашты. Мен бул тууралуу Ак үйгө чейин жазып да,

айтып да жүрдүм. Дүйшө Кудаярович бөөдө жеринен – эч негизсиз кысмакка алынып, кордоо көргөн адам катары болуп калды.

Жаныбыздагы элдерди карайлычы. Казак, өзбектер өздөрүнүн таланттуу, залкар кишилерин качан болсо сыйлайт. Эмне үчүн биз ошенте албайбыз? Чыңгыз Айтматовдун баркына деле көп жетпей калдык. Академик Мирсаид Мирхамидович Миррахимовдун да баркына жетпей, акырында капа кылып кетирдик. Оорусун билип туруп, ошону жасашты. Бул эмне деген акмакчылык?! Эми Дүйшө Кудаяровичти да ошентип жатышат.

Адам көзү тирүүсүндө кадыр-баркын тебелеп, анан көзү өткөндөн кийин "укмуш" сөздөрдү айтуунун кимге кереги бар? Менин апам Тенти Адышеванын ыры бар: "Жакшы сөзүң бар болсо, тирүүмдө айт", – деген. А биздин заман – улунуп-жулунгандардын заманы болду. Кесиптик дарамети бечелдердин күнү тууду. Андайлардын аты-жөнүн айтпай эле коёюн, өздөрү билет, айрымдары мени менен учурашпай да жүрүшөт. Дүйшө Кудаяровичтей асыл адамдын ушундай тагдырына мен абдан капа, өкүнүчтөмүн.

Чыныгы изденгич, татыктуу адамга анын эмгегине, эл-журтка жасаган жакшылыгына жараша сый-урмат көрсөтүлүшү керек.



# ҮЧ ЭТЮД

## 1. АТА ЖОЛУН ЖОЛДОГОН УУЛ

Академикке: "Неберелериңиз сиздин жолду жолдоп, медик болушун каалайсызбы?" – деп суроо бердим.

– Албетте, каалайм, – деп жооп узатты Дүйшө Кудаярович. – Дүйнөдө адам өмүрүн узартып, анын кубанычына – кубаныч, таалайына – таалай кошуудан да өткөн асыл нерсе барбы?

Айта кетишим керек, уулум Бакыттын кесиби да медик. Ал өзүм сыяктуу КММАнын педиатрия факультетин бүтүргөн. Медицина илимдеринин кандидаты, Кыргыз-Россиялык (Славян) университетинин медицина факультетинде, педиатрия кафедрасында иштейт, доцент. Бакыт кечирээк үйлөнүп калды, бир уулу бар. Аман-эсен чоңойсо, ал неберебиздин да врач болуп калышы ажеп эмес...

Сыймык ушинтип уланат. Дүйшө Кудаяровичтин өмүрлүк кредосуна ылайык, жүрөк менен сүйүп аткарган иш, демек, туура тандалган кесип, адистик деген тагдыр коштоочулары адамга качан болбосун табигый үзүр, ийгилик, өз жашоо күнүнө ыраазы болуунун кайталангыс бир бийик, кымбат сезимдерин тартуулайт.

Көрсө, академиктин уулу балдар врачы болуунун башкаларга окшобос өзгөчө, улуу жоопкерчилигин 3-курстан тарта чындап сезе баштаган экен. Ошондо ал: астынан тосо чуркаган кичинекей балдардын бажырайган жүздөрү менен мыйтыйган колдорунун, таттуу-бал тилдери менен ишенчээк-баёо көздөрүнүн ак ауралуу ааламына кабылганына бир эсе таңданат да, бир эсе төбөсү көккө жете сүйүнөт.

– Өзүнүн жаш пациенттерине биринчи жолу кездешкенде, турмушта туура кесип тандаганына аябай ыраазы болуп келип жүрдү, – деп эскерет Дүйшө Кудаярович. – Эгер, кары-картаңдар менен иштеген врачтар,

алардан күңк-мыңк эткен сөздөрдү көп угуп, иш аягында чарчап калышса, балдар врачынын иши ар качан балдар уу-чуусуна курчалган жакшы жумуш турбайбы деп, жаңылык ачкандай кубанганын сураба.

Ошентип, Бакыт Дүйшеевич Кудаяров институттагы окуусун аяктагандан кийин илим жолуна түшүп, атасы сыяктуу эле көжөлө иштеп жүрүп, балдардын аллергиялык ооруларынын маселелери, атап айтканда, аллергияга Көлдүн, Кочкордогу Туз кенинин тийгизген таасири ж.б. проблемалар боюнча кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү жактады. Бул күндө, ушул эле теманы андан ары өнүктүрүп, докторлук диссертациясын да негизинен даярдап бүтүп калды. Үй-бүлөдө да, ишинде да, илим жолунда да ак аура тартуулаган балдар дүйнөсү менен жашаган келечектүү врач-окумуштуу Бакыттын мисалы – ата жолун жолдогон татыктуу уулдун өрнөк-сабагы экенинде шек жок.

## 2. БАШКЫ ИЛИМ МЕКЕМЕСИНДЕ

Эгемендүү өлкөбүздүн башкы илим мекемеси – Улуттук илимдер академиясынын астанасын кимдер толкундануу менен аттабайт? Кандайдыр бир бийик сезим баскычтарына көтөргөн таңгаларлыктай сүрү бар. Бул жерде кимдер гана, илим, өнөргө баштарын сайган кандай залкар адамдар гана сонун ирмемдер менен тарыхый ачылыштардын каарман-күбөсү болбогон? Бүт бардыгы – кыргыздын жана Кыргызстандын акыл "каймактары". Биринчи президент – улуу Иса Ахунбаев, Болот Юнусалиев, Жумагул Алышбаев, Бегималы Жамгырчинов, Константин Юдахин, Түгөлбай Сыдыкбеков, Аалы Токомбаев, Муса Адышев, Чыңгыз Айтматов, Мирсаид Миррахимов, Мамбет Мамакеев... Бардыгын санай албайсың.

Мезгил өз нугу менен өтө берет. Мына эми, XXI кылымдын биринчи он жылдыгында башкы илим мекемеси бир тыным албаган изденүү багыттарын андан ары



улантып жатат. Залдар баягыдай эле тынтынч, бөлмөлөр баягыдай эле тыптынч – илим чоролоруна шаар уу-чуусу жетпеген ушунчалык тынчтык керек. Мемиреген тынчтык...

Бул жерде – биздин каарманыбыз, академик Дүйшө Кудаярович Кудаяров үчүнчү жылдан бери вице-президент. Өзүнө таандык: ишине адаттан башкача жан үрөөчүлүк, жоопкерчиликти качан болбосун бийик жана ыйык сезүү касиети, адамдарга төгүлүп-чачылып, бардык учурда камкордук көрө караган чын-нукура сапаттары бул жерге да өзү менен "көчө" келген.

Балдар врачтарынын ичинен чыккан биринчи академик, вице-президент катары: медико-биологиялык, химико-технологиялык жана айыл чарба бөлүмдөрүнүн ишине жетекчилик кылат.

Илимий изилдөөлөр республиканын өнүгүшүнө ар тараптуу көмөгүн көрсөтүп жатат. Чыныгы илим багыттары утурумдук же популисттик кызыкчылыктарды эмес, а узак мөөнөткө эсептелген, чоң натыйжа берүүчү – приоритеттүү максаттарды көздөйт. Дүйшө Кудаярович жетектеген илимпоздор изденүүлөрү ушул жагынан көзгө толумдуу утуш алууда.

Аны бардыгы сыйлашат, бардыгы урматташат, бардыгы татаал жана көп багыттуу иштеринде кеңешчи катары көрүшөт. Бул – эң негизгиси!

## 3. "МЕН КИМ ЭЛЕМ, КИМ БОЛДУМ?"

Академиктин кол жазмаларынын ичинен чоң-чоң тамгалар менен жазылган, ушундай суроо коюлган сүйлөмдү окудум. Балким, өткөн өмүрүн бир баштан көз алдынан чубатып отуруп ушинтип жазып койгондур, а балким, ким бирөөлөрдүн берген суроолорунан улам, жан-жүрөгүн толкундаткан кандайдыр чоң сезим күтүүсүздөн оюна да дүрбөлөң салып кеткендир?

Чынында эле, эки жашында согушту "көргөн", же-

тимчиликтин, каатчылыктын бардык азап-тозогун балалык жүрөгүнөн өткөргөн Дүйшө Кудаярович ким эле да, ким болду? Ишенесиң да, ишенбейсиң, таңданасың да, кайра-кайра журналисттик такыбалык менен сурайсың...

47 жыл бою өзү 17 жашында биринчи жолу поезд менен келип түшкөн темир жол вокзалынан алыс эмес эле жерде – мурдагы энени жана баланы коргоо илим-изилдөө институтунда – азыркы Улуттук энени жана баланы коргоо борборунда иштеди.

47 жыл бою ошол 17 жашында биринчи жолу студенттик аудиториянын жытын жыттаган мединституттун эски корпусу – азыркы Улуттук госпиталдын көз оорулар бөлүмү жайгашкан имараттын дал маңдайындагы энелер жана балдар дарттарын изилдеп-айыктырган асыл максаттуу жайда өмүрүн өткөрдү.

"Күндөрүмдүн эң мыктысы – жашала элек күндөр", – деп айткан экен Чыгыштын улуу акындарынын бири Фаиз Ахмад Фаиз. Өмүрүнүн бүт күндөрү ЭМГЕК менен белгиленген заманыбыздын чоң инсаны, кыргыз элинин көрүнүктүү дабагер-окумуштуусу, балдар өмүрүнүн Улукманы – академик агабыздын жашоо кубанычы мурдагыдай эле түйшүк арткан ЭМГЕК менен үзүр жаратып жатат.

Анын: "Мен ким элем, ким болдум?" деген суроосу – эгемендүү жолдо бараткан ырыскылуу журтубуздун ар бир атуулунун да суроосу.

Ата Журт бактысы: ар-намыс, изденүү, талант коштогон эмгек менен көкөлөп-өсөт.

**Январь-март, 2009-жыл.**

## МАЗМУНУ

**I. УЛУТ БАЛДАРЫНЫН САЛАМАТТЫГЫНА КҮЙГӨН КИМ БАР ДЕГЕНДЕ**

КААРМАН ЖӨНҮНДӨ БАШ СӨЗ

"АЗ КАНДУУЛУК", "ГЛЮКОЗА", "ЭНЕНИ ЖАНА БАЛАНЫ КОРГОО ИНСТИТУТУ" ....... 4

ОШОНДОГУ ЭНЦИКЛОПЕДИЯЛЫК МААЛЫМАТ ....... 7

МИҢДЕГЕН НАРИСТЕ БАЛДАР ИЧКЕН БИОЛАКТ ....... 9

ЕВРЕЙЛЕРДЕ КАНТ ДИАБЕТИ "УЛУТТУН ООРУСУ", А БИЗДЕЧИ? ....... 11

ДЕНИ САК УЛУТКА КАНТИП АЙЛАНАБЫЗ? ....... 14

"ЫМЫРКАЙ БАЛА ЧОҢ АДАМДЫН КИЧИНЕКЕЙ КӨЧҮРМӨСҮ ЭМЕС" ....... 17

АТ-БАШЫЛЫК АКУШЕРДИН АЙТКАНДАРЫНАН ....... 22

ӨМҮР БАЯНДЫК МААЛЫМАТТАР ....... 26

"АНДАН ӨТКӨН КЫРГЫЗ ИНТЕЛЛИГЕНТИН ЖОЛУКТУРА ЭЛЕКМИН" ....... 31

"МЫКТЫ УСТАТТЫН ШАКИРТИ КӨП" ....... 32

**II. БАЛДАР ӨМҮРҮ ҮЧҮН КҮРӨШКӨН АДАМДЫН БАЛАЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ**

"ДЕГИ БИЗДЕ БОЛДУ БЕЛЕ БАЛАЛЫК?" ....... 36

СОГУШ БАШТАЛГАНДА ЭКИ ЖАШТА ЭЛЕ ....... 40

"ЭЧКИНИН СУУ КОШУЛГАН СҮТҮ КӨҢҮЛГӨ КӨК ТАШТАЙ ТИЙГЕН" ....... 41

ЖАКШЫЛЫК, ЖАМАНДЫКТЫН АЛГАЧКЫ САБАКТАРЫ ....... 42

"ЧЫН ЭЛЕ СОГУШ БҮТТҮ, АЗАП БҮТТҮ..." ....... 46

БИР ЖАРЫМ ЖЫЛДА ҮЧ КЛАССТЫ БҮТҮРГӨН ОКУЯ ....... 47

"БИОЛОГИЯ, ХИМИЯНЫ ЖАНЫМДАЙ ЖАКШЫ КӨРЧҮМҮН" ....... 48

КАТЯ ФЕЛЬДШЕР. ДОКТУР БОЛУУ ТИЛЕГИ ....... 49

БАЛАЛЫККА БАЙЛАНЫШКАН АНКЕТА ....... 51

**III. МАКСАТ ЖОЛУ – КЫЯЛАП КӨТӨРҮЛГӨН ЧОҢ АШУУ**

БИРИНЧИ ЖОЛУ БОРБОРГО КЕЛГЕНДЕ ....... 58

"КӨЗДӨН УЧКАН КӨК ЖЭЭК"– МЕДИНСТИТУТТУН АСТАНАСЫ ....... 61

"БИЗ ТҮРМӨДӨ ЖАТАБЫЗ" ..... 63
И. АХУНБАЕВ МОНЧОДО ТАРАЗАГА
ТҮШҮРГӨНДӨ..... 65
"БАЛДАР ВРАЧЫ БАРДЫГЫН
БИЛИШИ КЕРЕК, БАРДЫГЫН..." ..... 66
ЭЛЕСИ ЭСТЕН КЕТПЕГЕН
ИСХАК РАЗЗАКОВ ..... 70
В. А. ПЕТРОСЯНЦ "ТАЛАШКАНДА"... ..... 72
**АВТОРДУК ЧЕГИНҮҮ:** КЫРГЫЗ БАЛАСЫН
КӨК ЖЕЛКЕГЕ МУШТАП УРГАН ЭМЕС..... 74
ДАБАГЕРЛИК ЭМГЕК ЧЫЙЫРЫ
БАШТАЛГАН ЭНЕНИ ЖАНА БАЛАНЫ
КОРГОО ИНСТИТУТУ ЖӨНҮНДӨ АҢГЕМЕ ..... 79
КАДЫРЫ БИЙИК ЭКИ УСТАТ ..... 83
"КАЙНАТА, КАЙНЕНЕ ЖАГЫНАН ӨТӨ
ЖОЛДУУ БОЛДУМ" ..... 86
БИР ГАНА ӨЗҮ ЖӨНҮНДӨ – ӨЗ ЖЫРГАЛЧЫЛЫГЫ
ЖӨНҮНДӨ ОЙЛОБОГОН ЖӨНӨКӨЙЛҮК..... 88
СӨЗ – БАШКЫ НЕЙРОХИРУРГ,
АКАДЕМИК МИТАЛИП МАМЫТОВДО ..... 92
БАЛА КӨҢҮЛ БОЛСО ДА,
ДААНЫШМАН АДАМ ..... 93

**IV. ДАБАГЕРЛИК СЫР ТӨГҮҮ**
АЙТПАЙ КОЮУГА БОЛБОЙ ТУРГАН
ЗАРЫЛ ОЙЛОР
1. "ВРАЧТЫН ЖҮРӨГҮ БАШКАЧА
БОЛУШУ КЕРЕК" ..... 98
2. "БИР КЕЗДЕ ЖЫЛЫНА 350 ПЕДИАТР
ОКУТУЛСА, АЗЫР 20га ТҮШТҮ..." ..... 99
3. АЛТЫМЫШТАГЫ КАРЫ МЕНЕН БЕШ
ЖАШТАГЫ БАЛА БИР ЖЕРДЕ ЖАТСА... ..... 101
4. "БАЛАНЫН ДЕН СООЛУГУ ОҢОЛМОЮНЧА,
ЧОҢ АДАМДЫН ДЕН СООЛУГУ
ЭЧ УБАКТА ОҢОЛБОЙТ" ..... 103
5. "ЭНЕНИН СҮТҮНӨН ӨТКӨН
МЫКТЫ ТАМАК ЖОК" ..... 104
6. "ЯПОНИЯДА 1000 БАЛАНЫН
БЕШӨӨ ЭЛЕ ӨЛҮМГӨ УЧУРАЙТ" ..... 105
7. ҮЧ ЖЫЛДЫК АРАЛЫК МЕНЕН
ТӨРӨГӨН АЯЛДАРДЫН САНЫ КӨБӨЙДҮ ..... 106
8. "УЛУТТУК ГЕНОФОНД ЖАКШЫ
ТУКУМ МЕНЕН ОҢОЛОТ" ..... 107
9. МИГРАЦИЯ КҮЧӨГӨН ШАРТТАГЫ
БАЛДАРДЫ КАТТОО, ЭМДӨӨ
КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЖӨНҮНДӨ ..... 109
10. ДАРЫ-ДАРМЕКТЕРДИН
САПАТЫ ЖАКШЫБЫ? ..... 110
11. БАЛДАР ООРУЛАРЫН АЙМАК-АЙМАК
БОЮНЧА КАРАГАНДА... ..... 112
**ШАКИРТТИК СӨЗ:** "БИР АДАМДЫН
КӨҢҮЛҮН КАЛТЫРЫП, ОРОЙ
СҮЙЛӨГӨНҮН КӨРБӨДҮМ" ..... 115
ТУРМУШ ТЕМАСЫНДАГЫ АНКЕТА ..... 117

**V. ЗАЛКАР ИНСАН ЗОБОЛОСУ: ЖЫЛДЫЗДУУЛУК
АР КИМДИН ЭЛЕ БЕШЕНЕСИНЕ ЖАЗЫЛБАЙТ**
ЭЧ БИР АСЫЛ ИШ ИЗСИЗ КЕТПЕЙТ ..... 124
"АГАЙЫҢАР ӨЗ ИШИ МЕНЕН БАРДЫК
АДАМДАРДЫ ООРУБАС, БАКТЫЛУУ
КЫЛГЫСЫ КЕЛЕТ..." ..... 127
"ДҮЙШӨ КУДАЯРОВИЧ АТАМ
МУСАГА ОКШОШ" ..... 141
**ҮЧ ЭТЮД**
1. АТА ЖОЛУН ЖОЛДОГОН УУЛ ..... 145
2. БАШКЫ ИЛИМ МЕКЕМЕСИНДЕ ..... 146
3. "МЕН КИМ ЭЛЕМ, КИМ БОЛДУМ?" ..... 147

*Кыргыз медицинасынын жылдыздары*

**ТЕНТИМИШЕВ МУНДУЗБЕК**

**Кыргызстан балдарынын Улукманы – академик Дүйшө Кудаяров**

Көркөм редактору *Мырзабек Кадыров*
Корректору *Рапия Сакелова*
Компьютердик калыпка салган *Мукай Кадыров*

Басууга 14.04.2009. кол коюлду.
Кагаздын форматы 84x108$^1/_{32}$. Көлөмү 9,5 б. т.
Нускасы 300. Заказ № 217.

«Бийиктик« басмасы,
Бишкек шаары, Ю.Абдрахманов көчөсү, 170 А
тел. 66-75-58